АЛМАЗБЕК ТОКТОМАМЕТОВ

АДАБИЙ ОКУУ 4

4-кл
Б. Уулу. Кутман.

А. ТОКТОМАМЕТОВ

АДАБИЙ ОКУУ

4-класс үчүн окуу китеби

Кыргыз Республикасынын
Билим жана илим министрлиги бекиткен

Бишкек
«Полиграфбумресурсы»
2014

УДК 373.167.1
ББК 83.3 Ки я 721
Т 51

3-басылышы 2009-жылы чыккан

Токтомаметов. А.,
Т 51 Адабий окуу: Кыргыз орто мектептеринин 4-кл. үчүн окуу китеби.
Оңдолуп, толукталып 4-басылышы.
Б.: "Полиграфбумресурсы", 2014-232 бет.

ISBN 978 - 9967 - 25 - 647 - 7

Шарттуу белгилер:

? - суроотапшырмалар.
! - кошумча маалыматтар.
улантып жазабыз, чыгарма жаратабыз!
?! - ойлон, изден, тап!
С! - сөздүгүңө жазып ал!
!! - жаттап алалы!

Т 4306020400 - 90

УДК 373.167.1
ББК 83.3 Ки я 721

ISBN 978 - 9967 - 25 - 647 - 7

© Токтомаметов А., 2003
© "Полиграфбумресурсы" 2014

Албетте, сен бул Тууну да, Гербди да абдан жакшы билесиң. Ал сенин жүрөгүңө, жан дүйнөңө жакын. Аларды көргөндө кандайдыр бир сезим денеңди бийлеп алат. Ал бир башкача сыймыктануу сезимин тартуулайт. Айтор, толкундана түшкөнүңдү гана сезесиң.

А эмне үчүн андай экенин билесиңби? Туубуз, Гербибиз кандай маани бере тургандыгы, алардагы сүрөттөр эмнени түшүндүрөрү тууралуу эмнелерди билебиз?

Алгач мына буларды окуп көрөлүчү. Андан кийин бул сурооо дагы кайрылалык.

www.bizdin.kg

КЫРГЫЗ ЖЕРИ

Сөзү *Түмөнбай Байзаковдуку*
Музыкасы *Апаз Жайнаковдуку*

Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,
Аскасы көк асманга тийген кезде.
Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,
Кучактайм ой-кырларын нурга кошо.
Улуусуң - кыргыз жери нурдан бүткөн,
Сулуусуң - кыргыз жери ырдан бүткөн.

Ысык-Көл - жердин көзү, кырлар - кашы,
Адырлар - көкүрөгү, токой - чачы.
Дайралар - кан тамыры, чоку - таажы,
Седеби, топчулары - ар бир ташы.
Кең түздүү, гүл денелүү кыргыз жери,
Күн жүздүү, берекелүү кыргыз жери.

Жылдыздар көк бетинен өчкөн кезде
Жарык нур жер жамалын өпкөн кезде.
Көл чалкып, тоолор койнун ачкан кезде,
Жер жаркып, таң күлкүсүн чачкан кезде.
Көркүнө көрк кошулат кыргыз жери,
Сезилет ата-эненин мээримдери.

? 1. Кандай экен кыргыз жери? Жерибизди сен кандай элестеттиң?

2. «Мен дагы жолго чыгам танды тосо» деп ким айтып жатат.

3. Ырда кандай салыштыруулар колдонулуптур? Аларды тексттен табалы!

4. Кайсы мезгилде кыргыз жеринин көркүнө көрк кошулат? Эмне үчүн андай деп ойлойсуң?

5. «Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде» дегенди кандай түшүндүң?

6. Сенде ушул ырды окуп жатып кандайдыр бир сыймыктануу сезими пайда болдубу?

7. Бул ырды радио, теледен кимдер аткарып жүргөнүн билесиңби?

! Мен бул ырды укkан сайын кайра эле уккум келе берет. Сөзү да, обону да, аны аткаруучунун үнү да бири бирине абдан төп келишкен. Бардыгы жогорку деңгээлде.

Ырдын текстине дагы бир жолу кайрылып көрөлүчү.

Ала-Тоонун ак калпагы бийик тоолордун учтарындагы ак мөңгүлөр эмеспи. Карачы, алардын аскасы көк асманга тийип турбайбы. Түндүн караңгылыгынан көрүнбөй турган кыргыз жери улам таңдын атышы менен көркүнө көрк кошулуп, көз алдыңа кооз сүрөттөй болуп тартылат. Бул аймакты мекендеген ар бир адам кыял чабытында таңды тосо жолго чыгып, кыргыз жеринин сулуулугун, анын ой-кырларын аларга жаңы чачырап келе жаткан күн нурлары менен кошо кучактагандыгын элестетип алдым.

Ырдагы салыштырууларчы!.. Жердин көзү да, кашы, чачы да, көкүрөгү, кан тамыры да, таажысы, седеп, топчулары да кандай элестүү!

Ушундай ыр өзүнө төп келишкен обонго салынып, укмуштай мукам үн менен ырдалганда, кантип кубанбай, толкунданбай коё аласың. Анткени сен экөөбүздүн Мекенибиз, жерибиз даңазаланып, анын сулуулугу, улуулугу ырдалып жатпайбы!..

Мен ырдагы эки сапты кайра карагым, аны оңдогум келип жатат.

Улуусуң - кыргыз жери нурдан бүткөн,
Сулуусуң - кыргыз жери ырдан бүткөн.

«Улуусуң», «сулуусуң» деген сөздөрдүн ордун алмаштырып койсокчу? Себеби нур көзгө көрүнөт эмеспи, нурдан бүтсө сулуу болот да, ыр көзгө көрүнбөйт, ырдан бүтсө улуу болот да. Ошондо мындай болот:

Сулуусуң - кыргыз жери нурдан бүткөн,
Улуусуң - кыргыз жери ырдан буткөн.

Сен буга кандай дейсиң? Деги эле жогоруда айтылгандар боюнча оюң кандай?

www.bizdin.kg

«Мекеним - алтын тирегим».
«Мекенден ыйык нерсе жок».

КАСИЕТТҮҮ МЕКЕНИМ

Дүйнөдө миңге жакын түркүн улут, түркүн эл жашайт экен. Бири мээ кайнаткан ысык чөлдү мекендесе, бири борошо-кары сапырылган ак бурганак аймакта жашайт. Көз кайкыган көк жашаң түздүктөрдү Ата Журтум деп аздектеген калктар да аз эмес. Салкын соккон деңиз, дайра бойлорунда эзелтен тор салып, балык кармап күн көргөндөрү канча?..

Ал эми көйкөлгөн көк ирим көлү бар, белден бураЛган бетеге чөбү бар, ак элечек, шаңкайган аска тоолордун койнунда жашаган элчи? Ал - бизбиз дээрсиң. Албетте, ошол эл биз – Ала-Тоолук кыргызбыз. Атамзамандан бери шамалдай күлүк ат минип, касташкан жоосун сүрүп, кызыл кереге боз үйдө күпүлдөтө «Манас» айтып, касиеттүү эне тилин жыйырма кылым аралатып, биздин күндөргө жеткирген түптүү журттун урпактарыбыз. Бул да өзүнчө улуу эрдик, улуу сыймык!

Элибиз өзүнчө түндүк булатып, учурда эч кимге көз карандысыз, күнкорсуз мамлекет болуп, саясий да, экономикалык да эркиндикке жетишти. 1991-жылдан баштап, ар жылы 31-августта Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздык күнү белгиленип келүүдө.

Республикабызды башкалардан өзгөчөлөнтүп турган мамлекеттик тили, мамлекеттик символикалык белгилери бар. Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили. Ал эми мамлекеттик символикалык белгилери болгон Конституциябыз

1993-жылы 5-майда, гимнибиз 1992-жылы 18-декабрда, Туубуз 1992-жылы 3-мартта, Гербибиз 1994-жылы 14-январда бекитил-ген.

Гимн менен биз 3-класста таанышкан эмеспизби.

Элибиздин да, коомубуздун да өнүгүү багыттары Негизги мыйзам – Конституцияга ылайык ишке ашат. Башка өлкөлөрдүн бардыгы биздин Конституциябызды окуп көрүп, биздин кандай мамлекет экенибизди биле алышат.

Мен эми Туубуздун түсү, андагы түндүктүн сүрөтү, нурлар, Гербибиздеги сүрөттөр эмнени түшүндүрө тургандыгын, Гимн, Туу, Герб Конституциябыздын ыйык экендигин, аларды көргөндө эмне үчүн толкундана турганымды да түшүнгөндөй болуп калдым. А сенчи?

Көрсө, булар Мекенибиздин символикалык белгилери тура.

АЛА-ТОО

Ала-Тоонун арасы,
Жалпы жердин сарасы[1].
Айтып өтөм бир катар
Аңгемесин карачы.
Кайыптар оттоп төлдөгөн,
Албан түрлүү чөбү бар.
Аркар, кулжа, ак кийик,
Аралаш жаткан төрү бар.

[1] *Сарасы* - сонун деген мааниде

www.bizdin.kg

Кадырын билген адамга
Касиеттүү жери бар.
Ортосунда чалкайган,
Чатыр-Көл, Ысык-Көлү бар.
Баарысын айтып өтөйүн,
Касиеттүү Ала-Тоо
Кай жеринде кеми бар!

Жаз мезгили үч айда,
Мал төлдөгөн кезеги.
Бул айлардын ичинде
Киреше кирди дешеди.
Байчечекей, кызгалдак,
Кызыл-тазыл ар кандай.
Жердин бети нурданып,
Башайы, манат жайгандай.

Торгойлор сайрап таңшыган,
Булактар ойноп ташыган.
Булбулдун үнүн укканда
Муңдуулар ыйлап жашыган.

Жай мезгили үч айда,
Малчы көчөт алкымдап.
Чарбасын багып келүүгө
Жайлоого чыгат салкындап.

Төө семирип ком алган,
Ком алганда чоң алган.
Кой семирип жон алган,
Жон алганда мол алган.
Бээ семирип казы алган,
Картаң бээлер жашарган.

Коңур салкын күз болуп,
Эгин бышып, чөп болуп.
Жайлоодогу адамдар
Жакага көчөр козголуп.
Сарамжалын шайлашып,
Орок, чалгы кайрашып,
Чөлгө көчүп келишкен,
Чөп чабууга киришкен.
Бекер карап турбастан,
Эмгектин жөнүн билишкен.

Малчынын кийген кийими
Калың болот кышында.
Кылычын сунган кыш менен
Кыйын эрлер бел байлайт.
Кымбатын билип сууктун
Кыйын жигит мал жайлайт.
Кылычын кыштын мокотуп,
Кыйналбай жигит май чайнайт.
Акылы жок жалкоолор
Алдырып кышта шор кайнайт.

Алабата, шор күйрөк[1],
Төөнүн жери Ала-Тоо.
Бетеге, тулаң аралаш
Бээнин жери Ала-Тоо.
Каракыяк, копосу[2],
Уйдун жери Ала-Тоо.
Жылтырган, шыбак кошулуп,
Койдун жери Ала-Тоо.

---

[1] *Алабата, шор күйрөк* — төө жакшы көргөн чөптөр.
[2] *Каракыяк, копосу* — уй жакшы көргөн чөптөр.

Касиеттүү жери бар,
Карагай, кайың, чери бар.
Кийиги төрдө ойногон,
Түлкүсү токой жойлогон,
Кызыгын көргөн тойбогон,
Көркү башка Ала-Тоо.
Булбулу сайрап чөлүндө,
Күкүгү сайрап көгүндө,
Балыгы сүзүп көлүндө,
Суунун кени Ала-Тоо.

Өрдөк, чүрөк, каз, куулар,
Көлдүн бетин бербеген.
Каракунас, каркыра,
Көккытан менен турна,
Көлдө өкүргөн көл бука,
Кумурскадай жайнаган.
Кекилик, чили кыйгыттап,
Чымчыктары сайраган
Куштун кени Ала-Тоо.

Жигити дуулдап жыргаган,
Сармерденин[1] ырдаган.
Келин-кызы тыңдаган,
Жаштары шайыр Ала-Тоо.
Кары да, жаштын деми бар,
Калтырбай айтар эби бар.
Алтын, күмүш кени бар,
Баары толук Ала-Тоо.

Тоголок Молдо

[1] *Сармерден* — оюн-зоокто кезектешип ырдоо.

www.bizdin.kg

? 1. Кандай экен Ала-Тоо?
2. Сен кандай деп ойлойсуң, эмне үчүн автор Ала-Тоону ушунчалык сүйүү, сыймыктануу менен ырдап жатат?
3. «Баары толук Ала-Тоо» дегенди кандай түшүндүң?
4. Сен экөөбүздүн Ала-Тоо менен сыймыктанууга акыбыз барбы? Эмне үчүн?
5.

«Булбул гүлзарын сүйөт, адам Мекенин сүйөт».

ТАБЫШМАКТАР

Кызыл селде молдо бар,
Таңдан азан чакырат.
Кыя баспай дан көрсө,
Ошол замат катырат.
(К....)

Дүкөндөн бүт дүйнөнү
Бардым дагы сатып алдым
Үйдөгүлөр көрсүн деп,
Сумкеме катып алдым.
(К....)

Жүнүн көрсөң үлпүлдөк,
Күндүз уктайт сүлкүлдөп.
Кечте көзү көрөгөн,
Жемин издеп жөнөгөн.
(У..)

Уккан сөзүн кайталайт,
Өзүнчө эле кайкалайт.
Уят кылып койбосун,
Орой сөздү байкап айт.
(Т... ...)

Атасы куш, энеси чычкан дешет,
Муну өзү да оңтойсуз сезет.
Жашынып күндүз кечке жарда жатып,
Кечинде калдалаңдап жерди кезет.
(Ж.....)

Абзий Кыдыров

www.bizdin.kg

БАЙКУШ ТЫЙЫН ЧЫЧКАНГА ЭМНЕ ЖЕТПЕДИ?

Мергенчи тыйын чычканды кармап алып, торго салып койду. Ал бир жыл бою тордо жатып, аябай эрикти. Токойдогу эркин турмушун сагынды. Эми андай жыргалчылыкты экинчи көрбөйм го деп биротоло үмүтүн үзүп да койду. Бир күнү үйдөгүлөр торду тазалашты, бирок эшигинин илгичин илбей, унутуп коюшту. Тыйын чычкан дивандын үстүнө секирди. Андан кийин терезенин текчесине чыкты. Анан терезенин форточкасына жабышып, сырттагы жакын турган бакка чыга качты. Бактан бакка секирип отуруп, токойго кетип калды. Ал токойдогу достору менен аман-эсен көрүшүп, жыргап-куунап өмүр сүрө баштады.

— Кана, айтчы,-дешти достору,-деги сен кайда барып келдиң, кантип күн көрүп жүрдүң?

— Ээй, достор, мени кармап барган киши мага бир ооз да жаман тил тийгизбей эркелетип, сылапсыйпап гана багып жүрбөдүбү. Башыма атлас жаздык жаздап, үстүмө шайы жууркан жамынып уктачу элем. Жаңгак, печенье жана ушул сыяктуу таттуу, сонун-сонун тамактар анда абдан эле жетиштүү болчу. Аларды да жакшынакай тарелкаларга салып келип бергеничи!..

Ушуларды угуп отурушкан берки тыйын чычкандардын шилекейлери чубуруп, аябай кызыгышты. Мындайды алар түшүндө да көрүшкөн эмес жана жетиштүү турмуш жөнүндө ойлоп да коюшчу эмес.

- Сен укмуштай эле жашаптырсың, жегенички ениң кенен эле болуптур. Бирок эмнегедир өңүң жаман, жүдөңкүсүң. Айтчы, деги сен байкушка эмне жетпеди?-деп сурашты тыйын чычкандар.

- Мага эң зарыл бир неме жетпей, ушинтип өңүмөн азып жүрбөдүмбү. Ал жетпеген...

Дал ушул учурда токойдо катуу шамал болуп, тыйын чычкандардын кебин угузбай, жалбырактар шуудурай баштады.

Сен кандай дейсиң, бул тыйын чычканга эмне жетпеди?

Валентин Росин

? 1. Тыйын чычкан тордон кантип кутулду?
2. Ага токойдо жакшы бекен же үйдөбү? Эмне үчүн?
3. Бул чыгарманын «Даңктана бер, Мекеним!» деген бөлүмгө кандай тиешеси бар деп ойлойсуң?

АСМАН КАЙДАН БАШТАЛАТ?

— Асман кайдан башталат?
Кумурска айтат:
— Тээ бийик
Жашыл шибер, даректан,
Ашып кетсе кичине
Аркан бою нараактан.

Ай-ааламды кыдырган,
Айтат баатыр космонавт:
— Асмандагы жаркыган
Жылдыздардан башталат.

Бүркүт айтат шаңшыган:
— Заңгыр бийик тоолордон.
Адам чыгып жете алгыс,
Айды челген зоолордон.

www.bizdin.kg

Айтат дыйкан бабабыз
Баарыбызды наз карап:
— Асман менин береги
Аңызымдан башталат.

Каныбек Жунушев

С! *Аңыз* - талаа деген мааниде.

? 1. Сен кандай деп ойлойсуң, чын эле асман кайдан башталат?

2. Эмне үчүн асмандын кайдан баштала тургандыгын ар ким ар башкача айтып жатат?

3. Эмнеликтен дыйкан асманды менин аңызымдан, талаамдан башталат деп жатат? Асман менен дыйкандын талаасынын кандай байланышы бар?

! Сен бир нерсени байкадыңбы? Мурдагы чыгармада да, мында да суроо коюлуп, бирок даяр жообу берилген жок. Ага жоопту ар ким өзү каалагандай табуусу керек.

Жооп табыш үчүн ойлонуу зарыл, ал эми ойлонгон сайын адамдын акылына акыл кошулат эмеспи.

КАСИЕТТҮҮ ҮРӨН

I

Илгери-илгери бир бала болуптур. Ал ойноп отуруп: «Чоңойгондо кандай адам болом, эмне кылышым керек?» -деп ойлонот. Ойлонуп-ойлонуп отуруп, жолго чыгат. Жолдо баратып, күмүш канаттуу көгүчкөндөрдү көрөт. Күн чубактап ойногон кийиктерге учурайт.

Бала ашып-шашып бара берет. Ак өңүнө айдын нуру тамган кайыңдарды аралап өтөт.

Бир мезгилде «тарс» эткен үндөн улам кулап түшкөн эликти көрүп калат. Жанына барса, татынакай чаарчык секирип, ойноп туруптур. Жаралуу элик жер тиктеп онтолоп, кыйналып жатыптыр. Чаарчыгы энесинин жаралуу экенин кайдан билсин?! Ачка болсо керек, эмчегин эмем дейт. Көрсө, мурда эликтин эмчеги сүткө толуп, эми эмизейин деп турган экен. Чаарчык беш-алты соруп, сүт ордуна кан келгенин көрүп, боздоп-боздоп ыйлап жиберет. Ошондо бала өзүм ичейин деп жонуна көтөрүп алган сүтүн ага берет. Чаарчык сүттү ичип болуп:

- Менин да дөөлөтүм бар экен. Өлбөй аман калдым. Жолуң болсун, тилегиңе жет! - деп туруп көздөн кайым болот. Бала андан ары жөнөйт.

? 1. Чыгарма сага жактыбы? Эмне үчүн андай деп ойлойсуң?

2. Бала кандай экен? Кийин ал кандай адам болор экен?

3. Чыгармадагы салыштырууларга көңүл бөлдүңбү?

4. Буларды кандай түшүндүң?

а) Күмүш канаттуу көгүчкөндөр.

б) Күн чубактап ойногон кийиктер.

в) Ак өңүнө айдын нуру тамган кайыңдар.

5. Чыгарма мындан нары кандайча уланат деп ойлойсуң?

II

Түн кирет. Асмандан жылдыздын нуру төгүлүп турат. Шамалы ойноок келип, бети-колуңду аймалайт. Таң атат. Жолдон аппак боз үйгө туш келет. Андан бир чаарчык чыгат да:

- Кайда баратасың, эмне издеп жүрөсүң? - дейт.

Бала адамдардын жүрөгүнө жакшылыктын, боорукерликтин үрөнүн сепсем деген оюн айтат.

www.bizdin.kg

Анда чаарчык:

- Ушул тоодон ары жүрө берсең, шуулдаган карагайларды аралап өтөсүң. Кымкап, килем жайгандай талааларды басасың. Чаарчыктардын жүнү шамалга дирилдеп, улам кубулуп турганын көрөсүң. Кайыңдары бул жердегиден да апаапак болот. Андан ары кара тоого урунасың. Анын түбүндө кара үңкүр бар. Үңкүргө коркпой кир. Ичинен болот ээр көрөсүң. Ага минсең, ээр өзүнөн өзү тоого көтөрүлөт. Андан ары өтөсүң. Түбүндө кызыл үңкүрү бар кызыл тоо учурайт. Ал үңкүргө да коркпой кир. Үңкүрдүн ичинде күмүш ээр турат. Ага минсең, ал дагы баягыдай көтөрүлөт. Андан өтүп, көк тоого жетесиң. Этегинде алтын ээр бар. Ага минип чокусуна чыксаң, алтындан курулган үй турат. Үйгө кир да, андагы кишиге оюңду айт, - дейт.

Бала макул болуп жөнөп кетет.

Канча жол жүргөнүн билген жан жок. Бир күнү бала кара тоого келет. Кара тоонун кара үңкүрүнө кирет, болот ээрге минип андан өтөт. Кызыл тоодон да өтөт.

Андан кийин кайсы тоо эле? Ооба, көк тоого келет. Алтын ээрди минип, көк тоонун үстүндөгү алтын үйгө жетет. Үй абдан зор болот. Ага бала кирип барат. Алтын үйдөн асманды караса, ай топтой, жылдыздар мончоктой болуп көрүнөт. Асманды бир караса, жан бардай сезилет, бир караса жан жоктой туюлат. Ошентип, таң калып турса, үйдүн тээ тереңинен шуулдаган добуш чыгат. Же адам экени, же туман экени билинбеген элес көрүнөт.

? Эми эмне болот деп ойлойсуң?

III

Ал элес:

- Ай, жаш бала, сөзүмдү жакшылап ук. Сенин эмне самап келгениңди билем. Адамдардын жүрөгүнө жакшылыктын, боорукерликтин касиеттүү үрөнүн себейин деп жүрүпсүң. Анын үрөнү мына, оозуңду ач! - деп, оозун ачтырат да, таттуу бир нерсени салат. - Билип жүр, бала, жер жүзүн кыдырып, элге жалаң гана жакшылыкты, боорукерликти үйрөтөсүң. Келечекте жолдошторуң көп болот. Аларга адамдык асыл сапатты үйрөтөсүң. Анан алардан өнөр, жакшы акылды башкалар кабыл алышат. Менин айтканымды унутпа. Эми элиңе бар. Калкка жакшылыктын, боорукерликтин касиеттүү үрөнүн сеп. Тилегиң аткарылсын. Жүз элүү жашка чык! - деп баягы элес көздөн кайым болот.

Ошондон бери кичине бөбөктөр уктап жатканда бала алардын түшүнө кирип, жүрөгүнө жакшылыктын, боорукерликтин үрөнүн сээп кетет. Алар ыйлаак болбой, тил алчаак, ата-энесине боорукер, элине кайрымдуу болуп өсөт экен.

Ошондон кийин акыл-эстүү, элпек, эмгекчил баланы эл көп эңсейт экен.

Жээнбай Мукамбаев

? 1. Чыгарма эмне үчүн «Касиеттүү үрөн» деп аталыптыр?

2. Бала касиеттүү үрөнгө кантип ээ болду?

3. Жакшылап окуп көрөлүчү! Балага жүз элүү жашка чык! - деп бата берип жатпайбы. Жүз элүү жылдан кийин эмне болот? Касиеттүү үрөн андан кийин себилбей калабы?

4. Сенин жүрөгүңө касиеттүү үрөн себилген деп ишенесиңби? Эмне үчүн?

www.bizdin.kg

ТОО БУЛАК

Шыр, шыр, шырылдак,
Шырылдама ыр ырдап,
Кыйын ырчы тоо булак.

Чаңкаганга чоң ынак,
Эңкейиште тызылдак,
Оюн салма тоо булак.

Шар, шар, шарылдак,
Шарылдама ыр ырдап,
Эң обончу тоо булак.

Тоо булак, тоо булак,
Тоо булакка жууналык,
Чымыр булчуң бышыксын.

Көбүктөрү кыжылдап,
Көп сүйлөмө быжылдак,
Укмуш чечен тоо булак.

Тоо уланы экен деп,
Тоонун кызы экен деп,
Көргөн киши кызыксын.

Түгөлбай Сыдыкбеков

? 1. Кандай экен тоо булак?
2. Эмне үчүн «Эңкейиште тызылдак»?
3. «Көп сүйлөмө быжылдагы» эмнеси?
4. Ырдын бул бөлүмгө кандай тиешеси бар деп ойлойсуң?

! Чыгарманын авторуна көңүл бурдуңбу. Анын кептөгөн чыгармалары менен сен экөөбүз мурда эле тааныш элек. Алар кандай гана кызыктуу чыгармалар!

Сен кандай деп ойлойсуң, эмне үчүн Түгөлбай Сыдыкбековдун чыгармалары кызыктуу да, жүрөгүбүзгө да жакын?

Заманыбыздын залкар жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбековдун «Тоо арасында», «Тоо балдары», «Биздин замандын кишилери», «Көк асаба» сыяктуу романдары колдон колго өтүп, сүйүп окулган чыгармалардан. Сен да жогорку класстарга барганда аларды окуп чыгарыңа ишенип турам. Анткени аларды окуган сайын акылыңа акыл кошулуп, жан дүйнөң тазарып, сезимиң артып, көр-

көмдүктү, сулуулукту көрө билип, элибиздин тарыхы, адамдардын кыял-жоругу, мамилелери жөнүндө түшү-нүгүң артат.

Түгөлбай атабыздын балдарга арналган «Тоо булак» аттуу ыр китеби «Улуу биримдик» деген аңгемелер, уламыштар жыйнагы «Мектеп» бас-масынан жарык көргөн. Дагы кызыктуу чыгармалары менен таанышкың келсе, аларды таап оку!

Түгөлбай Сыдыкбеков (1912-1997)

Айтмакчы, Түгөлбай атабыз мамлекетибиз эгемендүүлүк алгандан кийинки эң жогорку сыйлык - «Кыргыз Республикасынын Баатыры» деген ардактуу наамга алгачкылардан болуп 1997-жылдын 4-мартында татыктуу болду. Аны менен кошо чылк алтындан куюлган «Ак шумкар» белгиси кошо тапшырылды.

! Жогорудагы суроого жооп табуу үчүн чыгармаларынан дагы окуп көрөлү.

УЮККА ТИЙБЕ!

Карагайдын жоон тамырларынын чытырманында сары аарынын уюгу бар болчу. Ал уюкту мен балдар менен отун алып, кожогат терип жүрүп көргөмүн. Уюктун бети аары бал жыйнаган момго окшоп, анда аарылар тынбай учуп-конгонуна кызыккамын. Ии, ичи кең го, балы көп го деп ойлодум. Бирок балы-

нан да анын түпкүрүндө өтүп жаткан турмушун билгим келди.

Шибердин арасынан кулачтай чегедек таякча таап алып, уюкка жакын барып, бир азга карап турдум. Жыбырап тешиктерге бири кирип, бири чыгып жатышты.

Ошол замат чегедек таяк менен уюкту «күрт» сайдым да, кылчайбастан качып жөнөдүм. Кырк-элүү метрдей узап барып, ай эми мага тийбес деп делдее караганымда, бузулган уюктун үстүндөгү бызылдаган аарылар өзүнчө эле бүлүк түштү.

«Кантишээр экен. Бузулган уюгун таштайбы же аны баарылап оңдоп алышабы?» - деп алыстан карап турганымда «ызз» эткен дабышка удаа чекеме октой тийген аарынын чагышы башымды зыңгыратып жиберди. Ошол замат эле ушунча катуу ооруду дейсиң, аары чакпай эле көк союл башыма «тарс» согулгандай кеңгирей түштүм.

Бат эле чекем кыпкызыл болуп шишип чыкты. Эрксизден көз жашым тамды. Үйгө араң жеттим.

Энем мени аяр дегенимче, ал кайра мени жемеледи:

- Ии, чала сага. Ушуну көрмөксүң. Уюкка тийбей жүр дебедим беле. Энесинин тилин албаган бала сенчилеп аарыга чактырат!

Түгөлбай Сыдыкбеков

? 1. Эмнеге энеси баласын аягандын ордуна кайра аны жемеледи ?
2. Энеси туура кылдыбы же туура эмеспи? Эмне үчүн?
3. Энеси баласынын уюкка тийгендигин кантип билди?

www.bizdin.kg

ЭНЕЛИК СЕЗИМ

Жакында бир сонун окуяга күбө болдум. Коңшунун канчыгы күчүктөдү. Ээси кейип жаткандыгын көрүп, жанына бардым.

-Жакшы канчык. Бирок беш күчүгү тең ургаачы экен. Бири эркек болсочу. Дөбөттүү болот элем.

-Өкүнбөңүз. Эмдиги жолу эркек күчүк тууйт! - дедим билгендей.

-Канчык багып алганды адамдар аз каалашат. Бул күчүктөрүн кайда алып барам эми?

-Канчык короочу келет. Алышат, - деп көңүлүн улап койдум.

-Сууга чөктүрөмүн. Убарасы көп, - деп коңшум кобурады.

Аз күн өтпөй байкуш канчыктын шордуу болуп жүргөнүн көрдүм. Кабыргасы саналып, майышып басат. Куйругу көтөрүлбөйт. «Мейли, эми өзүмдү башка чапса дагы баары бир» дегендей түрү бар. Деле ит каадасы жок. Абдан эле кайдыгер. Атын атап чакырдым. Мен жакка башын араң бурду. Көздөрү кейиштүү. Кебетеси аянычтуу. Демейдеги типтик кулагы шалпыйып, эндирейт.

- Ит жаны менен күчүктөрүнө ушунча кайгырды ээ?! - деп жаным ачыды.

Эртесинде эле өзүнөн өзү бакылдап, алда немеге кубанган, таң калган коңшунун үнү чыгып жатты. Мен ишимди токтотуп, коңшумдан сурадым:

- Сиз эмнеге кубанып, эмнеге таң калып жатасыз?

Коңшум бакылдап:

- Келип көрүңүз. Кызык иш бар. Сиз да таң каласыз! - деди.

Басып бардым.

- Коёндун бөжөктөрү жок. Издесем, алар мына! - деп коңшум иттин уясын көрсөттү.

Карасам жаш бөжөктөрдү бооруна имерип канчык жатат. Кечээкидей шордуу эмес. Көздөрү жандуу жалжылдайт. «Мына көргүлө. Мен балалуу болдум!» дейби. Же «Бул балдарыма тийбегиле!» дегениби. Бизге тымызын караса, саргылт көздөрү жалынычтуудай. Дене бою жазылып, көшүлүңкү.

Бөжөйгөн бөжөктөр боорунда тынч...

Түгөлбай Сыдыкбеков

? 1. Чыгарма сага жактыбы? Эмнеге андай деп ойлойсуң?

2. Канчыктын кебетеси аңгемеде кандай сүрөттөлүптүр? Аларды салыштырып көрөлү.

3. Чыгарманы бөлүктөргө ажыраталы!

! Мен аны үч бөлүктөн көрүп турам. Биринчисин эмне деп атасак? «Канчыктын күчүктөшү» же «Канчык күчүк тууду» десекчи?

Экинчи бөлүктү «Байкуш канчык» деп атайлы, ээ? Буга кайсы сүйлөмдөрдү киргизсек болот?

Үчүнчүнү «Укмуштуу окуя» же «Энелик сезим» деп атасакчы?

Ошондо «Канчык күчүк тууду», «Байкуш канчык», «Укмуштуу окуя» деген бөлүктөрдөн туруп калды да, ээ? Буга сен кандай дейсиң?

?! Эмне үчүн Түгөлбай Сыдыкбековдун чыгармалары кызыктуу да, бизге жакын да экендигин таптыңбы? Ойлонуп көр!

! Мен минтип ойлоп жатам. Түгөлбай атабыздын чыгармаларында Мекенге болгон сүйүү күчтүү. Анын жаратылышы да, жаныбарлары да ыйык!

А өз Мекенин сүйбөгөн бир да адам болбойт эмеспи!

www.bizdin.kg

СҮРӨТЧҮ БУЛУТТАР

Асмандагы ак булут -
Көк деңизде кемедей.
Берки булут кадимки -
Элечек кийген энедей.

Жал-куйругун сапырган,
Тиги булут - атка окшош.
Кызыл булут жалбырттап,
Коломтодо отко окшош.

Түтүнү сымал айылдын -
Кара булут дөөгө окшош.
Ээрчишип жүргөн булуттар -
Эчки, тайлак төөгө окшош.

Караймын көктө булуттар,
Чыга албай анын четине...
Сүрөт тартып койгондой,
Көк дептердин бетине.

Амангелди Мисиров

? 1. Ырдын өзгөчөлүгү, жакшы жагы эмнеде деп ойлойсуң?

2. Анда салыштыруулар кандай берилиптир?

3. Эмне үчүн көк дептердин бетине деп жатат? Эмне үчүн аппак барак бетине делбейт?

4. Кызыл да булут болобу? Бул кайсы мезгилдеги булут? Ушундай булутту көргөнсүңбү?

www.bizdin.kg

АЙ МЕНЕН БЫЧМАЧЫ

Ушул биздин жомокто
Бир бычмачы бар экен.
Тиктирсем деп бир көйнөк
Хан кызы да зар экен.

Анын тиккен көйнөгү
Келишимдүү болчу экен.
Ар түс берип кубулуп,
Көңүлгө куп толчу экен.

Тиктирем деп бир көйнөк
Асмандагы Ай дагы.
Көп суктанып көйнөккө
Кетип жүрдү айласы.

Түшүп келди бир күнү
Бычмачыга жалдырап:
- Тигиңиз мага бир көйнөк,
Бул көйнөгүм жалтырак.

Макул болуп бычмачы
Айдын боюн ченеди.
- Даяр болот көйнөгүң,
Бир жумада кел, - деди.

Айткан күнү Ай келсе,
Тигилген соң көйнөгү.
Кичине келип батпады,
Туура келбей өлчөөсү.

Жаңы көйнөк кием деп,
Апта сайын Ай келет.

Батпай көйнөк таптакыр,
Улам тиксе тар келет.

Чоң көйнөк тиксе бир күнү,
Ай илмийип калыптыр.
Айга көйнөк быча албай,
Бычмачы болсо карыптыр.

Амангелди Мисиров

? 1. Бычмачы тиккен көйнөктөр, ар дайым кандай болчу экен?
2. Айга арналган көйнөктөр, эмне үчүн ага батпады?
3. Чыгарманын кызыгы эмнеде деп ойлойсуң?

ТАБЫШМАК

Кубарбайт да, куурабайт,
Жайы дагы, кышы да.
Дайым кетпей сакталат,
Буркураган жыты да,
Бул эмине болучу?

(А...)

ИЙНЕЛИК

Мени айланып кымындай вертолет учуп жүрөт. Ал өтө кызык болучу: үнү да, добушу да жок эле. Анткени анда парасы да, мотору да болгон эмес. Көп узабай ал узун камыштын сабагына барып конду. Баа, көрсө ийнелик турбайбы!

Ого, башынын чоңдугун кара, көзүнүн тостойгонун көрчү! Анын узун тунук канаттары, тартайган алты буту, ичке узун денеси ар дайым дирилдеп турат.

www.bizdin.kg

Кармасамбы, койсомбу?

Аңгыча ийнелик секирип учкан бойдон чөп башылап кетти. Болуптур, кетсең кете бер, менин ишим эмне? Бирок сак бол! Тентек көрүнөсүң, сууга түшүп кетпе!..

Ладислав Кухта

? 1. Кымындай вертолеттун көрүнүшү кандай эле?
2. Кармаганы жакшы беле же жөн койгонубу?

ТАБЫШМАКТАР

Желими жок, мыгы жок,
Чебер уста жасаган.
Ал кандай жай, төрт мезгил
Ата-бабаң жашаган?
(Б. . . .)

Жыланга окшош - сойлобойт,
Колдо тынбай ойдолойт.
Андан катуу сестенип,
Атың катуу жорголойт.
(К . . . .)

Байтемир Асаналиев

СҮТТӨН ЭМНЕ ЖАСАЛАТ?

«Үйдун сүтү - тилинде»
Деген сөз бар элимде.
Сүттөн элим ар түркүн
Азык алат бу күндө.

СҮТтү бир деп оболу,
МАЙды эки деп коёлу.
СҮЗМӨ, КАЙМАК, КАМКАЙМАК
Кошулса беш болобу?

Кыргыз уулу дегидей,
Малды сүйгүн жерибей.
ЖУУРАТ ичип ныксырап,
Жедиң беле ЭЖИГЕЙ?

Тойсоң келгин тобоңо,
Кыңыр ишке жолобо.
ЧӨБӨГӨГӨ чоң тоюп,
Жедиң беле ОЛОБО?

Сүттүү кылган биз жакты,
Эстей жүргүн кыштакты.
Кайдан, кантип алынат,
Билесиңби БЫШТАКТЫ?

Тойгузуп чөп гүлүнө,
Уй кармасаң үйүңө.
Агартасың өпкөңдү
АЙРАН ичип күнүгө.

АК - дары,-деп байкасаң,
Айткан элиң капкачан.
Көнөчөккө ачытып,
КӨӨРЧӨК ич чаңкасаң.

Түгөнбөгөн гүл азык,
КУРУТ алсаң кургатып.
Эсиң болсо малды сүй,
Мал нап берет жыргатып.

Эсенгул Ибраев

www.bizdin.kg

? 1. «Уйдун сүтү - тилинде» дегенди кандай түшүндүң?
2. Сүттөн кандай азыктар алынат экен?
3. Сүт азыктарынан башка дагы кандай жаңы сөздөрдү кездештирдиң?
4. «Мал нап берет жыргатып» дегенди кандай түшүндүң?

С! *Нап* - береке деген мааниде.

ЧОҢ АТА ЖАНА НЕБЕРЕ

Чоң ата абдан картайды. Көзү көрбөй, кулагы укпай, оозундагы тишинен бири жок, ордунан жыла албай калды. Ичкен тамагын да жакшылап иче албай, оозунан чууртуп иччү болду. Уулу менен келини аны өздөрү менен бирге столго отургузбай, мештин ары жагынан тамак бере башташты. Бир жолу ага тарелкага тамак куюп беришти. Чоң ата аны бери жылдырам деп, колунан түшүрүп жиберип, сындырып койду. Келини абышканы:

- Бүтүндү бүлдүрө турган болду, тарелканы да сындырды, - деп урушуп, - мындан кийин жыгач аякка куюп берем, - деди.

Абышка эч нерсе деген жок. Үшкүрүнүп тим болду.

Бир күнү уулу менен келини үйдө олтурушуп, кичинекей баласынын жерде тактай менен убаралануп, бирдеме жасап жатканын көрүштү. Атасы андан:

- Миша, сен эмне кылып жатасың? - деп сурады.

- Мунубу, атаке, аяк жасаганы жатам. Силер, апакем экөөңөр картайганда, ушул аякка тамак куюп берем, - деди.

Мужик аялы экөө бири-бирин карашып, көздөрүнөн жаш чыгып кетти. Атасынын көңүлүн орут-кандыктары үчүн аябай уялышып, ушундан

кийин аны өздөрү менен столго чогуу отургузушуп, жакшылап бага башташты.

Лев Толстой

? Чоң атанын акыбалы кандай эле? Эмне үчүн ал ошондой абалга жетти?
1. Эмнеликтен кийин аны өздөрү менен чогуу отургузушуп, жакшылап бага башташты?
2. Эмне үчүн чал же абышка деп айтылбастан, чоң ата деп айтылып жатат?
3. Миша кандай бала экен? Сен анын ордунда болсоң, кандай кылат элең?
4. Бул сүрөттөр чыгарманын кайсы бөлүгүнө туура келет деп ойлойсуң?

ЖАШТЫН ТИЛЕГИ

Көчө бойлоп,
Кээде ойноп,
Кыт-кыт күлүп,
Катар жүрүп
Келе жатты үч бала.
Сыры терең,
Сөзүнө мен
Кулак салдым суктана.
Биринчи бала:
- Жетип бойго,
Чоңойгондо,
Ойногонду коёмун.
Чөлгө барып,
Канал салып,
Суу чыгарып,
Суу инженер боломун!

Экинчи бала:
- Көрөрсүң сен,
Чоңойсом мен,
Чоң шаарларга барамын.
Окуй берип,
Бүтүп келип,
Көркөм менен,
Көз жетпеген
Сонун үйлөр саламын!
Үчүнчү бала:
- Мен да толом,
Учкуч болом,
Мен ошону сүйөмүн.
Көктө бийик,
Асман чийип,
Түн жарымында,
Ай алдында
Сызып учуп жүрөмүн.

Абдрасул Токтомушев

? 1. Үч баланын тилектери кандай экен?
2. Кимисинин тилеги абдан баалуу деп ойлойсуң?
3. Сен кандай тилек кылат элең?
4. Ырдын бул бөлүмгө кандай тиешеси бар?

Өзүңдүн тилегиңди жазып көрчү, баштадык анда.

Бөлүм боюнча суроолор

1. Бул бөлүмгө тиешелүү кандай өзгөчөлүктү байкай алдың?
2. Бул бөлүмдөн эмнени үйрөнө алдым деп ойлойсуң?
3. Мекен дегенди кандай түшүндүң?
4. Бул бөлүмдөгү кайсы чыгармалар сени абдан толкундантты? Эмне үчүн?

www.bizdin.kg

ЖЕРИБИЗДИН, ЭЛИБИЗДИН, ТИЛИБИЗДИН БАЙЛЫГЫ

АТА ЖУРТ

Ар бирибиздин бүткүл адамзат билгидей, кызыккыдай, суктангыдай айылыбыз, татыктуу, кооз Ата Журтубуз бар. Менимче, ар кимибиздеги Ата Журтту таануубуз, сүйүүбүз адегенде айылдан башталган. Белгилүү го, муну ар ким билет: ар бир адамдын айылы, Ата Журту эч бир элдикинен кем эмес. Айылды, анын адамдарын таанып, сүйө албаган адамдын Ата Журтту, улуу Мекенди баалап, сүйө аларына шегим бар.

Ата Журтубуз - дүйнөгө эң назик сөз менен даңазалоого татыктуу.

Келгиле, сүйүүбүздү жашырбайлы. Бири-бирибизге айтышалы!

Ар бирибиздин сүйүүбүздөн Ата Журт, айылыбыз кооз болот, көркүнө келет, түрлөнөт, ажарланат, байый түшөт, күчүнө толот.

...Окуучум, көп эл болобу, аз эл болобу, ар кимдин бөлөккө сабак болор жугумдуу насаат сөзү, салты, сулуулугу, эмгеги, эрдиги, тарыхы болот эмеспи. Элдин казына байлыгын бир эле кени менен суусу, малы менен даны гана түзбөстөн, ошол элдин байыртан бери келаткан ички жан дүйнөсү - анын улуу байлыгынын уюткусу эмеспи. Ата Журттун сулуулугу бир гана табиятында болбостон, ошол элдин ак дилинде: ыр-обонунда, комуз күүсүндө болот.

Окуучум, карачы, элдин колунан не деген боёктор, оюу-чийүүлөр жаралбайт. Мындагы элдин оозунан не деген назик обондор, ырлар аткарылбайт. Кыргыз күүсүнө кулак салсаң, Ата Журт жөнүндө аз да болсо таалим аласың...

Көк мелжиген улуу тоолору кебез булут оронгонун, асманында бүркүт шаңшыганын, кокту-колоттогу миң түркүн кушу, кайберени оттогонун, мөлтүр булагы капчыгай аралап шаңга баткан сулуу жерлерди көрдүң беле, окуучум. Гүлгө оронгон тоо бети сансыз малга толуп, жашыл өрөөнүндө түнкүсүн жылдыздан көп оттор жанган кыштак, шаарларын көрдүңбү? Ойдуң-түзүндө жер-жемиши, талааларында эгини, пахтасы, кызылчасы токчулуктан кабар берген бейпил Ата Журтум! Улуу тоолорду, өрөөндү ого бетер көркүнө чыгарып жашарткан жаңы замандагы Кыргыз эли!

Кеңеш Жусупов

www.bizdin.kg

? 1. Ата Журт дегенди кандай түшүндүң? Текстте кайсы айыл жөнүндө жазылган деп ойлойсуң?

2. Элибиздин байлыгын эмнелер түзөт? Ал боюнча сенин оюң кандай?

3. Эл менен Ата Журттун кандай байланышы бар?

ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮ

Кылымдардын кыйырында,
Он миң, жүз миң жыл мурда,
Санжыргалуу жер үстүн
Айлантышып тургунга:
Келемиштер, кериктер,
Арстан, бөрү, эликтер,
Жолборс, илбирс, куландар,
Кескелдирик, жыландар,
Эчки маарак, чулдуктар,
Бактек, айры куйруктар,
Бөрсө, багыш, бөкөндөр,
Тунжур, кирпи чечендер,
Төө куш, илегилектер,
Көл букалар, чүрөктөр,
Алабуга, жаяндар,
Музоо баштар, чаяндар,
Кашкалдак, көккытандар,
Борбаш, балта жутарлар,
Үпүп, торгой, туйгундар,
Безбелдектер, булгундар,
Кашкулактар, калтарлар.
Ызгыч, турна, тартарлар,
Жарганат, төө, коңуздар.
Эчки эмерлер, доңуздар,
Каракунас, аңыздар,

www.bizdin.kg

Суусар, суур, мадылдар,
Ташбакалар, пилдер,
Бирказандар, чилдер...
Санай берсек кайталап,
Санат жеткис айбанат.
Тукум улап нечендеп,
Тоо-талааны мекендеп,
Токой-черди аралап,
Парандалар сабалап,
Күндө батып жыргалга,
Чумкуп ойноп сууларда,
Өмүр сурүп келаткан
Аалам менен эбактан -
Ким кубанып сүйбөсүн
Жаныбарлар дүйнөсүн!

Токтосун Самудинов

? 1. Жер үстүн мекендеп калган канчалаган жаныбарлар менен тааныштык эе! Аларды сен мурда билчү белең?
2. Биздин жерде булардын баары барбы?
3. Кайсы жаныбарлар жөнүндө билбейсиң? Алар жөнүндө энциклопедиядан карап, улуулардан сурасаң болот.
4. Дагы кайсы жаныбарлар жөнүндө айтылбай калды деп ойлойсуң?

БИЛЕ ЖҮР

ЖОНУНАН ТИЙБЕС МЫШЫКТАР

Көп кабаттуу үйлөрдүн балкондорунан жерге кулап түшкөн мышыктардын кыйласы аман-соо басып кетерин уктуңар беле? Башка жандыктардан мышыктын айырмасы эмнеде? Муну окумуштуулар

изилдешкен. Көрсө, бул жандыкта тез оодарылып, тең салмакты сактоо өтө өнүккөн экен. Чалкасынан келатып эле көз ачып-жумгуча бурула түшүп, төрт аягы менен туруп калат. Адам да, өңгө жаныбардын бири да мындай касиетке ээ эмес.

ЖЫЛАН НЕГЕ ТИЛИН СОЙМОҢДОТОТ?

Жыландардын эки жарым миңдей түрү бар. Алардын төрт жүздөйү гана адамга залал келтирет. Жылан адамга өзү биринчи катылбайт. Чочуп кеткенде же коргонуу үчүн гана чагышы мүмкүн. Экинчиден, ал адамды сая куубайт. Ылдамдыгы да саатына сегиз чакырымча. Демек, чуркаган адамга эзели жете албайт.

Ача тили соймоңдогон жылан – азык-тоютун издеп жатканы. Айталы, чычкандын терисине уу тишин матырары менен чычкан безип качат. Ал баары бир эки-үч мүнөттөн соң өлөт. Бирок анын кайда барып жыгылганын кайдан билет? Мына эми ага баарын сезгич тили жардамга келет.

БАКАНЫН ТЕРИСИ

Баканын териси этине көп жабышпай, плащ сыяктуу жайдак. Экинчиден, нымды, сууну сиңирип алат. Ошондуктан дайыма былжырак келет. Ушундан улам микроб ага жолобойт экен. Кээ бир элдер сүт ирибес үчүн ичине баканы коё беришет. Көрсө, былжырак касиети кычкылданткыч бактериялардан сактайт тура.

Суубака менен курбаканын айырмасы - терилеринде. Андан тышкары курбака чардабайт. Бирок өзүнчө бир үн чыгарат.

Суубакалар жылына төрт мертебе түлөйт. Баарынан кызыгы - түлөгөн терилерин өздөрү жеп коюшат экен.

«Байчечекей» журналынан

АЙДЫН БАЛДАРЫ

Сан жетпеген жылдыздар -
Айдын тууган балдары.
Ээрчий карап апасын,
Жымыңдашат жайдары.

Таалайбек Максутов

? Чын элеби?!

МЕНИН АПАМ

Менин апам апакай,
Көзү чыны карагат.
Чачы кундуз карарат,
Тиштери да акактай.

Апам менин акылман:
Кышта кызым жесин деп,
Кызыл экен десин деп,
Алма берет катылган.

Апам ардак тактада:
Сайма сайып көгүштөн,
Сүрөт тартып көгүчкөн,
Көйнөк тигет ак жака.

Азыр ойноо баламын,
Чоңойгондо апкелем.
Алма, момпо, как менен
Апакемди багамын!

Совет Урманбетов

www.bizdin.kg

? 1. Ырда апабыздын келишимдүү чырайы кандай сүрөттөлүптүр?
2. Чоңойгондо апакеңди кантип багамын деп ойлоп жатасың?
3. Ырдын бул бөлүмгө кандай тиешеси бар?

! Сен байкадың бекен, бул ырдын уйкаштыгы биз буга чейин билген уйкаштыктардан башкача экен го. Биринчи сап менен төртүнчү сап, экинчи сап менен үчүнчү сап уйкашып жатат. Кызык экен ээ? Бир эле куплетке көп мазмун баткандай туюлуп жатат.

КЕМПИРДИН ЖЕТИ БАЛАСЫ

(Жомок)

I

Өткөн заманда кемпирдин жети уулу болгон экен. Жети баласынын өзүнчө өнөрү бар. Күндөрдүн биринде энеси кимисинин өнөрү күчтүү экенин сурап калды.

Эң улуу баласы:

- Мен алпкаракуш асманда торгойдой болуп көзгө араң көрүнсө да атып түшүрөм, - деди.

- Мен жети жыл мурда кеткен кумурсканын изин билем, - деди экинчиси.

- Мен эки дүйнөдө эмне болуп жаткандыгын көз алдыма келтирип көрө алам, - деди үчүнчү баласы.

Төртүнчүсү:

- Мен дарыя менен деңиздерден көз ачып-жумгуча кеме жасап өтөм, - деди.

- Мен ачка болгон жерде каалаган тамакты табам, - деп бешинчи баласы айтты.

Алтынчысы:

- Мен дарыя менен деңиздерден чуркасам, таманымдан чаң чыгат, - деди.

Эң акыркы жетинчиси:

- Мен кокусунан жоо келип калса «Кара жер, жарыл!» десем жарылат. Ошентип, элди аман алып калам, - деп сөздү бүтүрдү.

Энеси балдарынын өнөрүнө аябай кубанды. Бирок кимисинин өнөрү артык экенин чече алган жок. Балдары да ар бири өз өнөрүн мактап, талаш-тартыш көпкө созулду. Акыры энесинин айтуусу боюнча Болбос хандын шаарына барып, ошол жерде чындап сынамакчы болушту.

Жети бала Болбос хандын шаарына кирип, анын ичи ызы-чуу болуп жаткандыгын көрүштү. Балдар таң калышып:

- Бул эмне, шаарга душман кирдиби, азыр сурайлычы, - дешти. Аңгыча бир абышка жолукту. Алар абышкага салам айтышып, ызы-чуунун жайын сурашты. Абышка алик алгандан кийин:

- Ботом, түндө эл жатаарда Болбос хандын жалгыз кызы жок.

Болбос хан:

- Кызымды таап бергиле. Эгер таппасаңар, баарыңардын башыңарды алам! - деп коркутуп, эл түп көтөрүлө дүрбөп жүргөнү ошол. Эми силер да издешкиле, - деди.

Жети бала хандын кызын кантип издөө жолун ойлоп:

- Ой, биз олуя болбосок, ал кызды кайдан тапмак элек? - деди бири.

- Сен эмне, макоосуңбу? Энем өнөрүбүздү сураганда «Жети жыл мурун кеткен кумурсканын изин билем» дебедиң беле. Кана эми, ал кыз кайда кеткенин билчи! - деди эң улуусу.

www.bizdin.kg

Берки өйдө-ылдый карап туруп:

- Асман менен кетиптир, жерде изи жок, - деди. Анда дагы бирөө:

- Энем сураганда «Эки дүйнөнү алаканыман көрөм» деп айткансың. Кана, көрбөйсүңбү, - деди.

Анын айткандарын уккандан кийин, жети бала чогуу бойдон жөнөп калышты. Жолдо чоң дарыяга кез болушту. Курсактары аябай ачты. Тамак тапкыч бала өзүнчө күбүрөп-шыбырап, тамак-ашты жайнатып койду. Кеме жасагыч бала көз ачып-жумгуча кемени жасай салды. Тамакка тойгондон кийин баары кемеге түшүп, Тойбос хандын шаарына жөнөштү.

II

Тойбос хан Болбос хандын кызын түшүндө көрүп, аны алпкаракушка алдырткан экен. Жети бала шаарга жеткенде, колго түшкөн сулуу кырк кыз менен кошо сууга келе жатыптыр. Ушул учурда баягы суунун үстүнөн чуркаган бала кемеден секирип түшүп, безеленип чуркады эле, чаң асманга сапырылып калды. Көз ачып-жумгуча кыздарга жетип, Болбос хандын кызын көтөрө качып, кемеге алып келип салды. Кеме кайрадан сызды.

Кызды алып кеткендигин угуп, Тойбос хан алпкаракушту балдардын артынан жиберди. Алпкаракуш асманга учуп чыгып, анан торгойдой гана болуп көрүнгөндө, мергенчи бала көзүн жумуп, шыкаалап туруп атып жиберди. Алпкаракуш Тойбос хандын эшигинин так алдына барып түштү. Кемедеги балдар кургакка чыгып, андан ары дагы жөнөштү.

www.bizdin.kg

III

Тойбос хан алпкаракуштун өлгөнүн көрүп, балдардын артынан көп киши жиберди. Алар жакындап калган кезде, баягы эң кичүү бала:

- Жарылгырдын жери, жарыл! - деп кыйкырды. Жер жарыла калып, балдар түбүнө түшүп кетти. Тойбос хандын аскерлери кайра кайтышты. Аскер башчысы эки колун бооруна алып, Тойбос ханга даттана сүйлөп:

- Таксыр ханым, бул кызды алып кеткен адам эмес эле, анык Азреил экен. Андай болбосо дарыянын үстүнөн чуркаганда кантип чаң чыгат? Асманда торгойдой болгон алпкаракушту кантип ыргыта атат? Жерди жарып кетүүгө кимдин күчү жетет? - деди.

Тойбос хан аскер башчысынын сөзүн угуп коркту да, мындан ары бирөөнүн кызына көз артпаска ант берди.

Жер астына кирип кеткен жети бала Болбос хандын так коломтосунан чыгалы деп чечишти. Жер солкулдап, жарака кете баштаганда шаардагылар аябай коркуп, бүт бойдон тоого чыгып кетишти.

Жети бала жердин үстүнө чыгып, шаардан бир да кишини таппай калышты. Кызды атасынын үйүнө отургузуп, койду союп, этин казанга салып, от жагышты, Өз үйүнөн чыккан түтүндү көрүп, хан:

- Ким барып келет? - деп элинен сурады. Эч ким чыккан жок. Акыры бир жетим баланы зордук менен жөнөттү.

Жетим бала:

- Өлсө кунсуз, сатса пулсуз менмин, барбасам башымды алат, - деп ичинен сыздап жүрүп отуруп,

шаарга келди. Хандын үйүн акырын шыкаалап көрсө, жети бала казандагы этти кайнатып жатышат. Бала ханга кайта сүйүнчүлөп келди. Болбос хан эли-журту менен келип, кызына учурашты. Кыз жети баланын кантип куткарганын атасына айтып берди. Хан жети баланын өнөрүн билгенден кийин, мага кызмат кылгыла деп өтүндү. Балдар хандан:

- Кимибиздин өнөрүбүз артык? Ушуну чечип бериңиз. Ошентсеңиз кызматыңызды кылабыз, болбосо кылбайбыз, - деп суранышты.

Ошол күндөн ушул күнгө чейин бул жетөөнүн кимисинин өнөрү артык - аны эч ким чече албай жүрөт дейт.

? 1. Сен кимисинин өнөрү артык деп ойлойсуң?

2. Балдар ханга кызмат кылышабы же кызмат кылбай эле калат деп ойлойсуңбу? Эмне үчүн?

3. Алар кызды кантип куткарганын дагы бир жолу эстеп көрчү!

4. Жети бала ал өнөрлөрдү кайдан үйрөнүшкөн?

5. Бул макалдардын кайсынысы жомоктун мазмунуна туура келет?

а) «Өнөрүң болсо, өргө чап».
б) «Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат».
в) «Ат - адамдын канаты».
г) «Адам эмгеги менен даңктуу».

ТАБЫШМАКТАР

Асманда койлор жайнайт,
Артынан койчусу айдайт.
(Ж....., ..)

Аркалуудан оонабас,
Куйруктуудан шыйпаңдабас,
Жаактуудан кепшебес.
(У., к.., ж....)

Бука моюндуу,
Буура сандуу,
Карчыга канаттуу,
Шумкар буттуу,
Жылан боорлуу,
Кылыч куйруктуу.
(Ч.....)

КИМ БОЛОСУҢ ӨСКӨНДӨ?

- Жетилесиң, толосуң,
Өскөндө ким болосуң?
Азыртадан алдыңа
Кандай максат коёсуң?
Кай кесипти баалайсың?
Ким болууну каалайсың?

АГРОНОМ

Кай жакта эмне айдалат,
Эмгекти кай жер кайтарат,
Түшүмү канча болорун
Күн мурун тактап айта алат.

www.bizdin.kg

ШИРЕТКИЧ

Аспабы бар шыр эткич,
Менин агам ширеткич.
От шыркырап, чок учуп,
Даай албайт жүрөксүз.

НААБАЙЧЫ

Аткарып койгон таламды,
Наабайчы болгон жаманбы?
Барсайган ширин нан жасап,
Кубантсам жеген адамды!

ВРАЧ

Сылык сүйлөө адаты,
Жарашып бойго халаты.
Эл өмүрүн коргогон,
Ырдаса бүтпөс санаты.

БАГБАН

Бакчасын көрүп багбандын,
Аябай айрың калганмын.
Кесиппи бакчы деп айткан
Сөзүмдү кайра алганмын.

ЭЛЧИ

Көрө билип алысты,
Коргоп элдик намысты.
Элчи болуп барсам дейм
Өлкөлөргө алыскы.

www.bizdin.kg

ЧЕК АРАЧЫ

Жол басып нечен миң,
Чегинде Мекендин.
Түндө шырп алдырбай,
Күзөтөөр бекенмин.

Сундурбай мылтыкты,
Болтурбай кырсыкты.
Максатым - сак туруп,
Буздурбоо тынчтыкты.

Болсом да кичине,
Сыр сактайм ичиме.
Ар убак даярмын,
Ата Журт ишине!

Абзий Кыдыров

? 1. Кесиптер көп экен го, ким болууну кааладың?
2. Дагы кандай кесиптерди билесиң?
3. Кайсы кесип эң жакшы деп ойлойсуң?

! Абзий Кыдыров агайыбыздын «Адабият» басмасынан чыккан «Парыз» деген китебинин 59-бетинен баштап, 92-бетине чейин кесиптердин түрлөрү боюнча ырлары орун алган. Биз кыскартып, айрымдарын гана сунуш кылдык.

«Эр жигитке жетимиш өнөр аздык кылат».

ДЫЙКАНДЫН КОЛУ

Дыйкандын колу туурулуп турат,
Дайыма – иште, сугарат сугат.

Жер менен бирге төрөлгөн жаны,
Жанындай көрөт жер дагы аны.

Түйшүктүн ага түгөнбөйт соңу,
Тынчыбайт жаны, тынчыбайт колу.
Эртелеп баштайт жумушту дайым,
Эмнени иштейт - бардыгы дайын.

Шыпырып беттен эмгектин терин,
Ширетет жерди, өстүрөт эгин.
Дыйкандын колу туурулуп турат,
Дан сепсе ага жайкалып чыгат!

Түмөнбай Байзаков

? 1. Кандай экен дыйкандын колу?
2. Жер кантип аны жанындай көрөт?
3. Эмне үчүн дыйкан сепсе, дан жайкалып чыгат?
4. Бул макалдардын кайсынысы ырдын мазмунуна туура келет деп ойлойсуң?
   а) «Сууну сиңген жерге төк,
   Сөздү укkан жерге айт».
   б) «Туулган жердин топурагы - алтын».
   в) «Эр эмгегин жер жебейт».
5. Бул ырдын «Жерибиздин, элибиздин, тилибиздин байлыгы» деген бөлүмгө кандай тиешеси бар?

САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ

...Жыйым-теримдин биринчи күнү өзүнчө эле майрам эмеспи. Ушунча болуп, ал күнү кабагы суз адамды көрө албадым. Майрам деп ал күндү эч ким айтпаса да, кандайдыр ар кимдин үнү да шаңдуу, өзү да шаңдуу, айдаган арабасы, минген аты, кылган жумушу - баары тең шаңдуу...

www.bizdin.kg

- Ооба, Толгонай. Ал күнү так ушундай болгон. Сен ал күнү таалай дегенди дагы да тереңирээк түшүнүп, мага сырыңды айткансың, Толгонай.

- Мен азыр да ошону айтмакмын. Мен азыр да ал күнкүнү түгөнгүс жомоктой айтам.

Аздан кийин орокчулар жумушуна киришип, аңызда иш кызып, саратан чырылдап, күн кайнады. Бирок эртең мененкиден калган кубаныч улам жүрөктө талпынып, көңүлүмдү өстүрүп, салкын желдей сергитип турду. Ошол күнү болгондун баарысы мен үчүн болгондой, атайлап таалайыма жасалгандай сезилип жатты. Көзүм көргөн, кулагым уккандын бардыгы дүйнөнүн, жашоонун көркүн ачып, ырахаттандырды. Шыңгыраган ороктор, шуудурап жыгылган буудайлар жагымдуу үн алышып жатса, нары жакта Касымдын комбайны кирген суудай күркүрөп, «оп майданын» жаңычасын ырдагандай, эгинди жапырып чаап жатты. Комбайнда турган Касым шаркыратмадай куюлган буудайга алакандарын тосуп, кочушу толгон данды бетине алып келип жыттаганда өзүм, да семире түштүм. Жарыктык дандын жытындай асыл жыт эмнеде болсун!

- Ээй, арабакеч, бол эрте! -деп Касым тоонун башынан үн салгандай кыйкырды эле, тактай араба жетип келип, комбайн токтой калганда Алиман:

- Суусун жеткире коёюнчу! - деп карапаны алып, Касымга жүгүрдү. Кечке жуук орокчуларга деген жаңы буудайдын наны да даяр болду. Жаңы нандан эң биринчи иретте орокчулар ооз тийиш илгертен салт эмеспи. Ал нанды өгүнү биз аңыздардын четинен оргон боолорду токмоктоп даярдашкан болучу. Жаңы буудайдын нанынан ооз тийгенде, ар качан

касиеттүү даам татыгандай болом. Өңү кара болгону менен камыры суюк жуурулгандай, жаңы нан анча-мынча жашыгыраак болгону менен анын дүмбүл даамына, күн, жер, түтүн жыттанган жытына эмне тең келсин!..

Чыңгыз Айтматов

? 1. Жыйым-теримдин биринчи күнү кандай болот экен? Эмне үчүн?
2. Таалай дегенди кандай түшүндүң.
3. Жаңы нандын даамы кандай экен?
4. Эмне үчүн «...анын дүмбүл даамына, күн, жер, түтүн жыттанган жытына эмне тең келсин!» деп жатат? Чын эле, анын жытына тең келген жыт жокпу?
5. Чыгарманын автору жөнүндө эмне билесиң?

! Үзүндү Чыңгыз Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестинен алынды. Ал чыгарманы жогорку класстарда толук окуп чыга аласың. Кандай улуу, керемет чыгарма!

Эсиңдеби, биз буга чейин Чыңгыз Айтматовдун бир жомогу менен таанышкан элек. Ооба, таптың. «Чыпалак бала» эмес беле.

«Атадан калган туяк» аңгемесин окугансыңбы? Кандай кызыктуу чыгарма!

Чыңгыз Айтматов дүйнө жүзүнө белгилүү жазуучу, чыгармалары жүздөн ашык тилге которулган. «Ак-кеме», «Саманчынын жолу», «Жамийла», «Гүлсарат», «Кылым карытар бир күн», «Кассандра мөөрү» ж. б. чыгармалары дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө сүйүп окулат.

Анын дээрлик бардык чыгармалары кинофильм болуп тартылган. Чыгармаларын окубаганың менен алардын кинолорун көргөн болушуң керек. Балдар үчүн эң кызык

Чыңгыз Айтматов (1928-2008)

фильми кайсы деп ойлойсуң? Мен «Ак кеме» деп билем. А сенчи?

Кандай кызык чыгарма ээ? Андагы «Бугу эненин» жомогучу! Ал «Мектеп» басмасынан «Бугу эне» деген ат менен өзүнчө китепче болуп басылып чыккан.

Албетте, улам жашың өскөн сайын Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын көбүрөөк окуй аласың. Улам окуган сайын анын улуулугу эмнеде экендигин түшүнө бересиң.

Заманыбыздын залкар жазуучусуна 1997-жылдын 4-мартында эгемендүү мамлекетибиздеги эң жогорку сыйлык - «Кыргыз Республикасынын Баатыры» деген наам, алтындан куюлган «Ак шумкар» белгиси менен кошо тапшырылды.

ТАБЫШМАКТАР

Өзү колуңда турса да,
Билбегенди билгизген,
Мээге сезим киргизген.
Акылыңа акыл кошуп,
Тилегиңе жеткизген,
Муну тапчы сен билсең!
(К....)

Тетигин койсоң бурап,
Алысты жакын кылат.
Дүйнөдөгү укмуштар
Көз алдыңда турат.
(Т.....)

Ыр ырдап, күү чертип,
Эчен түрдүү обон салат.
Ар кимдер өз үйүнөн
Жаңылыктан кабар алат.
(Р....)

Коңгуроосу шыңгырайт
Кулагыңа шыбырайт.
Сен сүйлөсөң, жооп айтат,
Бул эмне, билсең айт.
(Т.....)

www.bizdin.kg

Илим-билимди өзү үйрөнүп, өзгөлөргө үйрөтпөгөндүк – мал-мүлк жыйып алып, пайдаланууну ордуна жерге көөмп койгонго барабар иш.

Хадистерден
(Мухаммед пайгамбардын осуят-кеңештеринен)

ЧОҢ АТАМДЫН АЙТКАНЫ

Сөз баштады чоң атам:
- Эне ардактап баласын
Жандай көрүп аяса,
Айбандарча аясын!

Тээ баягы бир жылда
Тескей жакты кадуулап,
Таң куланөөк салганда
Тоого чыктык аң уулап.

Кийик таап бир үйүр
Калбайлы деп көрүнүп,
Жыт сездирбей жакындап
Ыктуу жерден өңүдүк.

Тарсылдата аткылап,
Тайгандарды агыттык.
Калган-каткан кийиктин
Качар жолун тарыттык.

Бир улактуу Тоо эчки
Куу тайганга таланып,
Туюгуна асканын
Туруп калды камалып.

Ал камалган эчкинин
Амалы жок качарга,
Жакын келип мылтыкты
Таамай мээлеп атарда.

Эчки мылтык оозуна
Тик карабай жалтанат.
Өзүн тосуп, улагын
Катып турду калкалап.

Көрүп эчки көзүнөн
Жаш акканын тамчылап,
Мыкчый мылтык кармаган
Колум кетти калтырап...

www.bizdin.kg

Мылтыгымды ыргыттым Эчки ээрчитип улагын
Зээним кейип зыркырап. Чыкты дароо туюктан.
Тээ төмөндө таштарга Мен ошондон бер жакка
Тийип сынды быркырап. Мергендикти унуткам...

Сооронбай Жусуев

? 1. «Эне ардактап баласын
Жандай көрүп аяса,
Айбандарча аясын!» дегенди кандай түшүндүн?
А адамдар айбандарча ардактай албайбы баласын?
2. Эмне үчүн чоң атамдын колу кетти калтырап?

«Эненин көөнү - балада,
баланын көөнү - талаада».

! Үч түрдүү касиет бар, мына ушуларга ээ болгон адамдарга теңир кыямат күнү да мээримдүү карап, жаннатка (бейишке) чыгарат:

1. Ынтымактуу жашаган жубайлар;
2. Ата-энесине мээримдүү балдар;
3. Кол алдындагыларга кадырлуу болгондор.

Үч түрдүү адамдар бар, аларга бейиштин эшиги жабык:

1. Ата-энесинин каргышына калгандар;
2. Ичкиликке ооп алгандар;
3. Берген кайыр-садагасын, көрсөткөн жакшылыгын милдет кылгандар.

Хадистерден
(Мухаммед пайгамбардын осуят кеңештеринен)

ТОПОЗ МЕНЕН КАРЫШКЫР

Сапар койду алдыга, Дайыны жок жоголуп,
Бышкан улар этинен: Инек менен мамалак.
- Бир окуя айтайын Таппай койдум үч күнү
Чыга электе эсимен. Тоонун койнун аралап.

Билбей өлүү-тирүүсүн, Энесинин жанынан,
Кантип анан түңүлөм. Мамалагы кетпестен,
Көрдүм инек топозду Эркин оттоп жүрүптүр,
Бир асканын түбүнөн. Эч нерсени сезбестен.

Мамалагын жеймин деп, Мүйүз, ташка кысылып,
Ач карышкыр куруптур. Көк жал даңгыт карышкыр.
Аны ташка бек такап, Эстен танып эндиреп,
Инек сүзүп туруптур. Эчак өлүп калыптыр.

Үч күн, үч түн карышкыр Мен бөрүнүн өлүгүн
Таш бетине жабышып, Араң сууруп алганда,
Топоз жылбай туруптур, Топоз жатып жарым күн
Кабыргасы кабышып. Кайра кирген дарманга.

Ал мамалак бул күндө -
Топоздун эң семизи.
Алдыңарга төшөлгөн -
Ал бөрүнүн териси.

Сооронбай Жусуев

? 1. Чыгарма жактыбы? Эмне үчүн андай деп ойлойсуң?
2. Топозго кандай баа бердиң? Эмне үчүн ал үч күн, үч түн карышып турду?
3. «Чоң атамдын айтканы» менен бул чыгарманын ортосундагы кандай байланышты жана өзгөчөлүктү байкадың?
4. Хадистердин буларга кандай тиешеси бар?

! Биз буга чейин эле Сооронбай агайыбыздын булардан башка дагы бир топ чыгармалары менен таанышкан элек. Алсак, «Байчечекей», «Күн менен торгой» ж.б. Кандай кызык чыгармалар! Албетте, эгерде сен «Мектеп» басмасынан чыккан «Тоо жаңырткан чагылган» аттуу балдарга арналган китебин тапсаң, дагы көптөгөн абдан кызыктуу чыгармаларын окуй аласың.

Сооронбай Жусуев 1925-ж.

Сооронбай Жусуев 1943-жылы жашы жете элегине карабай, он жети жашында өзү суранып, Улуу Ата Мекендик согушка кетип, 1945-жылга чейин эки жолу жарадар болгон, Көрдүңбү, баатырдык китептерде гана эмес, турмуштун өзүндө! Мына анын бир мисалы.

Согушка өзү суранып кеткендигин окугандан кийин ал урушту, согушту жакшы көргөн экен деп ойлоп жүрбөгүн. Тескерисинче, ал согушту жек көргөн, жеңиш эртерээк келсе деп аракет кылган. Сооронбай агайыбыздын жан дүйнөсү абдан назик, сезимтал. Анын чыгармаларын окуган сайын буга кубө болобуз.

Сүйүктүү акыныбыз эгемендүү республикабыздын алгачкы сыйлыктарынын бири - «Даңк» медалына биринчилердин катарында татыктуу болду. Андан кийин "Кыргыз Республикасынын Баатыры" наамы, алтындан "Ак шумкар" белгиси тапшырылды.

КЕКИЛИКТИН УЯСЫ

Кечте отун көтөрүп
Келип Бектур шаттанып,
Айылдагы балдарга
Минтип айтты мактанып:

Ак дакини байлаган
Чыбык сайып келдим да.
- Эртең ошол уяны
Оңой табар белгим да.

Кекиликтин уясын
Таптым жүрүп таба албай,
Бирок жумурткаларын
Азыр келдим алалбай.

Тооктун жумурткаларын
Көп жеп жүрүп жададым.
Кекиликтин жумурткасын
Эртең жеймин карагын!

www.bizdin.kg

Биз Балтабек – экөөбүз
Сырыбызды жашырып,
Бектур айткан жерге биз
Таңда жеттик ашыгып.

Ак дакилүү чыбыкты
Башка жерге сайганбыз,
Биз Бектурду уядан
Адаштырып салганбыз.

Жумуртканын бардыгы
Эчак болуп кекилик,
Эркин сайрап жүргөндүр
Таштан-ташка секирип,

Сооронбай Жусуев

? 1. Ыр жактыбы? Эмне үчүн?
2. Ырдан кекиликтер жөнүндө эмнелерди билүүгө болот?
3. Тигил балдардын ордунда сен болсоң кандай кылат элең?
4. Бул чыгармалардын «Жерибиздин, элибиздин, тилибиздин байлыгы» деген бөлүмгө кандай тиешеси болушу мүмкүн?

БИР ТҮЙҮНЧӨК АКЧА

Эртең менен болчу. Талант мектепке келаткан. Автобус аялдамадан жаңы эле жөнөп кетти. Талант андан өтүп, жолдун өйүзүндөгү мектепти көздөй басмак.

Ал алдыга баса берип, жолдун жээгинде жаткан муштумдай түйүнчөктү көрдү. Анын ичин ачса - бир тутам акча! Санагы жете турган эмес. Ушунча акчаны көрүп, Таланттын жүрөгү шуу дей түштү. Аны өзү бирөөдөн уурдап алгансып коркуп кетти.

Кокус ээси келип: «Сен муну кайдан уурдап алдың, ыя?» - деп кекиртегинен ала тургансып, алиги акчалар колунан түшүп кете жаздады.

Эмне кылуу керек?

www.bizdin.kg

? Чын эле эмне кылуу керек? Сен Таланттын ордунда болсоң, кандай кылат элең?

II

Аңгыча өзүнөн чоң балдар артынан жете келишти. А алар көрүшсө, акчаларды колунан алып коёру бышык эмеспи. Ошон үчүн аларды коюнуна сала коюп, мектебин көздөй басты. Бирок баарынан кызыгы - бул акчалар кимдики? Аны кимге көрсөтөт? Акча таап алганын кимге айтат? Тыйын, же 1 сом, 5 сом болсо го мейли эле. А ал мынча акчаны каякка катат? Мынча акчанын ага эмне кереги бар?

Ал айласы кетип, колу-буту титиреп, алдыга баса албай туруп калды. «Атама айтайын, балким, ал бул акчаларды ээсине берер...»

Талант ошентип ойлоду да, үйүнө тез эле жетип барды. Акчаны бергенде атасы:

- Муну сен уурдап алдыңбы? - деп өңү бузула түштү.
- Жок ата, жолдон таап алдым, - деди Талант.
- Качан?
- Азыр эле.
- Каерден?
- Аялдамадан, жолдун жээгинен...
- Чын элеби?
- Ооба...

Атасы терезеге келип, бир ирет эшикти карады да, уулуна жакын келип, моюнунан кучактады. Анын бетинен бир ирет өптү да, кулагына минтип шыбырады:

- Сенин бул акчаны таап алганыңы бирөө көрдүбү?

- Жок, ата, эч ким көргөн жок.
- Чынбы?
- Чын!

Анын колу-буту титирегени басыла элек болучу. Ал дагы эле коркуп жаткан.

- Анда сен бул жөнүндө эч кимге айтпагын! Уктуңбу? Мен азыр эле шаарга барам да, сага кышкы пальто, жылуу өтүк, велосипед, чана, коньки сатып келип берем. Уктуңбу... - Бул сөздөрдү айтып жатып атасы да колдору титиреп, энтигип турду. - Уктуңбу дейм, Талант, мени түшүндүңбү?!

Ал уулун дагы бир ирет кучактап өпкөндө, алынбай үксүйгөн сакалы бети-башын сайгылап, оозунан бозонун жыты бурулдап турду.

— Уктуңбу? - деди атасы дагы бир ирет. Атасы ага керектүү нерселерди алып берем дегенге Талант кубанып калды.

— Уктум, ата, - деди ал, - уктум. Эч кимге айтпайм!

— Анда билинбей сабагыңа бар. Бирөөгө билги зип койбогун!

— Макул, ата.

III

Экинчи сабакка жаңы эле киргенде, дүкөнчү аял класска кирип келди. Ыйлап алыптыр, ыйлап жатып көзү шишип бүтүптүр.

- Айланып кетейин күчүктөрүм, акча көрдүңөрбү?.. Мен кургур дүкөндүн бүт акчасын азыр эле жоготуп жибердим... Автобуска отура электе бар эле... Айланайындарым, силер баарыңар эле бөжүрөп мектепке келатпадыңар беле... Айта көргүлөчү, сүйүнчүсүнө эмне кааласаңар... Сатып берейин... Айланып кетейиндер...

Сөзүн айтып бүтпөй, буркурап ыйлап жиберди. Дүкөнчү эжени балдардын баары эле тааныйт. Ал Райкан эже эмеспи. Жакшы эже эле го...

Балдардан сөз күтүп, ал унчукпай калды. Балдар, мугалим эжей - баары «Ким тапты болду экен?» дегенсип, бири-бирин карап калышты.

? Эми эмне болот деп ойлойсуң? Окуянын кандайча өнүгүшүн каалайт элең?

IV

- Акчаңызды мен таап алдым, Райкан эже! - деди тура калып Талант, - мен таап алгам...

Райкан эже чуркап келип, Талантты мойнунан кучактап, өпкүлөп жиберди. Кудум эртең мененки атасы кучактап өпкүлөгөндөй өпкүлөдү.

-Чын элеби?! - деди ал ый аралаш.

-Чын эле. Үйгө алып барып, атама берип, анан... анан... Мектепке келгем... Азыр эле... ишене бериңиз!

-Атаң үйдөбү?

-Үйдө го...

Райкан эжеси Талантты бооруна кысып-кысып алды. Андан жыпар жыттуу атыр менен бетмайдын жыты келип турду.

Талант Райкан эжени аяп кетти.

- Жүрүңүз, үйгө баралы,-деди ал.

Үйгө жөнөштү. А үйдө эмне болгонун ким билсин?.. Атасы кайда болду экен? Акчаны эмне кылды экен?.. Ал жана атасына «айтпайм» деп убада бербеди беле... Эми эмне болот?.. Талант дагы калтырап чыкты.

Сулайман Рысбаев

www.bizdin.kg

? 1. Эми кандай болор экен? Сен эмне болду деп ойлойсуң?

2. Талант биринчи жолу эмне үчүн титиреди? А экинчи жолучу?

3. Таланттын атасы эмнеге титиреп, энтикти?

4. Атасынан кандай жыт келди да, Райкан эже кандай жыттанды?

5. Таланттын ордунда болсоң, сен кандай кылат элең?

6. Чыгарманын бул бөлүмгө кандай тиешеси бар? Бул чыгармада эмне байлык экен? Бул боюнча сенин оюң кандай?

«Байлык - ак эмгекте».
«Чынчылдык - зор байлык».

КҮЛКҮЛҮҮ ЖОРУКТАРДАН

Жолдо ыйлап турган баладан өтүп бара жаткан киши сурап калды:

-Эмне ыйлап жатасың?

-Апам берген 1 сомумду жоготуп койдум.

-Ыйлабагын. Ме, мына бул 1 сомду алгын. Бала 1 сомду алды да, андан бетер озондоп ыйлай баштады. Таң калган киши кайра сурады:

-Эмне ыйлап жатасың? Жоготкон 1 сомуңдун ордуна мен 1 сом бербедимби?..

-Эгерде мурдагы 1 сомду да жоготпогондо, азыр 2 сом болот эле да! - деп дагы ыйлап кирди.

* * *

-Ата, сиздин кечээги досуңуз жалганчы экен.

-Эмнеге?

www.bizdin.kg

- Кечээ айтпады беле, акчаны айлантса көбөйөт деп. Мен эртеден бери 5 сомду айлантып эле жатам, кана көбөйгөнү? Ошол боюнча эле турбайбы! Дагы акчаны жүгүртүш керек деп коёт. Аны кантип жүгүртмөк эле?..

? А сен акчаны айлантыш керек, жүгүртүш керек дегенди кандай түшүндүң?

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Бул кайсы оозу май тайлак?
Бул кайдагы май, сары бал каймак?
Бул оозанган оозу май тайлак,
Бул сүр, сары май бал каймак.

Бүркүтчүлөр бүркүтүн томого менен томоголойт,
Бүркүтчүлөр бүркүтүн томого менен томологондо,
Биз бүркүтүбүздү томого менен томоголобой,
Ким бүркүтүн томого менен томоголойт.

Жылкы жыйырмага чыкпай картаярбы?
Картайган жылкынын сөөгү аркаярбы?
Картайганда картаң жылкыны
Картайган киши кайтарарбы?

БИР ИДИШТИН БАЯНЫ

Жайлоодогу бир айыл
Жакага ылдам көчүштү.
Шашылганда калыптыр
Алты ИЛЕГЕН,
Бир ТЕПШИ
Анан дагы боюнда
Кой сугарчу булактын,
Бирөө катып кеткендей,
Жатат эки ЧЫЛАПЧЫН.

Мүмкүн, алар жеткенде:
Бекер шаштык, кап! -
дешти
Кантип эле көз кыйсын,
Татынакай ТАШТЕКТИ?!
Унутулган буюмга
Толду деп бир араба
Кеткен жатсак табылды
Үч жапжаңы ДАГАРА.

Мааниси бир сөздөргө
Бай турбайбы тилибиз.
Ырга айланган баятан,
Бар болгону - бир идиш.

Токтосун Самудинов

? 1. Неге бай экен тилибиз?
2. Эмнелерди билдик биз?

Алтын, күмүш жыйган бай эмес,
сөз билген киши - бай.

Адамга эки нерсе тирек деги:
бири - тил, бири - дилиң жүрөктөгү.

Билим - байлык, төгүлбөс да, урагыс,
Каракчы, ууру, көз боочу да алалгыс.

Жусуп Баласагын

АЛТЫН КУМУРА

I

Илгери өткөн заманда бала хан болуптур. Жашында таккa отуруп, өзүнчө сурак жүргүзүп турганы үчүн ал Балахан деген атка конот. Күндөрдүн биринде ал карамагындагы элди чакыртып, төмөнкүдөй жардык кылат:

www.bizdin.kg

- Бүгүнкү күндөн тартып, силерге буйрук кылам-мын. Карыган адамды жардан алыс ыргытып жибергиле! Эл арасында кары киши болбосун! Эгер кимде ким буйругумду аткарбайт экен, анын башы алынат!

Балахандын жардыгы катуу болгондон кийин кары кишилер жардан алыс ыргытылып турду. Күндөр өтө берди. Ошол Балахандын элинде бир Акылбек деген киши жашачу экен. Анын Табылды аттуу жалгыз уулу бар болучу. Атасы ал уулунун курсагын ачырбай, кийимден өксү кылбай баккан. Акыры карылык каршы келип, минтип күчтөн тайый баштады. Табылды атасынын карыганын көрүп, Балахандын буйругун аткарууну ойлоду. Карыя өлүмгө бара жатканын билди. Бирок уулуна унчуккан жок. Ал үнсүз-сөзсүз кете берди. Качан гана жарга жетип, ары көздөй ыргытып жиберерде, Табылды атасын карады эле, Акылбек уулу менен коштошуунун ордуна жөн гана күлүп койду. Табылды атасынын күлгөнүн көрүп: «Бул эмнеси? Жардан алыс ыргытып, өлтүргөнү жатсам, күлгөнү кандай?» - деп ойго бата түштү. Анан сурай кетти:

- Ата, сизди жардан алыс ыргытканы жатсам, ага капа болбой, сүйүнгөн немече күлдүңүз. Эмнеге күлдүңүз?

Акылбек дароо эле жооп кайтара койгон жок. Ал уулун ойлуу карады да, «айтып берейин» деген өңдүү башын ийкеп койду. Бир тынымдан кийин мындай деди:

- Айтайын, балам! Күлгөнүмдүн жайы мындай: сен дагы бир кезде мага окшоп карыйсың. Ошондо өзүңдүн балаң сени да мынтип жардан алыс ыргытат. Мына ошону ойлоп күлдүм. Эми түшүндүңбү?

«Атамдын күлгөнүнүн мааниси бар турбайбы!.. Чын эле бир кезде мен дагы карыймын. Ошондо өз балам өзүмө кыянат иш жасайт экен да. Атамдын айтканы туура. Эми эмне кылуум керек?» Табылды ушундай ойлорго малынып, баягы ордунда каткан бойдон туруп калды.

? 1. Табылды эми эмне кылат деп ойлойсуң?
2. Сен анын ордунда болсоң кандай кылар элең? Балахандын буйругу да бар эмеспи.

II

Бала бир топко каткан бойдон туруп калды. Бир оокумда атасын көтөрүп, үйүн көздөй жөнөдү. Табылды үйгө келгенден кийин, бир киши кенен бата тургандай кылып чоң сандык жасады. Үйүндө кары адам бар экенин элге билгизбеш керек. Балаханга кокус кабар жетип калса, анда атасынын да, өзүнүн да башы алынат. Ошону ойлоп, атасын чоң сандыкка салып, тамагын берип, жакшы багып турду.

Ошол убакта бир алтын кумура жөнүндө сөз тарап, кыйла элдин кыйырына, узун элдин учуна чейин угулду. Ал бир чоң дарыянын түбүндө, жээктегилерге жаркырап көрүнүп турат экен. Балахан ошол алтын кумураны алып келүүгө киши жумшайт. Бирок барган адам таба албай кайра келет. Балахан куру кол келген кишиге каарын төгүп, башын алдырып салат. Хандын каарынан улам эл коркуп, дүрбөлөңгө түшөт.

Арадан аз убакыт өттүбү, көп убакыт өттүбү, айтор, алтын кумурага баруу кезеги Табылдыга келиптир. Алтын кумураны таба албай нечендер жаза-

www.bizdin.kg

га тартылды. Көп кишинин башы алынды. «Нечендер издеп таппаган алтын кумураны мен табат белем? Балахан менин да башымды алат дечи. Үйгө кайта келбес болгон соң, атам менен коштошуп кетейин» - деп, сандыкты ачты да, Балахандан буйрук келгенин билдирди. Акылбек уулунун сөзүн көңүл коюп укту да, анан мындай деген акылын айтты:

- Балам, хандын буйругу эки болбойт. Ага барбасаң, башың кетет. Буйрук келдиби, жөнө. Бирок алтын кумураны суунун түбүнөн издеп убара болбо. Ал суунун түбүндө жаткан жок. Жаркырап турганы жөн гана күнгө чагылышканы. Сен суунун түбүнө түшпөй, түз эле жээгиндеги бактын башына чыккын. Алтын кумура так ошол жерде. Абайлап ал!

Табылды алиги чоң дарыяга барып, сууга кирбей, атасынын айтканы боюнча бактын башына чыкты. Алтын кумура чын эле ошол жерде экен. Жигит кудуңдап сүйүнүп, алиги кумураны алып түштү эле, Балахан жана аны карап турган эл бүт таң калышты. «Муну өзү таппайт эле, буга бирөө акыл үйрөткөн болуу керек» - деп, Балахан шекшип, эми Табылдыны суракка ала баштады:

-Башкалар суудан издечү эле. Алтын кумураны таба албай акыры баштары алынды. Сага бул акыл ды ким үйрөттү?

-Таксыр ханым, өзүм эле...- деди Табылды.

- Жок. Өзүң таппайт болчусуң, бирөө үйрөттү. Эгер айтпайт экенсиң, башыңды алам. Чыныңды айт!-деди хан каарданып.

? Табылды эми эмне кылышы керек?

III

Аргасы түгөнүп, Табылды атасы жөнүндө айтууга аргасыз болду. Балахан ошондо:

- Акыл карылардан табылат турбайбы! Мындан кийин кары кишилерден акыл үйрөнгүлө! Кары адамдарга тийбегиле! - деп элге жар чакыртты.

Хандын буйругунан кийин кары адамдарды жардан алыс ыргытып жиберүү адаты биротоло токтолуптур. «Карынын кебин капка сакта» деген ылакап ушундан калган экен.

Жаки Таштемиров

«Карысы бардын - ырысы бар».

? 1. Балахан эмне үчүн карыларды жок кылгысы келди?
2. Табылды кантип атасын жашырып калды? Эгерде Балахан билип калса, өлтүрүп коёт эле да. Андан корккон жокпу?
3. Балахандын карыларды урматтап калышына эмне себеп болду?
4. Чыгарманын бул бөлүмгө кандай тиешеси бар деп ойлойсуң?

«Сөз - зор байлык».

КҮЛКАН

Кандай сонун лагерде
Канча жыргап күлбөдүк.
Костёр жагып ортого,
Тегерете бийледик.
КҮЛКАН дээрин ал отту
Алдык азыр үйрөнүп.

КУРТКА

КУРТКА деген айыл бар,
Бул сөз кайдан жаралды?
Же болбосо качандыр
Жашап өткөн адамбы?
Көрсө, айтышат турбайбы
Жапыс өскөн бадалды.

? Дагы улантсак болобу,
Дал ушундай сөздөрдү?

Бөлүм боюнча суроолор

1. Бул бөлүмгө тиешелүү кандай өзгөчөлүктү байкадың?
2. Сага абдан жаккан чыгарма кайсы болду?
3. Кайсы кесип, кайсы өнөр абдан ардактуу экен? Бул боюнча сен кандай жыйынтыкка келдиң?
4. Эненин балага болгон сүйүүсү, эненин улуулугу боюнча бул бөлүмдөгү кайсы чыгармалардан окудуң?
5. Байлык деген эмне?

www.bizdin.kg

ЖЕЛМОГУЗ

I

Кечке жуук сыртка чыккан Төлөнбүбү байбиче желмогузду көргөндө, эсинен танып жыгылды. Уй сааганы көтөрүп келе жаткан чакасы колунан ыргып, калдырт-шалдырт эте жерге түштү.

Бир оокумда эсине келсе, Капчыгайдын шамалы алигидей эле ызылдап, көк аяз жер-сууну каарып турган экен. Өзү небак көк муштум болуп калыптыр. Тиши-тишине тийбей калчылдайт. Ошо тапта жанында жаткан чака дагы калдырттады. Караса, кышылдаган желмогуз чакага башын салып алып, жалап-жуктап жаткан экен. Көңүлү дагы караңгылай түштү да, чаканын калдыртынан кайра эсине келди. Эми желмогуз чаканы таштап, кышыл-

www.bizdin.kg

дап маасысын жалагылап болуп, көйнөгүнүн этегин жайма-жай жей баштаган экен.

Байбиченин жаны ого бетер чыгып, эки кадам жердеги каалганы көздөй жыла баштады. Желмогузду кароого даабайт. Эптеп каалгага жетсе, үйгө кире качмак, бекинмек. Бирок көйнөгүнүн этегин аймап жаткан желмогуз аны жылдырар эмес. Күшүлдөп, көйнөгүн улам тытып жеп жатат. Бышылдаган сайын желмогуздун ысык деми бечара кемпирдин тоңуп, селейип калган тизелерин каптап өтөт.

Эптеп каалгага жетти. Бирок ачып кире качканга дарамети келбей койду. Денеси шалдайып, өлүп калгандай...

Ана кызык! Бир оокумда байбиче желмогуздун төрт аяктап турганын көрдү. Буттарына тайтуяк кийип алгандай. А үстүнө эски бир купайкени жамынып алыптыр. Башы кадимки эле уйдукундай өңдөнөт, бирок андан кичирээк...

? 1. Сен кандай деп ойлойсуң, ал кандай желмогуз болушу мүмкүн?
2. Желмогуз кандайча сүрөттөлүптүр? Улантып окуп көрөлүчү!

II

- Чоң эне, тур! Көйнөгүңдү кашка музоо жеп жатат! - Чүкө ойноп жүрүп, жаңы эле короого кирген небересинин чыңкылдаган үнү чыгат. -Өш! Ой өлүп кеткир, өш! Тур, чоң эне!..

Байбиче кайраттанып өйдө боло берди эле, небереси сарайга кууп бараткан музоо балага нааразы-лангандай: «Мөө», - деп кыска үн салып койду...

Бул окуяны укkан чоң ата аябай күлдү. Көрсө, небереси суукта мурдунан көк буу чыгып, үшүп турган музоого боору ооруп, көңгө жабылып турган, эскирип далдалы чыккан, тытык жерлеринен пахтасы самсаалаган эски купайкени жаап, эки жеңин музоонун эки алдыңкы бутуна киргизип, топчуларын бүчүлөп коюптур...

Орозбек Айтымбетов

? 1. Төлөнбүбү байбиче эмне үчүн эстен танып жыгылды?
2. Бул окуя чындап эле күлкүлүүбү?
3. Чоң эне эси ооп жерде жатса, көк муштум болуп тоңуп калган болсо, ага күлүүгө болобу?
4. Чоң энени күнөөлөөгө болобу? Чоң ата эмне үчүн ага аябай күлдү?

КОРККОНГО КОШ КӨРҮНӨТ

Чоң атанын кепичин
Сүйрөп кийип Кемелбек.
Эшикке чыкты кидиңдеп,
Айды көрүп келем деп.

-Чыгып тургам эшикте,
Айды карап күлүңдөп.
Бир кезде эле көлчүктөн
Аюу чыкты күдүңдөп.

Бака чардайт көлчүктө
-Коркуп кетти элеңдеп.
Чуркай албай талпактап,
Кепичтерди таштады.
«Чоң аталап» кыйкырып,
Эки көзүн жаштады.

Коюп калды таш менен
Коркуп кеттим зирилдеп.
Тоодой экен тиштери
Ооздорун ачканда.

Учуп кетип жыгылдым,
Оозунан от чачканда.

Үйгө келип бышактап,
Минтип сүйлөй баштады:

Жеп коймок го кармаса,
Жетпей калды качканда

Турар Кожомбердиев

? 1. Кандай экен ал аюу, Көлчүктөн чыккан күдүңдөп?
2. А чын эле ошондой болдубу? Чындыгында ал эмне эле?
3. Ырдын атын сен кандай түшүндүң?

! Турар Кожомбердиевдин дагы бир ырын окуп көрөлүчү!

АШЫМ КУБАНГАНДА

Түшүндө төө кубалап,
Качып барат Ашым.
Төө артынан жеткенде,
Тиштеп алды башын.
Чыдай албай «апалап»,
Төгүп кирди жашын...
Эртең менен ойгонуп,
Ооруйт го деп акырын
Сылап көрдү башын.
— Сопсоо бойдон тура! - деп
Күлүп ийди Ашым...

Турар Кожомбердиев

? 1. Бул ырда эмне күлкүлүү экен?
2. Ушундай күлкүлүү окуялар эсиңе түштүбү?

Башыбыздан өткөргөн же бирөөдөн укkан күлкүлүү бир окуяны жазып көрөлү!

ДҮЙНӨДӨГҮ КЫЗЫКТАРДАН

Аравияда башка өсүмдүктөргө окшобогон бир бадал өсөт. Жергиликтүү эл аны «күлдүргүч дарак» деп аташат. Анткени анын мөмөсүндө нерв системасына таасир этип, дүүлүктүрүүчү кескин жыттуу заттар бар.

www.bizdin.kg

Ошондуктан бул бадалдын мөмөсүнөн бир ууч жеген адам өзүнөн өзү эле күлө берет. Жергиликтүү адамдар бул даректын мөмөлөрүн ооруну сездирбей коюучу каражат катары пайдаланышат.

«Дүйнөдөгү кызыктардан»

? Ушундай китепти окудуң беле? Карачы, кандай кызыктуу китеп. Ал «Мектеп» басмасынан жарык көргөн.

АЛТЫН БАЛЫК

I

Ач күйкө жээк бойлоп учуп келатып, толкун тээп таштаган алтын балыкты көрдү. Сууга жете албай, кум үстүндө туйлап жаткан экен. Күйкө аны лып илип алды да, карынын жара чокууга камынды.

- Кагылайын күйкө, жанымды кыя көрбө! - деди алтын балык жалынып, - каалаган үч тилегиңди аткарайын!

Күйкө бир аз ойлоно түшүп, макул болду:

- Биринчиден, менин канаттарым жорунукундай чоң жана күчтүү болсун!

Канаттары ошол замат чоңоё түштү.

- Тумшугум бүркүттүкүндөй болушун каалайм! Айтары менен тумшугунун чоңое түшкөнүн сезди.

- Акыркысы, текөөрлөрүм шумкардыкындай болсун!

Оозун жыйып ала электе тырмактары чоңоюп, алтын балыкты сууга таштап жиберди. Бирок аркасынан калдайып барып өзү да түштү.

? 1. Эмне үчүн алтын балыкты таштап жиберди?
2. Эмнеге калдайып барып күйкө өзү дагы сууга түшүп калды?

www.bizdin.kg

II

Көрсө, күйкөнүн ырбыйган денеси калдайган канатты, колдойгон тумшукту, тарбайган тырмактарды башкара да, көтөрө да албай калган тура.

Кеңеш Бейшебаев

? 1. Чыгармада эмне сага өзгөчө жакты?
2. Өз абалына карабаган ачкөз күйкөнүн кейпи күлкүлүүбү же аянычтуубу?

Арык уйга жоон мүйүздүн кереги не?

! Күлкүнүн да түрлөрү болот окшойт деп калдым. Бирде бирөөлөрдүн кылык-жоругуна, мүнөзүнө, аракетине каткырып күлсөң, бирде айрымдарынын ачкөздүгүнө, аңкоолугуна, коркоктугуна жиниң келип, аларды шылдыңдап күлүп, айрым учурда кай бирлеринин чукугандай сөз тапканына, айрым бир биз байкабаган нерселерди көрө билгенине суктанып күлөт турбайбызбы.

А мүмкүн дагы башка түрлөрү бардыр?..

КЕРЕҢ КОЙ

Күндөрдүн биринде короого карышкыр тийип, чакчелекей түштү. Мылтык атылып, иттер арсылдап, койлор бири-бирин тебелеп кымгуут болушту. Ошолордун ичинде эч нерсе менен иши жок жалгыз гана керең кой бейкапар уктап жаткан. Качан гана карышкыр качып, койлор тынчтана баштаганда, ал ойгонуп кетти да, жанындагыдан сурады:

- Ой, силерге эмне болгон, баарыңар дүрбөп туруп алыпсыңар да?

— Карышкыр... Карышкыр тийип араң кутулдук, - деди тигил энтигип.

Ошондо аны чала угуп калган керең кой койлорду кайра дүрбөтүп, үркүп жөнөдү.

Кеңеш Бейшебаев

? 1. Чакчелекей, тополоң эмнеликтен болду?
2. А экинчи кымгуут, дүрбөлөң кантип пайда болду? Бул окуя жогорудагы күлкүлөрдүн кайсынысына туура келет деп ойлойсуң?

! Кеңеш Бейшебаевдин «Мектеп» басмасынан «Акылдуу бала» аттуу китеби чыккан. Анда аңгемелер да, ушундай күлкүлүү окуялар да, жомок, калп, фантастикалык чыгармалар да бар.

ШЕКТҮҮ

Алдастап шашып келаткан коёндун алдынан таанышы учурап, сурап калды:

— Мынча эмне шашып келатасың, алаң көз?

— Түндө бирөө пилди аябай сабаган экен, шектүүлөрдүн бардыгын кармап жатат, - деп андан ары зымырады.

Кеңеш Бейшебаев

? 1. Бул чыгарма эмнеси менен күлкүлүү экен?
2. Чын эле коён шектүү беле?

Кел, экөөбүз да өзүбүз абдан кызык деген бир окуяны жазып көрөлү! Баштадык анда.

СЫЯКТУУ

Кулактары делдейген,
Эшегим курч туяктуу.
Кичинекей кезинде
Бөжөк болгон сыяктуу.

Орозбек Бердигулов

? Чын элеби?

КҮЛКҮ БОЛДУ

Ак кагаздан куш жасап,
Көккө учурсам бир кызык.
Конгон сайын жүгүрүп,
Күлкү болду бир мышык.

Орозбек Бердигулов

? 1. Чыгарма жактыбы?
2. Эмнеге күлдүк мында биз?

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Адыраңдаган - Адыраңбайбы?
Калпты көп айткан - Кадыраңбайбы?

Сен ардандыра албасаң,
Мен ардандыра алмак белем.
Мен ардандыра албасам,
Сен ардандыра алмак белең.

Алаңгазардын алаңгазарлыгы
Алаңгазарды алаңгазарлатпадыбы.
Алаңгазардын алаңгазарлыгы
Алаңгазарды алаңдатпадыбы.

? Алаңгазар дегенди кандай түшүндүң?

www.bizdin.kg

МЫШЫК МЕНЕН МАЙ

Ачка мышык мыёолоп үйгө кирди,
Аңдып келип, илинген майды көрдү.
Уртунан шилекейин чубуртуп:
-Эми мына тойгуча жеймин! - деди.
Жетүү үчүн асылып, көп тырышты,
Жете албады, чарчады, үйдөн чыкты.
-Сасып кеткен май экен, ким жесин! - деп
Шашканынан калп эле сүйлөп чыкты.

Жоомарт Бокөнбаев

? 1. Эмне үчүн «сасып кетиптир» май?
2. Чыгарма эмнеси менен күлкүлүү экен?
3. Буга байланыштуу кандай макалдарды билесиң?

«Мышык майга жетпей, сасык дептир».

ТЫЙЫН ЧЫЧКАН МЕНЕН КАРЫШКЫР

I

Бутактан бутакка секирип жүрүп, тыйын чычкан үргүлөп жаткан карышкырдын үстүнө түштү. Секирип турган карышкыр аны кармап алып, жеп салмак болду. Тыйын чычкан жалбарып сурана баштады:

- Коё берчи, мени! Анда карышкыр айтты:

- Болуптур, мен сени коё берейин. Бирок сен мага айтып берчи. Бу силер, тыйын чычкандар, дайыма эмне үчүн шатыра-шатман шайыр жүрөсүңөр? Мен ар дайым түнөрүп жүрөм. Ал эми силердин

дайыма бактын башында ойноп, секирип жүргөнүңөрдү көрөмүн.

Анда тыйын чычкан мындай деди:

- Адегенде мени даракка коё бер, мен ал жактан сага айтып берем, антпесең мен сенден коркуп жатам.

Карышкыр аны коё берди.

? Сен кандай деп ойлойсуң, эмне үчүн карышкыр дайыма түнөрүп жүрөт да, тыйын чычкандар шайыр жүрөт?

II

Тыйын чычкан бактын башына чыкты да, мындай деди:

- Сенин түнөрүп жүргөнүңдүн себеби - дайыма ачуулуусуң. Кыжырланууу жүрөгүңү мыжып турат. Ал эми биздин шайырлыгыбыздын себеби - биз ак көңүлбүз, анан да эч кимге жамандык кылбайбыз.

Лев Толстой

? 1. Шайыр жүргөн жакшыбы же ачуулуу болгонбу? Эмне үчүн?

2. Тыйын чычкандар эмне үчүн эч кимге жамандык кылышпайт.

3. Ачуулуу карышкыр менен шайыр тыйын чычкандарды кандайча элестеттиң?

4. Сүрөттүн кайсынысы карышкырга, кайсынысы тыйын чычканга туура келет?

Ачуулуу карышкыр менен шайыр тыйын чычкандын сүрөтүн тарта алабызбы? Аракет кылып көрөлү!

www.bizdin.kg

БӨБӨКТӨРДҮН СУРООСУ

Күндүн барбы түнөгү?
Курттун барбы жүрөгү?
Кубанганда бизчилеп
Күчүктөр да күлөбү?

Турар Кожомбердиев

? Бөбөктөрдүн суроосуна сен кандай жооп бермексиң?

АПЕНДИНИН ЖОРУКТАРЫНАН

Апендиге бир жолдошу чуркап келип, күйүккөн демин араң басып:

- Тетиги иттен коркуп, жүрөгүм түшүп калды! - дейт.

Апенди анда камырабай:

- Андан кам санаба, азыр жүрөгүңдү алып келип берем, - дептир.

* * *

Бир күнү Апенди базарга бармак болуп, жолго чыгат. Негедир өтүгү баскан сайын кыйч-кыйч эте берет. Ага ачуусу келген Апенди:

- Менин базарга бара жатканымды да көрө албайсың! - деп өтүгүн чечип салып кете берген экен.

* * *

Апенди саат таап алат. «Чык, чык...» дегенин угуп, эки жагын караса, жалгыз терек бар экен.

Ошого чыга баштайт. Тыңшаса, дагы эле «чык, чык...» дейт.

Теректин кылда учуна чейин чыгат. Дагы эле «чык, чык...»

- Мындан нары кайда чыкмак элем? - деп саатты ыргытып жибериптир.

? 1. Апендинин дагы кандай жоруктарын билесиң?
2. Апенди кандай адам экен?

ААРЫ МЕНЕН КӨПӨЛӨК

Асылып жатып көпөлөк,
Аарыны чакырып алды.
Анан астына коюп,
Айнектей тунук балды.
Батыра салып бармагын,
Мыйыгынан жылмайды:
- Мына, мынтип же,
Малынып калбагын.
Аты мунун - бал,
Арманда каласың ал!
Жарма достор көп дечи,
Бирок муну,
Жан курбу болор сендей,
Жакшы доско гана ыйгарам.
Жасаган ишим ушул,
Жайлы жайлай жан тынбай.
Жерге кирсин көр оокат,
Жей берсеңиз тартынбай.

Эзиле ыкшып,
Эки көзү толгончо жашка,
- Кетейин, - деди аары,
Кеп айтпады башка.

Жолоочу Рысбаев

www.bizdin.kg

? 1. Эмнеге «Эки көзү толгончо жашка, эзиле ыкшыды аары»?
2. Аары менен көпөлөктүн бири-биринен кандай айырмасы бар экен?
3. «Жарма достор көп дечи» дегенди кандай түшүндүң?

«Укпайт деп ушак айтпа,
Көрбөйт деп ууру кылба!»

КАНЧА СОМДУК БАЛАСЫҢ?

Оюнчук саткан дүкөндөн
Каалаганың табасың.
Кымбатына карабай,
Жакса сатып аласың...
Текчедеги куурчактан
Күчүк келип сурады:
- Канча сомдук баласың?

Токтосун Самудинов

? Күлкүлүү бекен? Эмнеси күлкүлүү деп ойлойсуң?

! Мага күчүктүн куурчакты бала катары кабыл алгандыгы жакты. Сагачы?

ЭШЕКТИН МАКТАНЫЧЫ

Далай жерди кыскартып,
Даркан элейт туягым.
Алып-учуп минерде
Асман чапчып турамын.
Эшек кылып көрсөткөн
- Эх, ушу эки кулагым!

Каныбек Жунушев

? 1. Эшек эмне үчүн эки кулагына нааразы болуп жатат?
2. Ал болбосо эле эшек болбой калат беле?
3. Эшек болгонуна эмнеге өкүнөт? Эмне, эшек жаман-бы?

ЖАЛКООНУН ТИЛЕГИ

Жүрөгүмө чоктой тийди ызалык,
Күндө чыгам сабак билбей кызарып.
Кулактарым шыбырды тез угууга,
Кетсе боло бир метрдей узарып.

Турар Кожомбердиев

? 1. Анда эмне болмок?
2. «Эшектин мактанычы» менен бул ырдын байланышы барбы?
3. Бул чыгармада эмне күлкүлүү экен?

! Ушундай кызыктуу, күлкүлүү чыгармаларды кел, экөөбүз да жазып көрөлү.

АПЫРТМА

Өз атам туула электе,
Чоң атамдын жылкысын кайтардым.
Тууй элек бээни саап,
Тигиле элек сабаага куюп,
Ичпей мас болдум.
Чыга элек талдын чырпыгынан
Укурук кыйып,
Эшиле элек жиптен боо тагып баратсам,

www.bizdin.kg

Чыга элек табылгынын түбүндө
Туула элек коён жатыптыр.
Жасала элек таяк менен урдум эле,
Казыла элек ийинге кирип кетти...

? 1. Мунун эмнеси күлкүлүү?
2. Мында кимге күлүүгө болот?
3. Мындай апыртмалар эмне үчүн керек деп ойлойсуң?
4. Муну өзүбүзчө уланта алабызбы?

Кана эмесе, аракет кылып көрөлү!

Бөлүм боюнча суроолор

1. Күлкүнүн кандай түрлөрү бар? Сенин ал жөнүндө оюң кандай?
2. Күлкүлүү чыгармалар ушул бөлүмдө эле болот деп ойлойсуңбу?
3. Бөлүмдөгү кайсы чыгарма сага абдан жакты?
4. Кайсы күлкүлүү окуяны чыгарма кылып жаздың? Кандай күлкүлүү окуяларды эстедиң?
5. Бөлүмдөгү кайсы материалга бул сүрөттөрдүн кайсынысы туура келет?

КЫЯЛБЕКТИН ЖОРУГУ

Кыялбек чын эле кызык бала. Кээде бар эмеспи, ойго келбеген бир окуяны айтат да турат. Биз болсо анын аңгемесин угуп, жоругуна таң кала беребиз. Бир күнү биз киринип жүрчү өзөндүн боюнда отуруп, аңгемесин мынтип баштады:

- Мен туула элегимде бака болгонмун, - дейт. - Абдан чоң бака. Ошон үчүн көзүм да тосток, баканыкындай болуп. Өзүңөр деле байкап жүрсөңөр керек, секиргенде баарыңардан озуп кетем. Мынтип... мынтип...

Бир топ жерге чейин секирип барат да, анан тып токтой калып, жаагын чулчуйтуп, колун оозуна тосуп: «Квак-квак», - деп чардап жиберет.

www.bizdin.kg

- Ушинтип чардап жатсам, - дейт ал, - силерге окшогон балдар таш менен ургулап киришчү жабалактап. Эгер тийсе, жаман болмокмун. Коркконумдан «чулп» этип сууга секирчүмүн, анан аркы жээкке сүзүп чыгып, жашыл шалбааны аралап кетчүмүн. Даректар өтө бийик болгондуктан, анын учуна көзүм жетчү эмес. Бирок жашыл шибер ажайып кооз эле. Айрыкча жамгыр жаап өткөндөн кийин араласаң бар эмеспи, шибердин муздак мөлтүр тамчылары денеңе тийип, жаныңды сергитет. Кызыл-ала гүлдөрдү тостоюп көпкө тиктеп тура берчүмүн. Чөптүн арасындагы курт-кумурскалар мени ачка койчу эмес.

Менин аябай коркконум илегилек боло турган. Эгер төө жалбырак, ат кулак дегендериң болбосо бар эмеспи, анын кылычтай тумшугуна илинип калмакмын да, азыр менин таптакыр дайным болмок эмес.

-Калп! - дейт Чынара анын сөзүн бөлүп кызаңдап. - Сен бака болгондо ушул суудагы суу жыландар эчак эле сазайыңды бермек!

-Ал айтканың чын, - дейт Кыялбек терикпей. - Мен анын айласын тапчумун. Кантип дейсиңби? Мен тигил бакаларга окшоп жыланды көргөндө артымды салып качып берчү эмесмин. Тике маңдайынан чыкчумун да, жута турган болгондо жыландын оозуна чап жармашып, үйлөп-үйлөп жиберчүмүн. Байкуш жылан жарылып жатып калчу.

Чынара да, биз да ушундан кийин эмне дээрибизди билбей калчубуз.

- Эми, - дейт ал сөзүн кайрадан баштап, - карылыгым жетип, таятама окшоп өлгөнүмдө, күчүк болуп алам. Антпесем чыдай ала турган эмесмин. Эгер күчүк болсом бар эмеспи, мага окшогон небережерим мени ушул өзөнгө ээрчитип келишет.

Өзүбүздүн өзөндөн эч кайда ажырагым келбейт. Дайыма ушул өзөндү бойлоп жүрө эле бергим келет. А кышында болсо мени Алгырымды жаткыргандай кылып, жылуу жерге жаткырып коюшат.

- Койчу! - дейт Садык жактырбай, - андан көрө чабалекей же торгой болгон жакшы эмеспи. Каалаган жагыңа учуп бара бересиң, самолёттун да кереги жок.

- Чабалекей болгон кыздарга гана жарашат. Кыздар, силер чабалекей болуп алсаңар болот. Анткени силер мышыкты сылап-сыйпап жакшы көрөсүңөр. Мен болсо мышыкты аябай жек көрөм. Далай жолу жөжөлөргө кол салганда сазайын бергем. Мен чабалекей болсом, алар менден өч алып, мени тытып ташташы мүмкүн. А мен болсо мышыкка тытылгым келбейт. Торгоюндун болсо көргөн күнү кыйындап баратат. Жаз келгенде бар эмеспи, трактор бир күнү келет да, уяңды астын-үстүн кылат. Анан калса, азыр бардык жерде үрөндү дарылап туруп себишет. Андан бирди чокуган болсоң, бул дүйнөнү экинчи кайра көрбөйсүң. Азыр болсо кайра эле бака болгум келип турат, - дейт да, сууга секирип түшүп, чумуп кетип, көпкө чейин көрүнбөй калат. Биз болсо «бака болуп кетти го» деп ойлоп калабыз. Тынчы кеткен Садык Кыялбекти суудан алып чыгат да:

-Эмне, өлгүң келеби? - деп уруша баштайт. Тиги болсо:

-Эми бака болоюн дедим эле, - дейт энтигип. Ушул окуядан кийин Кыялбектин айтканына шектене албай кетчүбүз да, ага болгон аёо сезимибиз күч алып, жаратылыштагы жан-жаныбарлардын баарына боорубуз ооруп, ойго батып, үнсүз гана теребелди тиктеп, ойлуу отуруп калчубуз.

Амангелди Мисиров

www.bizdin.kg

? 1. Кыялбектин айтканы сага жактыбы? Эмне үчүн?
2. Ал чын эле мурда бака болгонбу? Болбосо эмне үчүн секиргенде баарынан озуп кетет, бакача чардап алат, өзөндү жаныңдай жакшы көрөт?
3. Эмнеликтен ал чабалекей же торгой болгусу келбей, күчүк болгусу келет экен?
4. Сен Кыялбектин ордунда болсоң, эмне болууну каалар элең?
5. Жаратылыш менен адамдардын ортосундагы байланыш жөнүндө чыгармадан билүүгө болобу?
6. Эмне үчүн балдардын ага болгон аёо сезимдери күч алып, жаратылыштагы жан-жаныбарлардын баарына боор ооруп, ойлонуп калышат экен?

«Жакшы тилек - жарым ырыс».

! Амангелди агайыбыздын 1991-жылы «Адабият» басмасынан «Балалыктын үнү», 1995-жылы «Сүрөтчү булуттар» аттуу ырлар жыйнактары, 1993-жылы «Акылдуу улактар» деген жомоктор, аңгемелер китеби, 1994-жылы «Ыйман сабагынан» деген ат менен ырым-жырымдар, түш жоруу, уйку жөнүндөгү китеби Ош шаарынан басылып чыккан. Ал китептерди колуңа алган болсоң, аягына чейин окумайынча тура албайсың. Ушунчалык кызык! Алардын бир тобун 2-класстан бери окуп келе жатпайбызбы. Эмне үчүн анчалык кызык дейсиңби? Көрсө, Амангелди агайыбыз Ош шаарында биздей кичинекей балдарды окутат экен. Демек, бизди түшүнө билет. Ошон үчүн чыгармалары биз үчүн кызык.

ТАБАЛЫЧЫ СЕБЕБИН

Чычкан төөгө айтат дейт,
Чыга калып ийинден:
- Кулагыңды бери тос,
Бир кеп уктум бүгүн мен.

-Кет, алдаба! - дептир төө,
-Сени эмнеге угамын?
Кыйын корком сенден! - деп
Ала качты кулагын.

Биз билебиз чычкандын
Эң кичине экенин.
Анан эмне төө коркту,
Табалычы себебин?

Амангелди Мисиров

? Чындап эле килейген төө,
Неге коркту чычкандан?

Кел эмесе, ар кимибиз буга байланыштуу өз оюбузду жазып көрөлүчү! Баштадык анда, кимдики абдан кызыктуу болор экен?

ТӨӨ

Төө, төө, тартагай,
Төрт аягы талпагай.
Эчки мурун жалпагай,
Эриндери шалпагай.

Көзү топтой тостогой,
Өзү малга окшобой,
Мордон чыккан түтүндөй,
Мойну узун койкогой.

Чолок болот куйругу,
Чулук болот кулагы.
Башка малдар сыяктуу
Кайда мунун туягы?

Чуудалары кебездей,
Эки өркөчү белестей.
Маң-маң баскан төө,
Мал аттуудан ашкан дөө.

Билген балдарга төө,
Билбеген балдарга бөө.
Болбос буга талашың,
Бото дейбиз баласын.

Эсенгул Ибраев

www.bizdin.kg

? 1. Кандай экен төө?
2. Эмне үчүн ал мал аттуудан башкача экен?
3. «Чулук болот кулагы» дегенди кандай түшүндүң?

Мүмкүн ушул саптын мурдагы «Тапкылачы себебин» деген чыгармага байланышы болуп жүрбөсүн?

БИЛЕ ЖҮР

Сууну эң көп ичкен жаныбар - төө. Ал бир аз гана сааттын ичинде 186 литр сууну иче алат экен. Бул 18 чоң чака суу эмеспи.

! Төө жөнүндөгү дагы бир чыгарманы окуп көрөлүчү!

ТӨӨ

Илгери өткөн заманда төө азыркыдай көзгө комсоо көрүнбөй, өзү чоң болсо да, өтө сулуу жаныбар болгон экен. Анын чатыраган бугунукундай мүйүзү, чоң кулагы, жылкыныкындай узун, көркөмдүү, келишимдүү, жерге тийген узун жал-куйругу болуптур. Күндөрдүн биринде токойдо жаныбарлардын падышасы той берет. Ар ким каалагандай жасанып баргысы келет. Ошондо бугуга өзүнүн кебетеси такыр жакпай туруп алат. Ал тойго тагынып барып келгенге бере туруусун өтүнүп, төөнүн мүйүзүн карызга сурап алат. Мүйүз бугуга абдан жагып калат. Көлөкөсүн каранса да, күзгүдөн каранса да, өзүнө куп жарашып, көңүлү көтөрүлөт. Тойго барып келип да бергиси келбейт.

Ал тойго бармак болуп, уй өзүнүн кичинекей кулагынан уялып, төөгө алмашып, анын чоң жарашыктуу кулагын тагынып кетет.

www.bizdin.kg

Аттын куйрук-жалы да азыркыдай төгүлүп турбаган сопол куйрук, түйдөк жал имиш. Мунусуна ат кээде туталанып кетчү экен. Ат да төөгө барып, ары жагына бир өтүп, бери жагына бир өтүп жатып, узун куйрук-жалын сурап алып, ордуна өзүнүкүн берет да, тойго кетет. Тойдон келгенден кийин да кайтарып берүүнү ойлобойт, себеби ага бул куйрук, жал аябай жагып калган экен.

Бир күнү арадан бир канча күн өткөн соң, төө доолап келет. Ат ага качан уй анын кулагын, бугу мүйүзүн кайтарып бергенде, анан куйругун берерин айтат. Уй менен бугу да атка атаандашып, кулак менен мүйүзүн бербей коюшат. Төө байкуш алданып, ушул күнгө чейин үчөөнүн ортосунда өз жасалгасын ала албай, качан берээр экен деп жол карап күтүп жүрө берип, мойну да узарып кеткен имиш. Дооласа да тигилер бергиси келбейт экен. Ошондон бери мурунку көркү жок болуп, тез-тез эле эки жагын карана берет экен. Тигилер келип калып, алгандарын берип калабы деп ойлойт го чамасы.

Жыйнаган Кадыян Бообекова

? 1. Төө эмне үчүн көзгө комсоо болуп калыптыр?
2. Төөнүн ордунда болсоң, сен кандай кылат элең? Уй, бугу, ат туура кылганбы же туура эмеспи?

МОЙНУМ УЗУН БОЛГОНДО

Кенгуру, чил, уларды,
Карышкыр, аюу, куланды,
Зооцирктен көрүп Эсенбай,
Аябай жыргап кубанды.

А жирафты көргөндө
Токтоп калды ойлоно:
«Эсепти дайым көчүрүп,
«Эки» албайт элем,
Эх, мындай
Узун мойнум болгондо...»

Каныбек Жунушев

? Эмне үчүн Эсенбай жирафты көрүп ойлонду? А калганын көргөндө эмнеге аябай жыргап кубанды?

САМООР

Өзүнчө эле тепеет,
Самоорго күлдүм.
Тумшугу - анча өсө элек
Баласындай пилдин.

Токтосун Самудинов

? Ыр жактыбы?

АМАН КАЛАТ ЭЛЕ

I

Жерде сойлогон жылан көктө сайрап турган торгойду арбап жутат дегенге ишенчү эмес элем.

Биз адырда кош айдап жүргөн элек. Эч калп айтпас такыба карыя биз жакка ашыга чаап келаткканын көрдүк. Аты солуктап, өзү көргөнүн ашыга айтты:

- Көктөгү торгойдун сайроосуна канып, жай бастырып, бейкапар келаткан элем. Жакын келип калыпмын. Даңгыр жолдун ортосунда кара чаар таяк типтик турат. Куурай дейин десем, такыр жер-

де куурай болчу беле. Киши сайган го десем, ээн талаадагы жолго киши таяк саймак беле деп, тизгинимди жыйгычакты жаны калбай безелене сайраган боз торгой улам төмөндөп, бирок төмөндөгүсү келбей жанталашып, көтөрүлөмүн деп көтөрүлө албай, безелене-безелене тигил таякка жакындады.

? 1. Ал эмне болду экен? Таякпы же дагы башка нерсеби?
2. Окуя мындан нары кандайча уланат деп ойлойсуң?

II

Ал мага таяк болуп көрүнгөн, типтик көтөрүлүп торгойду арбап жаткан жылан экен. Менден башка киши болсо, тике барып, камчы менен бир салса, жыланды өлтүрмөк. Мен ал азизге жакын бара албаймын. Бала чагымда жылаңайлак келатып, ийрилип жаткан жыланды басып алып, катуу коркуп калгамын.

Эмне кыларымды билбей кармалып калганымда, боз торгой чырылдап-чырылдап, жыландын оозуна кептеле түштү! - деп карыя өкүндү.

Чоң эле кишинин жыландан корккonуна капа болдум. Өзү айткандай тике барып, камчысы менен бир салса же чочутуп тоскоол болсо, байкуш торгой аман калат эле да.

Көкөлөп учкан канаттууга да ажал айттырбай келет тура.

Эстеген сайын ошол сайрап туруп жок болгон торгойго боорум ооруйт.

Түгөлбай Сыдыкбеков

? 1. Сен бул чыгармага эмне деп ат коёт элең?
2. Жылан болгон жакшыбы же торгой болгонбу? Эмне үчүн?

www.bizdin.kg

3. Болор иш болду да, а эмнеге эстеген сайын эле боору ооруй берет? Сен буга кандай дейсиң?

ТАБЫШМАКТАР

Зыянсыз, жоош бир куш бар,
Эч нерсеге тийбеген.
Топтошуп бирге жүрсө да,
Чыр-чатакты билбеген.
Тынчтыкты сүйгөн ар бир эл
Аларды багат сый менен. *(К. . . . . .)*

Шоктугу жок ашынма,
Адамга дос азыр да.
Кыш ичинде үн катпай,
Тили чыккан жазында,
Топусу бар башында. *(Т. . . . .)*

Жаз менен кошо бир келген,
Талаага көркөм үн берген.
Керээли кечке тынбаган,
Безенип кайра-кайрадан. *(Б. . . . .)*

ДЕН СООЛУК

Жаш кезинде жаркырап,
Жакшы болсо ден соолук,
Кор болбойсуң өскөндө:
Бирде жатып, бирде ооруп.

Окуп билим аларда,
Теңтушуңа тең болуп,

Керек экен ошондо
Эң биринчи ден соолук.

Тоодон шахта казарда,
Тоодой ташты омкоруп,
Керек экен анда да
Эң биринчи ден соолук!

Алыкул Осмонов

? Эмне үчүн эң биринчи керек экен ден соолук?

ДҮЙНӨДӨГҮ КЫЗЫКТАРДАН

ЭКИ ЖҮРӨКТҮҮ БАЛБАН

Италиядагы Агостино Колли бир жарым тонна (1500 кг.) жүктү кыйналбай эле көтөрөт. Эки киши араңдан зорго тоголоткон устунду бир жерден экинчи жерге жеңил гана алып барып коёт. Агостинонун бою анча деле чоң эмес. Бар болгону 167 см. Көкүрөгү кадимки эле кишиникиндей. Сыртынан караганда жөнөкөй эле бир киши.

Эки жүрөгү бар экенин врачтар бала төрткө чыкканда билишкен. Белгилүү врачтар аны изилдеп чыккандан кийин, баланын ден соолугу эң жакшы экендигин билдиришкен. Ал бир да жолу ооруган эмес, ал тургай жөнөкөй сасык тумоо да тийген эмес.

Боксёрдук рингде же балбандар күрөшчү килемдин үстүндө өзүңдүн «керемет» күчүңдүн пайдасын көрүп, акча тапсаңчы деп нечен ирет асылышкандар да болгон. Агостино мындан баш тарткан. Ал акча үчүн бирөөнүн өмүрүн кыюуну каалаган эмес.

www.bizdin.kg

? 1. Агостино эмне үчүн боксёр же балбан болуудан баш тартты? Ага акчанын кереги жок беле?
2. Эгерде сен анын ордунда болсоң, кандай кылмаксың?

«Жакшы адам алкыш алар,
Акмак каргыш алар».
«Адам - күндө жаңы тилек тилейт,
Жаман - күндө ар кимди каргап-шилейт».

Жусуп Баласагын

РАВАТ ДАРБАЗА[1]

Айтике мелмилдеп акырын аккан өзөндүн боюна келип, чекесинин терин шыпырып отура калды да, куржундагы Жапарды алып жерге түшүрүп, кызарткан темирдей балкып бараткан Күндү далайга тиктеп турду.

Жаш баланын күнгө күйгөн беттери боргулданып албырып, кызыл мрамор таш сыяктуу болуп кеткен. Бала темтеңдеп басып, бүрүшуп барып отура калды. Анын куржунда жатып, бүктөлүп келе жаткан шыйрактары сыздап, керилип-созула албады.

- Атаке, бутум, бутум катуу ооруп жатат, - деп тизесин кармалап, жалдырап атасына карады. Айтикенин ичи суу сепкендей тызылдап, кейисе да баланы жооткотуп:

- Эчтеке эмес, айланайын, бутуң ооруса боюң өсөт. Чоң жигит болосуң. Кана, көрсөтчү, мына бул жериңби? - деди.

Ал баласынын уюп калган буттарын ушалап:

- Ийи... мына бул жериң турбайбы?.. - деди.

---

[1] *Равat дарбаза* — байлардын короосунун эшиги, дарбазасы.

www.bizdin.kg

Бала атасынын «боюң өсөт, жигит болосуң, жакшы бала ыйлабайт» деген сөзүн укканда, көзүн бакырайтып, атасын жал-жал карады да, колу менен мурдун сүртө сыйпалап:

- Качан чоң болом? - деди сүйүнгөнсүп.

Узун моюн жез чайдоосту сууга чөмөрүп жаткан атасы токтоло калып, баласына кылчая карап күлдү.

- Сен бүгүн чоңоюп калдың, эртең мындан да чоң болосуң...

Бала сүйүнгөнүнөн жылмайып, таманындагы кесилип жарылган кара тууруктарды чукулап отуруп:

- Атаке, суу ичем - деп, ичке мойнун өйдө созуп, оозун ачты. Атасы чайдоостун чоргосун анын оозуна тосо берди да, канжыгадай самсаалаган чапанынын бир жеринен айрып алып, баласынын бутундагы жарылып барып туурулуп калган баш бармагын байлап, бети-колун жууду. Жатарга каткан токочун берип, өзү анын күкүмдөрүн оозуна салып, улутунуп койду.

Акактап келе жаткан тайганы шалпылдатып суу ичти да, баланын маңдайына келип, токочтон үмүт кылгансып жата калды. Бала токочту чайнаган сайын тайгандын саландап турган тилинен суу тамчылап, айласы кетти. Кыңшылап, оозу-башын жаланды. Чыдай албай ордунан тура калып, балага жакындап, көзүнүн кыйыгы менен жалт-жалт карады.

Айтике итти канчалык аяса да, «Ай, байкушум ай, токоч болсо, мен карап отурат белем? Сага түгүл мага жок» деп ойлоп ичинен сыздады.

Жапар иттин токочко суктанып турганын көрбөй отурган жок. Адатынча, анын кыжырына тийип: «Ме, же!» - деп, топурак ыргытып, бир топ убара кылды да, «ал-ал!» - деп, калган бир үзүм токочун алдына таштап жиберди.

- Менин ырыскым, боорукерим, чечекейим - деп, баланы кучактап, Айтике өпкүлөдү да, - жүр эми Кокондон рават дарбаза табабыз, - деди.

? 1. Айтике менен баланын турмушу жөнүндө эмне билдиң?
2. Айтике баласына эмне үчүн жалынды?
3. Чыгармада жаратылыш кандай сүрөттөлүптүр? Ошол жерлерди тексттен табалычы!

II

Караңгы кире баштаган кезде Коконду аралап, төрт-беш үйдүн дарбазасын каккылап, иш сураштырды. Конуп кетүүгө рават дарбазалардын ээлери уруксат кылышпады. Түн кире баштаган сайын Айтикенин шыйрактары илмиңдеп, тездей баштады. Үстүндөгү куржунда жүргөн баласы шылкылдап, уйкуга кирди. Атасы улам бир дарбазаны такылдаткanda гана:

-Атаке, рават дарбазага барабыз ээ? - дейт да, кайтадан каалгып тим болот.

-Байларга рават, бакырларга кыянат, - деп атасы ичинен күбүрөп коюп, - Ооба, жылдызым, азыр барабыз, уктай бер, - дейт Айтике.

Оймолонгон кооз рават дарбазага келгенде, Айтике күчү кетип, алсырап болгон эле. Ал ушул дарбазанын ээсинен жакшылык көрчүдөй, эч болбосо конуп, тоюнуп кетчүдөй сезди.

-Рават дарбаза ээ? - деп араң эле үнү чыккан баласы жонунда болбой, колунда болсо кучактап өөп жибергиси келди.

-Ооба, айланайын, рават дарбаза, - деп койду да, мойнундагы куржунду жерге түшүрүп, дарбазаны шыкаалады. Ичкериден балбылдап күйгөн лампа

www.bizdin.kg

майдын айланасындагы кишилерди көрдү. Шыкаалаган көзүн албай туруп, дарбазаны дагы какты.

-Ким, ким? - деди кырылдаган бир киши.

-Кудайы конок, мусаапыр, чебер дутарчы...- деп, кесиптерин санай баштады. Далдайган кара киши чыгып келди да:

-Сага эмне керек? - деди жакын келип.

-Магабы? Мага жумуш керек. Колуман бардык иш келет. Эмне керек десеңиз, менден таба бересиз. Эч ким иштебеген нерсени мен иштеймин, - деп мактана жооп кайтарды.

-Баракелде, колуңуздан бардык иш келер имиш. Андай болсо, таштан өтүк тигип бере аласызбы? - деди какшыктап.

-Өтүккө керектүү бардык жарак-жабдыгын берсеңиз, аны тигиш деле кымбат эмес.

-Кош эмесе, ушунуңузда бир кеп бар экен. Сизге кандайча жарак керек? Бардыгын айтыңыз, биз бардыгын табабыз.

-Тапсаңыз, - деди Айтике мукактана түшүп, - мага ташты кесе турган бычак, ташка өтө турган шибеге, кумдан чарык жип берсеңиз, анан өтүк даяр болот. Аны сиз туура жүз жыл киесиз, - деп жылмайды.

-Аны сиз атаңызга тигип бериңиз!

-Жок, байбача, аны каалаган сизге гана тигем. Ал өтүк сизге гана ылайык, - деди жылмайып.

- Бар, бара бергин, акмак, кумдан да жип жасайт бекен? - деп желкеге түртүп, кууш, караңгы көчөнү көрсөтүп: - Жогол! - деди.

Айтике иш тескери кеткенин сезе койду да:

- Байбача, жумушуң болбосо, конуп кетейин. Жаш балам бар, - деп жалбарып жиберди.

- Бул жер кайырчы жата турган жер эмес. Сенин жайың мына! - деп ал дубалдын түбүн көрсөттү да, кырылдап күлүп, эшикти жаап, ары кирип кетти.

Аалы Токомбаев

? 1. Айтике менен Жапарды рават дарбазага эмне үчүн киргизишпеди?

2. Айтике эгер чебер дутарчы болсо, колунан бардык иш келсе, эч ким иштебеген нерсени иштесе, анда эмнеге үй-жайы жок, тамак сурап темселеп жүрөт?

3. Айтике менен байбача эмнеге айтыша кетти? А мүмкүн айтышпай эле койгондо киргизет беле?

4. «Байларга рават, бакырларга кыянат» дегенди кандай түшүндүң?

! Бул үзүндү Аалы Токомбаевдин «Мезгил учат» аттуу повестинен кыскартылып алынды. Ал абдан кызык чыгарма. Андагы Жапар Айтикеев - кыргыздын белгилүү сүрөтчүсү Гапар Айтиев.

Эгерде бул повестти же Аалы Токомбаевдин дагы башка чыгармаларын окугуң келсе, аларды «Мектеп» басмасынан жарык көргөн «Мезгил учат» аттуу повесттер жана аңгемелер жыйнагынан, «Менин метрикам» аттуу ырлар жыйнагынан таба аласың.

Аалы Токомбаев (1904-1988)

А.Токомбаев кыргыз адабиятында биринчи жолу ыр менен «Таң алдында» деген роман жазган.

Түрдүү темадагы ырлары, «Күүнүн сыры», «Даат», «Акылмандын жообу» аңгемелери, «Жараланган жүрөк» повести жана бир топ пьесалары окурмандардын жүрөгүнөн орун алып, сүймөнчүлүк менен окулуп келүүдө.

Ал чыгармаларды, албетте, сен дагы кийинчерээк окуйсуң.

1996-жылдын июнь айында Бишкек шаарынын бор-бордук бөлүгүнө – опера жана балет театрынын бет маңдайына, К. Баялинов атындагы китепкана менен сүрөт музейинин ортосуна Аалы Токомбаевдин эстелиги орнотулду. Эми окурмандар сүйүктүү акыны, жазуучусу, драматургунун эстелигине майрамдарда, деги эле каалаган учурда гүл коюп, таазим кыла алышат.

БАЛДАРЫҢДЫН ТИЛЕГИ

Эне, сага кандай мактоо жарашат?
Эне, сенден ким сыймыкты талашат?
Эне менен теңдеше албайт эч бир жан,
Бардык мактоо сага гана жарашат!

Бүткүл элге өнөр, билим тараткан –
Өз балдарың, энем, өзүң жараткан.
Кубан эне, шаңдан эне, тигине,
Сенин уулуң жеңиш менен бараткан!

Аалы Токомбаев

? 1. Кандай экен балдарынын тилеги?
2. Кандай экен эненин балдары?

«Жакшы уул - асмандагы жылдыз,
Жакшы кыз - жакадагы кундуз».

ШАБДАЛЫ

Ак көйнөгүн делбиретип, Асел базарга барды. Анын аз эле тыйыны бар болучу. Ал кечээ апасы менен барганда, элжиреп бышкан шабдалыны көргөн. Жегиси келсе да, апасына айткан эмес. Эми

www.bizdin.kg

ошол үчүн келаткан. Балким, анын тыйынына бирөө эле келээр... Мейли, бирөө болсо да жегиси келди...

Асел акырын басып кечээги шабдалы сатып отурган базарчы кемпирге келди. Базарчы кемпир бети-башын бырыш каптаган, ак чач неме болучу. Аселдин анын кызыл шабдалыларынан көзү өттү. Анан сөөмөйү менен көрсөтүп:

- Шабдалыңыздан бериңизчи?.. - деп, болгон тыйындарын кемпирге сунду.

Кемпир тыйындарды санап көрдү да:

- Бирөө эле келет экен... - деди.

Асел «мейли» дегенсип, башын ийкеди. Кемпир анын колуна жаңы эле саргарып келатканынан бирди карматты. Кыз аны кармап көрдү да, ордуна кайра койду.

-Эмне, сага жакпай калдыбы бул? - деди да, кемпир ага башкасын карматты. Анысы жерге түшүп, бир капталы чирип бараткан экен. Кыз колун сунуп баратып, кайра тартып алды.

-Ал эмес... Башкасын, - деди Асел. –

Кайсынысын? Алчы өзүң...

Асел көзү түшкөн баягы кыпкызылына колун созду. Ал жаңы эле кармап аларында, базарчы кемпир колго чаппаспы.

- Муну кара! Тандап жегиси келет!..

Асел колун тартып алып, кетенчиктей берди. Базарчынын көзү иттин көзүндөй жашылданып тургандыгын, бетиндеги бырыштары сансыз сөөлжандар сойлоп бараткандай ырайы суук экенин эми гана байкады. Аселдин жүрөгү шуу эте түштү. Кеткиси келди.

Базарчы кемпир тиши жок ээрдин ыржайта жылмайып, башка бир шабдалыны кызга сунду.

Кыз албай кетенчиктеди. Кемпир баягы калыбында алдыга умтулду. Кыз эми чындап эле качкысы келди...

Колун «албайм» деп жаңсап, алыстай берди. А базарчы кемпир кайра отурду да, ордунда кала берди.

Ошентип, кичинекей Аселтай жегиси келип эңсеген шабдалысын алып жей албай же тыйыны жок, үйүнө томсоруп кайтты...

Сулайман Рысбаев

? 1. Аселдин сырткы кебетесин кандайча сүрөттөөгө болот?
2. Эмне үчүн Аселге кемпир берген шабдалылар жаккан жок?
3. А кемпир эмнеге Асел өзү жактырган шабдалыны бербеди?
4. Кемпирдин сырткы кебетеси кандайча сүрөттөлүптүр?
5. Эмнеге Асел шабдалыны албастан эле кетип калды? Эми эмне кылат бечара Асел?
6. Эмне үчүн чыгармада кемпир чоң эне деп сүрөттөлбөйт? Базардагы кемпирлердин бардыгы эле ушундайбы?
7. «Балдарыңдын тилеги» деген ыр менен бул чыгарманын айырмасы эмнеде?

ЖАЗГҮЛ

(Тырнактай пьеса)

Оюнга катышуучулар: Жазгүл,
Тынчтыкбек,
Көпөлөк,
Гүлдөр,
Согушбек жана анын жан жөкөрлөрү.

I

(Сайраган куштардын кубулжуган үндөрү. Жайнаган гүлдөр. Жазгүл жайдары, оромпой тээп, ырдап чыга келет. Ля-ля-ля...)

www.bizdin.kg

Сансыз гүл жайнаган,
Саймадай айланам...
Ля-ля-ля!

Күн сайын убарам -
Гүлдөрдү сугарам.
Ля-ля-ля...

Өзөндү бойлоймун,
Өзүмчө ойноймун...
Ля-ля-ля!

Гүлдөргө кошулуп,
Күлүңдөп кубанам...
Ля-ля-ля...

(Бурчулуп, соолуй баштаган гүлдөрдү көрүп, тык токтойт.)

Ой, гүлдөр!?
Байкуш гана гүлдөрүм!
Эмне болгон силерге?
Таажыңар неге салаңдайт?..

(Көпөлөк учуп өтөт.)

Көпөлөк: - Гүлдөр чаңкайт!
Гүлдөр суу сурайт!..

Жазгүл: - Мен азыр! Азыр эле...

(Чуркап чыгып, лейкага суу көтөрүп келет.)

- Мынакей: күн мончок, нур мончок,
Жаштай тунук тамчыга
Киринтейин кангыча...

(Ар бир гүлгө суу куят.)

Гүлдөр: - Ах! Кандай жыргал, ырахат!
Кандай сулуу татына...
Кандай гана боорукер...
А сен кимсиң?

Жазгүл: - Мен - Жазгүлмүн.
Мен да гүлмүн силердей,
Кааласаңар ойнойлу!?
Кол кармашып,
Ыр ырдап, бий бийлейли!

www.bizdin.kg

(Жазгүл ырдап, гүлдөр бийлешет.)

Көпөлөк: - Кач, кач, гүлдөр, качкыла!
Келе жатат, качкыла!..

(Учуп кетет.)

Жазгүл: - Көпөлөк?! Көпөлөк...

(Калдыр-кулдур, тарс-турс. Күндүн көзү караңгылап, гүлдөр бүрүшөт. Көпөлөктү кубалап, колундагы таяктарын булгалап, Согушбек мөкөрлөрү женен кирип келишет.)

Согушбек: - Сок!
Сок, таягым, сок!

Жөкөрлөрү *(оңду-солду шилтешип)*:
- Ах!
- Бах!
- Трах!
- Тах!..

Жазгүл: - Токтот!
Токтоткула оюнуңарды!..

Согушбек: - Тороитo чап!
Мындан ашкан жыргал барбы?

Жазгүл: - Тийбегиле!
Баарың бирдей жекелеп...
Ал деген - көпөлөк.

Согушбек: - Көпөлөк?
Көпөлөк болсо эмне экен?..

Жазгүл: - Кон, Көпөлөк,
Бол, Көпөлөк!
Жашын бачым гүлдөргө!..

(Көпөлөктү гүлдөр катып ала коюшат.)

Согушбек: - Кана?
Силерди элеби?..

Мына мынтип! Моминтип!
Бир-бирден...
Үзүп салам!

(Гүлдөрдү алып ыргытып, тепсеп, таптап...)

Жазгүл: - Зордукчулар, тийбегиле!
Үзбөгүлө гүлдөрдү...

Согушбек *(Жазгүлдү алып ыргытып, Көпөлөктү таап алат)*:
- Аа, Көп-пөлөк!
Түштүңбү колго?
Гүлдөрүндөн айырып,
Канатыңды моминтип кайырып...

Эс-себиңди табайын!

Согушбек *(Көпөлөктүн канатын толгоп жулуп ыргытып, Жазгүлгө)*:
- Эми кезек сага жетти!

Жазгүл: - Коркпойм сенден мыкаачы!

Согушбек: - Коркпойм дечи!
Кана, коркпогондой сен кимсиң ыя?!

Жазгүл: - Мен - Жазгүлмүн,
Ушул жердин ээсимин!

Согушбек: - Ээси?!
А-ха-ха-ха-ха...
Ээси имиш!
Кармагыла!

(Жөкөрлөрү жабыла Жазгүлдү кармап, ортого апкелишет.)

- Сайратпай таңып салгыла!

(Колунан бурай кармап, мамыга таңып салышат.)

- Бул кызды өрттөш керек!
Жердин баары меники.
Не кааласам өзүм билем,
Унутпай жүр, секелек!
А-ха-ха-ха...
Кеттик отунга!..

(Кетишет.)

- Ах!
- Бах!
- Трах!
- Тах!
- Тах!..

1. Жазгүл кандай кыз экен? Күн сайын кылган ишим эмне дейт?
2. Жазгүл, Көпөлөк, гүлдөр кантип дос болуп калышты?
3. Согушбек, анын жан-жөкөрлөрү эмне үчүн Жазгүлдү, Көпөлөктү, гүлдөрдү жаман көрүшөт?
4. Жердин ээси ким? Жазгүлбү, Согушбекпи? Эмне үчүн андай деп ойлойсуң?
5. Жазгүлдү байлап, гүлдөрдү үзүп, Көпөлөктүн канатын сындырса, жердин ээси Согушбек болуп жүрбөсүн? Күчтүүсү жердин ээси боло береби?
6. Окуя мындан ары кандайча уланат деп ойлойсуң? Сен кандайча уланышын каалайт элең?

II

Тынчтыкбек: - Мени ким чакырды?
Тигинде ый чыгабы?!

(Таңылган Жазгүлдү көрүп, байлоосун чечет.)

- Сени ким мынтип жүрөт?

www.bizdin.kg

Жазгүл *(бышактап)*:- Согуш...
Согушбек!..
Тынчтыкбек: - Жексур десе!
Кой ыйлаба!
Жазгүл: - Кантип ыйлабайм?!
(Көрсөтүп.)
- Карачы, кооз гүлдөрүмдү...
Апакай Көпөлөгүмдү...

(Гүлдөр аянычтуу кыңкысташат. Көпөлөк оор онтойт. Тынчтыкбек Жазгүл экөөлөп гүлдөрдүн жаратын таңып, таажыларын түздөйт, аларга суу куюшат.)

Тынчтыкбек: - Кана, гүлдөр, жыпарың чач,
Кадимкидей жадырап!

(Гүлдөр сүйсалышып тура келет. Канаты жулунган Көпөлөктүн башын Тынчтыкбек жөлөп):

- А сен, досум, бир аз чыда...

Жазгүл *(канатты Тынчтыкбекке берип):*
- Мына!

Тынчтыкбек *(Көпөлөктүн канаттарын тагып):*
- Эми баары жайында.
Кана, баатыр Көпөлөк,
Учуп көрчү көкөлөп!

(Көпөлөк канаттарын каккылап кууланып, анан учуп кетет. Баары кубанып турганда, удургушуп оңду-солду бир-экиден отун сүйрөп, Согушбек жөкөрлөрү менен кирип келет.)

Согушбек: - Өрттөйм! Кырам!
Жер менен жексен кылам!

(Бардыгы тике турушуп, алардын жолун торошот.)

Тынчтыкбек: - Токто!
Согушбек: - Баарын отко!

www.bizdin.kg

Текши жайлайм!
Кана, алга!
Чамда!
Чамда!

Тынчтыкбек: - Акылыңа кел,
Атаңа наалат!
Ал өртkө өзүң да күйөсүң.
Жаңжал чыгып кетсе,
Өтө кеч болуп калат!

Согушбек: - Үйрөтпө, эмне кылышты!
Тескегидей бизди
Сен ким болуп калыпсың?!

Тынчтыкбек: - Биз тынч Мекендин тынч элибиз!

Согушбек: - Жердин ээси...
Тынч Мекен...
Тынч эл имиш?!
Тынч эл болбойт!
Тоспо жолду...

Тынчтыкбек: - Жаңыласың!
Тынчтык - биздин туубуз.
Өтө көппүз,
Ынтымактуубуз,
Андыктан өтө албайсың!

Согушбек: *(жөкөрлөрүнө):*
- Өтөм эле!
Кана, алга! Мына мынтип...
Момынтип... *(Жөөлөп кириишет.)*
Баарыңдын таш-талканыңды...
Ах!
Бах!
Трах!..

(Эки тарап тирешет. Акыры Согушбектер чегинишет. Таяктарын жулуп алышып, мамыга таңып салышат.)

Тынчтыкбек *(терин шыпырып):*
- Эгер силер болбосоңор,
Буларга жалгыз алым жетпейт эле...
Мына эми, каалашыңарча ойноп,
Ырдап жана бийлегиле!
Кана, Жазгүл,
Сен баштан бер!

Жазгүл *(ырдайт):*
- Жайдары күндүн алдында,
Күргүштөп турмуш кайнасын.
Куушуп ойноп Көпөлөк,
Кулпунуп гүлдөр жайнасын!

(Гүлдөр кошулат.)

Гүлдөр: - Ак гүлбүз, көк гүлбүз,
Ар түркүн көп гүлбүз.
Кызылбыз, сарыбыз
Ырдайбыз баарыбыз!

Согушбек: - Токтот! Жетишет!

Жөкөрлөрү: - Токтогула!

Тынчтыкбек: - Уланта бергиле,
Кулагым силерде.

Жазгүл: - Катарлаш туруп бий бийлеп,
Ырыбыз көккө жаңырсын.
Кааласа баары кошулуп,
Шатырап колдор чабылсын!

Согушбек: - Баскыла үнүңөрдү!
Менин уккум келбейт!..

Жөкөрлөрү: - Уккубуз келбейт!

Тынчтыкбек: - Силер мерезсиңер!

Согушбек: - Мерез?

www.bizdin.kg

Жөкөрлөрү: Мереz деген эмне?
Тынчтыкбек: Жүрөгү жок денинде.
Согушбек: Жүрөк?
Жөкөрлөрү: Жүрөк деген эмне?
Тынчтыкбек: Эгер биздин ыгыбызга көнсөңөр,
Тил алып, жүйөөгө келсеңер,
Мээрман жүрөктүү болосуңар!
Туурабы, гүлдөр?
Гүлдөр: - Туура! Туура!
Согушбек *(түйлап)*:- Жок. Эч качан!
Менин жашоом: Сок! Сок!
Жүрөксүз эле күн өтөт.
Туурабы, жөкөрлөр?
Жөкөрлөр: - Туура! Туура!

? 1. Тынчтыкбектер Согушбектерге кантип каршы турушту?
2. «Тынч Мекендин тынч элибиз» дегенди кандай түшүндүң?
3. Согушбектер эмнеге ырдап-бийлеп көңүл ачкылары келишпейт?
4. Сен кандай дейсиң, чын эле жүрөксүз жашоого болобу?
5. Эми эмне болоор экен?

III

Тынчтыкбек: - Туура эмес!
Мээрман жүрөксүз
Жадырап жашоого болбойт.
Ырсыз, бийсиз
Жашоонун бөксөсү толбойт.
Кана, Жазгүл,
Уланткыла оюнду!..
Согушбек: - Жашоого болбойт имиш!..
Жазгүл: - Азыр оюн баштайбыз:

«Ак терек, көк терек».
Бөлүнгүлө экиге!

(Гүлдөр экиге болунушот.)

Көк гүлдөр: - Ак терек, көк терек,
Бизден Сизге ким керек?
Ак гүлдөр: - Чоктой Кызыл гүл керек!

(Чоктой Кызыл гүл алдыга чыгып, күүлөнүп чуркап келип, Сары гүл менен Көпөлөктүн кармашкан колдорун үзүп, Көпөлөктү жетелеп кетет.)

Көк гүлдөр: - Азаматсың, Кызыл гүл!
Азаматсың, Кызыл гүл!
Жөкөрлөр: - Чечип койгула,
Ойногубуз келет биздин!
Согушбек *(каарданып)*: - Эмне?!
Баскыла жаагыңарды!
Жөкөрлөр: - Чечип койгула!
- Ойногубуз келет биздин!
- Ойногубуз келет биздин!

(Тынчтыкбек тигилердин байлоосун чечип коёт. Жөкөрлөр Гүлдөргө келип кошулушат. Оюн кызыйт.)

Ак гүлдөр: - Ак терек, көк терек,
Бизден Сизге ким керек?
Көк гүлдөр: - Нак Жөкөрдөй эр керек!
Нак жөкөр *(эки жагын каранып)*:
- Менби?! Ыя, чынбы?!
Согушбек: - Тарт артыңа!
Нак жөкөр: - Ах!

(Тигилерди туурап күүлөнүп чуркап келип, Жазгүлдүн колун үзүп кетет да, Көк гүлдөргө келип кошулат.)

www.bizdin.kg

Көк гүлдөр: - Азаматсың, Нак Жөкөр!
Жөкөрлөр: - Азаматсың, Эр жүрөк!
Азаматсың, Эр жүрөк!

Согушбек *(алапайын таппай):*
- Эр жүрөк!
Эр жүрөк имиш!
Чыккынчылар!
Чыккыла бери!

Жөкөрлөр *(укпай, өздөрүнчө):*
- Ах, жүрөк!
- Бах, жүрөк!
- Жашасын жүрөк!

Тынчтыкбек: - Тыңшагылачы!
Жөкөрлөрдүн жүрөктөрү
Согуп жатат түрсүлдөп!

(Жүрөктөрдүн дүкүлдөгөнү угулат.)

Согушбек *(кулагын түрүп):*
- Чын эле...
Бул эмне укмуш:
Дүк! Дүк! - этет.

(Кетенчиктеп.)
- Дүкүлдөшү денемди титиретет!..

Тынчтыкбек: - Жазгүл!
Кана, гүлдөр?
Ак көпөлөк!
Силер дагы жөкөрлөр!
Биротоло жарашкыла!
Кадимки ынак достордой,
Жадырап кол алышкыла!
(Бардыгы кол алышат.)

Нак жөкөр *(Жазгүлдүн сунган колун кармап):*

- Ах, колум күйүп кетти!

Тынчтыкбек: - Чочуба!
Бул - жүрөктүн оту!
Ынтымак-ырыстын оту!

(Жөкөрлөргө.)
- Мына эми баарыңар
Мээрман жүрөктүү болдуңар.
Чыныгы достордой,
Кармашты колуңар.
Көңүл ачып, бейкут жашап,
Ачылсын ак жолуңар!

(Гүлдөр, жөкөрлөр ыр ырдап, ырахаттуу сүйсалышат. Нак жөкөр женен Жазгүл бийге түшүшөт, Көпөлөк каалгый тегеренип, улам бир гүлдү бийге чакырат. Тынчтыкбек маңдайы жарыла шаттуу, кубанычтуу. Согушбек улам кетенчиктеп барып, жок болуп кетет.)

Кадырбай Мамбетакунов

? 1. Мээрман жүрөксүз эмнеге жашоого болбойт экен?
2. Жөкөрлөрдүн мурдагы турмушу жакшы беле же азыркысыбы? Эмне үчүн?
3. Согушбек эмне үчүн жалгыз калса да кошулбай койду?
4. Чыгарма сага эмнеси менен жакты? Сен андан кандай жакшы нерселерди көрө алдың?
5. Жердин ээси ким экен?
6. «Тырнактай пьеса» дегенди кандай түшүндүң?

Кандай кызык чыгарма ээ? Ушундай кызык чыгармадан кийин ага карата же андагы бир каарманга карата өз оюбузду жазып көрөлү. Ал колубуздан келет эмеспи. Баштадык анда. Мага «Жазгүл» аттуу тырнактай пьесадагы окуялар гана эмес, алардын бирөөлөргө жакшылык жасап, башкаларды мээрман жүрөктүү кылып, жүрөгүнө боорукерликти, шаттыкты уялатканы абдан жакты. Алар жеке өзүн гана ойлобойт экен.

Анан дагы алардын ынтымагычы?!

Болбосо алар Согушбектерге кантип каршы тура алмак?..

А пьесанын өзгөчөлүгүн мен мындан көрдүм: окуя ар дайым азыр болуп жаткандай болот турбайбы. Качан окусаң, ошол кезде болуп жаткандай туюлат экен да. Эгерде ошол окуяны аңгеме кылып жазганда: «Жазгүл деген бир кыз болуптур. Ал гүлдөрдү, көпөлөктөрдү жакшы көрчү экен. Бир күнү Согушбектер аларга кол салат...»,- деп жазылат болчу да, окуя мурун болгону баяндалмак.

Ал эми бул пьесаны он жылдан кийин окуса да, ошол учурда болуп жаткандай туюлат эмеспи.

Дагы бир өзгөчөлүгү - ар бир каарман өз сөзүн өзү айтат. Башка бирөө: «Бул минтип айтты, тигил тигинтип айтты», - деп баяндап бербейт тура.

Анан дагы бир өзгөчөлүктү байкагандай болдум. Окуя болуп жаткан жер көз алдыңа келип турат экен.

А сен буга кандай дейсиң? Бул айтылгандар боюнча сенин оюң кандай?

Бөлүм боюнча суроолор

1. «Менин дүйнөм» дегенди кандай түшүндүң?
2. Бул бөлүмдөгү кайсы чыгарма сага абдан жакты да, кайсы чыгарма жаккан жок?
3. Бул бөлүмгө тиешелүү дагы кандай чыгармаларды окугуң келет?
4. Алгыр деген эмненин аты? Ал кайсы чыгармада бар эле, эсиңде барбы?
5. Биз бул бөлүмдөн биринчи жолу пьеса менен тааныштык. Анын кандай өзгөчөлүктөрүн байкадың?
6. «Жазгүл» деген тырнактай пьеса сага эмнеси менен жакты?

www.bizdin.kg

АКЫЛДУУ БАЛА

I

Бир жигит башка айылда жашаган агасынын үйүнө конокко келет. Төөсү түн ичинде бошонуп кетиптир. Эртесинде эки бир тууган төөнү издеп чыгышат. Жолдон бир кичине баланы жолуктурушат да, андан сурашат:

-Төө көрө алган жоксуңбу?

-Кандай төө? Сол көзү сокур, оң буту аксак, үстүнө арпа салынган көк кап артылган төөбү?

-Ооба, ооба, дал өзү! - дешет кубанган жигиттер.

-Ал төө тигил тарапка кетиптир, - дейт күн чыгыш тарапты көрсөтүп. -Бирок ал төөнү көргөнүм жок.

www.bizdin.kg

Төөнүн кандай экенин толук билип туруп, көрбөдүм дегенине ишенбей, күмөн санаган жигиттер баланы казыга алып барышат.

? 1. Сен кандай деп ойлойсуң, чын эле бала төөнү көргөн жокпу?
2. Эгерде көрбөсө, анда төөнүн өңү-түсүн, андагы жүктү, жүк салынган каптын түсүн кантип билди?

?! Ушул белги эмнени түшүндүрчү эле? Ооба, ооба, таптың. Ойлон, изден, тап! дегенди билдирчү эмес беле. Анда ойлонуп көр. Бекеринен чыгарма «Акылдуу бала» деп аталбаса керек го? А мүмкүн сен аны табарсың, анда сен да акылдуу бала болосуң!

Кичинекей бала кантип билип алды болду экен? Ал төөнү көрүп, бирок айтпай калп айтып жатат дейин десең, төөнүн кеткен жагын божомолдоп, жашырбай эле айтып жатпайбы. Көрсө деле жашырбайт эле го.

Анда дагы улантып окуп көрөлүчү.

II

Бала казынын суроосуна минтип жооп берди:

- Мен ал төөнү көрсөм көрдүм дээр элем. Көрбөгөн сон кандайча калп айта алам. Мен аны мындан билдим...

?! Эмнеден билди болду экен?

III

- Төө жолдун жалаң оң жагындагы чөптү жеп кетиптир, сол жагындагы чөпкө тийбептир. Сол көзүнүн сокур экендигин ошондон билдим. Арткы

оң бутунун изи башка буттарыныкына караганда билинер-билинбес болуп түшүптүр. Арткы оң бутунун аксак экендигин ошондон билдим. Жолдо төө бир жыгачка сөйкөнгөн экен, бутакка бир көк жип илинип калыптыр. Ошол жерге арпа төгүлүптүр. Үстүндө эски көк капка салынган арпасы бар экенин ошондон билдим.

Казы акылдуу баланын сөзүн угуп отуруп, аны актайт да, төө жоготкон бир тууган эки жигитти:

- Кичинекей баланыкындай да акылыңар жок! - деп урушкан экен.

? 1. Чын эле акылдуу бала бекен?
2. А сен жанагы суроонун жообун таптың беле?
3. Акылдуу болуш үчүн кандай сапаттар керек?

! Мен минтип ойлоп жатам. Акылдуу болуш үчүн баамчыл, байкагыч, сезимтал болуу керек го. Болбосо бала жанагыларды биле албайт эле да. Анан да көп ойлонуш керек го дейм.

А сен кандай дейсиң?

КИЧИНЕКЕЙ ВИКТОРИНА

1. Кайсыл жерде кар эртерээк эрийт: токойдобу же шаардабы? Эмне үчүн?
2. Кышында бут алдыбыздагы карлар эмне үчүн кычырайт?
3. Кышкы суукта үн эмне үчүн алыска угулат?

www.bizdin.kg

ТАМГАЛАР

Чубак көрүп таң калат
Чоң жазылган тамганы:
- Китептеги тамгалар
Бул тамганын балдары.

Орозбек Бердигулов

? Чын элеби?

ЭКИ КҮЛҮК

Эки киши эки күлүк бакты,
Бири атка деп аябай чөптү чапты.
Экинчиси табылгы кесип тоого чыгып,
Музоо тиш камчыны даярдатты.

Бири даярдады жем менен чөптү,
Экинчисинин күнү камчы менен өттү.
Эл чогулуп чоң майрам болуп,
Эки күлүктү чабар мезгил жетти.

Окуучулар муну сындасын өзү,
Кайсы күлүктүн чуркар кези?

Райкан Шукурбеков

? Сен кандай деп ойлойсуң? Эмне үчүн?

ЖӨРГӨМҮШТҮН ЖЕЛЕСИ

I

Айгүл бурчта куурчактары менен божурашып, өзүнчө ойноп отурган. Ушунчалык берилип ойногондуктан, өзүн үйдө жалгыз калгандай сезди.

- Койчу нары, кантип ушундай болсун? - деди энесинен дайыма угуп жүргөн сөздү куурчагына айтып, - эмитен минтсең, чоңойгондо кантесиң, жарыбагыр! Элдин кыздарын карачы! Энеси эмне десе, ошону аткарат. А сенчи? Сенин эч нерсе менен ишиң жок. Оюн болсо эле болду сага.

Бул сөздөрдү укканымда, бырс күлүп жибере жаздап, араң кармандым. Дагы эмне дээр экен дегенсип, кызымдын сөзүн кунт коюп тыңшап калдым.

Айгүл сүйлөп жаткан сөздөрүнүн аягына чыкпай, тык токтоду. Карасам, кызым шыпты теше тиктеген бойдон катып калыптыр. Аны көрө коюп, чочуп кеттим.

-Сага эмне болду, Айгүл?

-Ата, тигини карасаңыз, - деп шыпты карай кол жаңсады.

-Эмнени карайын? Эч нерсе деле көрүнбөйт го?..

-Ики, жакшылап карабайсызбы!

-Ии, жөргөмүштү айтасыңбы?

-Амалдуусун. Тор жайган экен, ага чымынды түшүрүп алды.

-Жөргөмүш деген ошентет. Торуна чымынчиркейлерди түшүрүп алып, канын соруп тамактанат.

-Ии, тигини жегени жатат!

-Эси жок десе, жөргөмүш чымынды жей албайт.

-Ооба сизге, жейт. Карасаңыз, жакындап калбадыбы. Аны тартайган буттары менен ороп алды.

-Жөргөмүш чымынды жей албайт. Бирок анын канын сорот.

-Оозу жок, анан кантип сорот?

?! Сен буга кандай дейсиң?

www.bizdin.kg

II

-А сен карап турсаң көрөсүң.

-Карап эле турам. Чымынды буту менен ороп алганын көрдүм. Бирок анын канын соргону такыр эле көрүнбөйт экен. Кантип сорот? Ата, айтсаңыз!

-Айгүлдүн бул суроосуна жооп таба албай кыйналып турдум. Айлам кеткенде аны башка сөзгө алаксытмак болдум:

-Жөргөмүштөр жей турган тамагын желеси менен ушинтип кармашат, - дедим баштаган сөзүмдү кенен түшүндүрүүгө аракет кылып.

-Анда чоң жөргөмүштүн желеси да чоң болсо керек ээ, ата?

-Мен аны өз көзүм менен көргөн эмесмин. Бир саякатчы жөргөмүштүн желеси менен салмагы үч жарым килограмм болгон балык кармаганын окугамын.

-Үү-үүй, атамын калпычысын!

?! Чын эле калп айттыбы?

III

-Айка, мен калп айткан жокмун. Ал саякатчынын аты-жөнүн да жакшы билем.

-Билсеңиз айтыңызчы?

-Маклука Маклай деген саякатчы.

-Баары бир ишенбейм.

-Эмне үчүн ишенбейсиң?

-Балыкты жөргөмүштүн желеси менен эмес, кайырмак менен кармайт да. Анан дагы жөргөмүштүн желеси жоон болсо, менин ортон колумдай болобу?

-Сейин ортон колуңдай болбосо да, беш-алты жолу кабатталган чарык жиптей болсо керек го. Антпесе ошол жерде жашаган жергиликтүү эл жөргөмүштүн желелеринен кездеме токушпайт эле го.

-Үү-үй, атам дагы калп айтты! Кантип эле жөргөмүштүн желесинен кездеме токусун?

? Чын эле дагы калп айттыбы? Ушундай болушу мүмкүнбү?

IV

— Чын эле кездеме токушат. Ал кездемелерден сага окшогон кыздарга, Маратка окшогон балдарга сонун-сонун көйнөктөрдү тигип беришет.

— Ооба сизге, сиз алдап жатасыз, ата!

— Чын айтам, жакында эле журналдан окугам. Эмне, ишенбей турасыңбы? Аида угуп тур, баарын түшүндүрүп айтып берейин.

— Айтсаңыз, ата, айтыңызчы!

— Инди океанында Мадагаскар деген арал бар. Мына ошол аралда жашаган жергиликтүү эл ушундай эле жөргөмүштөрдүн желелерин чогултуп алышып, андан кездеме токушат. Мен сага өзүм окуган окуяны айтып жатам. Жөргөмүштүн желесинен аябагандай бышык кездемелер жасалат экен. Ырас, ал жөргөмүштөр мына бул жөргөмүштөрдөн алда канча чоң болушат окшобойбу.

— Менин муштумумдай болсо керек ээ, ата?

— Сенин муштумундай болбосо да, менин бармагымдай болсо керек. Франциялык бир окумуштуу токойду аралап келе жатып, жөргөмүштүн желесине туш келет. Аны үзүп таштап, жолун улантмакчы болот. Бирок колу менен үзө албай койгон. Ошондо

кынындагы чоң канжарын алып чыгып, кесип киргген. Ошол саякатчы үйүнө келгенден кийин жөргөмүштүн торунан кездеме токуй турган ишкана курган. Жөргөмүштүн желесинен токулган кездеме ушинтип Францияда биринчи жолу пайда болгон экен. Ушул кезде Мадагаскарда желеден кездеме токуучу бир нече фабрика бар. Андан токулган кездеменин баары окшош – күңүрт-сары түстө болот. Бирок аны ар түркүн түскө келтире турган боёктор бар эмеспи.

— Кызык экен ээ, ата?!

— Ооба, жаратылышта кызыктар абдан көп. Мен билбеген дагы көп кызыктарды чоңойгондо өзүң окуп билип аларсың...

Мекен Болотов

? 1. Кызык бекен? Мурда бул жөнүндө билет белең?
2. Атасы калп айттыбы?
3. Айгүл кандай кыз? Ага кандай сапаттар мүнөздүү экен?

КЫЗЫКТАР КУТУЧАСЫНАН

Кадимки эле бал аары канатын секундуна 200 ирет какса, ал эми көгүчкөн 9 эле жолу шилтөөгө үлгүрөт.

* * *

Эң терең көл - Байкал көлү. Анын өтө терең жери 1741 метр.

«Байчечекейден»

www.bizdin.kg

КАНАТ ЖАНА МАРАТ

Суроо берет тентек Канат,
Суроо берет тентек Марат:
- Суу ичүүгө оозу жок,
Сууну кантип ичет дарак?

Суроо берет тентек Марат,
Суроо берет тентек Канат:
- Учкан карга самолётко,
Эмне үчүн жетпей калат?

Суроо берет тентек Канат,
Суроо берет тентек Марат:
- Буларга окшоп учкан булут,
Базаргабы, кайда барат?

Суроо берет тентек Марат,
Суроо берет тентек Канат:
- Сени качан багам, ата,
Сени багар ишке жарап?..

Анатай Өмүрканов

? Суроосуна Канаттын,
Суроосуна Мараттын
Сен кандайча жооп айттың?

КИМ КАНДАЙ ДЕЙТ

Чымчыктан атын сурасаң:
- Чыйп! - дейт.
Чычкан атын айталбай:
- Чыйк! - дейт.

www.bizdin.kg

Күчүк атын айталбай:
- Борс! - дейт.
- Орой атын айтпастан:
- Корс! - дейт.

Турар Кожомбердиев

АКЫЛДУУ ДЫЙКАН

(Швед эл жомогу)

I

Бир жолу король аң уулоого чыгып, талаада аштык эгип жүргөн дыйканды көрүп калат.

-Күндүк тапкан акчаң канча? - деп сурады андан.

-Төрт теңге, - деди дыйкан.

-Коош, а төрт теңгени кантип сарптайсың?

-Бирин ичкен ашыма кетирем, экинчисин катып коём, үчүнчүсүн кайра кайтарып берем, төртүнчүсүн ыргытып жиберем.

-Жообуң мага түшүнүксүз, - деп таң калды король. - Эмне деген сөз: ичкен ашыма, катып коём, кайра кайтарам, ыргытып жиберем?!

? 1. Сен кандай деп ойлойсуң, эмне деген сөздөр?
2. «Коош» дегенди кандай түшүндүң? Ушул сөзду бирөөлөрдөн уктуң беле?
3. Жомокту андан ары улантып окуйлу. Өзүңдүн ойлогонуң менен салыштырчы!

II

- Түшүнүктүү эле нерсе, - деп жооп кайтарды дыйкан. - Бир теңгени өз тамагыма сарптайм, экинчисин мен карыганда багаар-көрөөр балдарыма

чыгымдайм. Үчүнчүсүн мени багып чоңойткон атама берем. А төртүнчүсүн болсо жеткен илээнди, жалкоо, ажаан аялыма керектейм. Бул теңгени курулай коромжу пул деп эсептейм. Ыргытып жибергеним ошо да.

- Эми түшүндүм,- деп кубанды король. -Бирок сенден өтүнөөрүм - менин жүзүмдү жүз жолу көрмөйүнчө бул табышмактуу кебиңди жан кишиге айтпа!

Дыйкан ага макулдугун берди. Король сүйүнгөн бойдон ак сарайына жол тартты.

Келээри менен увазирлерди чогултуп:

- Мен айта турган сырдуу кептин жандырмагын кимиңер табасыңар? - деп кайрылды. -Бир дыйкан күнүнө төрт теңге табат дейли. Бирин өзү жейт, экинчисин катып коёт, үчүнчүсүн кайра кайтарат, төртүнчүсүн таштап салат. - Бул эмне деген табышмак?

Увазирлери баштарын тырмап туруп калышты. Бирок бир митаам увазири королдун кечээ аң уулоодон келатып, дыйканга жолугуп, кыйлага аңгемелешкенин эсине түшүрдү. «Мандем ошондо болбосун» - деп ойлоду да, жолго чыкты. Дыйканды тапты. Бирок ал увазирге эч сыр айтпай койду. Королдун жүзүн жүз жолу көрмөйүнчө жандырмагын айтпаска убада бергендигин эскертти.

? 1. Увазир дыйкандан табышмактын жандырмагын кантип сурап алса болмок? Ал кандай амал колдонсо болот деп ойлойсуң?
2. Король эмне үчүн бул табышмакты увазирлерине айтып жатат?

- Таппасаң сыйпалап кал! - деп кудуңдады айлакер увазир. Анан капчыгынан жүз күмүш тыйын

тыйынды алып чыкты да, дыйканга сунду. Ар бир тыйынга королдун багжайган сүрөтү түшүрүлүптүр. Тыйындарды бир-бирден карап чыкты да, дыйкан өзү айткан табышмак сөздүн жандырмагын баяндап берди. Кубанычы койнуна батпаган увазир королго келип:

-Улуу урматтуу төрөм! Табышмагыңызды таптым, - деди да, айтып берди.

-Буга сенин акылың жетмек эмес. Дыйкандан уккан окшойсуң! - деди ачууланып. Акыры дыйканды сарайына алдыртты.

-Убададан танганың жүзү каралык! -Король дыйканды жекирди.

-Танганым жок, урматтуу төрө, -деп жай баяндады ал. -Өзүңүз айткандай, жүзүңүздү жүз жолу көрдүм. Андан соң айтпаска аргам калбады.

Дыйкандын колундагы өзүнүн сүрөтү чөгөрүлгөн жүз тыйынды көргөн соң, король башын мыкчып отуруп калды.

? 1. Жомок эмнеси менен жакты?
2. Кыргыз эл жомоктору менен кандай окшоштук жактары бар?
3. Дыйкан, король, увазир кандай адамдар экен? Ар бирин мүнөздөп көрөлүчү!
4. Ичкен ашыма, катып коём, кайра кайтарам, ыргытып жиберем деген сөздөр эмнени түшүндүрөт экен?

ЭМНЕГЕ МЕН ЖЕРДЕМИН

Жылдыз сурайт энесинен:
- Асманга от жаккан ким?
Же шурубу жылтырак,
Ага аларды таккан ким?

www.bizdin.kg

- Аларды Ай, жылдыз дейт,
Билип жүргүн эрмегим.
- Жылдызмын го мен деле
А эмне үчүн жердемин?

Алымкан Дегенбаева

? А сен эмне дедиң Жылдыздын суроосуна?

ТАБЫШМАК

Кыш куюп, ылай чылабайт,
Ичи-тышын шыбабайт.
Үй куруп алат кайсы уста
Балта-керки кармабай.

Ача куйрук, агыш төш,
Бир топ учкуч бу дагы.
Үйгө кирип чыкса да,
Эч кандай жок зыяны. *(Ч . . . . . .)*

ҮЧ СУРОО

1. Чындык менен жалгандын аралыгы канчалык?
2. Акылдуулук деген эмне, акылсыздык деген эмне?
3. Жакшы менен жамандын айырмасы эмнеде?

СУРОО

- Кирпиктерим упузун
Карегимдин алдында,
Турса да не көралбайм?
Мен ушуга таңмын да!..

Каныбек Жунушев

www.bizdin.kg

АПЕНДИНИН ЖОРУКТАРЫНАН

(Эл оозунан)

Бир жолу Апенди сууда сүзүп жүргөн өрдөктөрдү көрдү да, ошол сууга нанын суулап жей баштады.

-Эмне кылып жатасың, Апенди?- деди жанындагы шериги.

-Өрдөктүн шорпосуна нан матырып жеп жатам.

* * *

Апенди бир күнү эртең менен эшигинин алдына чыгып алып:

- Ээ, Кудай, мага туптуура 100 дилде бере көр. Андан бирөө кем болсо да, бирөө ашык болсо да албайм! - деп эки колун жайып, асманды карап суранып кирет.

Муну көрүп калган кошунасы Апендини сынап көрмөк болот да, капчыкка 99 дилдени салып, короонун дубалынан ашыра Апендини карай ыргытат. Апенди аңтаң болуп, эки жагын каранып алып, дилделерди алып, санап кирет:

- 1, 2, 3, 4... 96, 97, 98, 99... капчыгы менен туптуура жүз. Ырахмат, Кудай! - деп үйүнө кирип кетиптир.

ЖЫЛ ЖАСАГЫЧ АБЫШКА

Жыл жасагыч абышка сыртка чыгып, колун жаңсады. Жеңинен куштар учуп чыкты. Ал куштардын ар биринин өзүнчө аты бар болчу. Жыл жасагыч абышка биринчи ирет жаңсаганда, алгачкы үч куш учту. Бороон ышкырып, ызгаардуу суук башталды.

Абышка колун экинчи ирет жаңсады. Дагы үч куш учту. Кар ээрип, жер бетинде байчечекей жайнады.

Ал колун үчүнчү ирет жаңсады эле, үчүнчү үч куш учту. Күн ысып, үп боло баштады.

Колун төртүнчү жолу жаңсаганда, кийинки үч куш учту. Суук шамал жүрүп, жер бетин туман басып, жамгыр жаачу болду.

Куштар тегин куштар эмес эле. Ар биринин төрттөн канаты, канаттарынын жетиден талы бар. Ал эми ар бир талдын бир жагы ак, бир жагы кара жана өзүнчө аты бар. Куштар канатын бир какканда, жер бети жарык болуп, экинчи какканда, караңгыга чөмүлөт.

Владимир Даль

? 1. Жыл жасагыч абышканын жеңинен учкан ал кандай куштар?
2. Куштардын төрт канаты - бул эмне?
3. Ар бир канаттагы жети тал - эмне?
4. Ар бир талдын бир жагы кара, бир жагы ак болгону кандай?
5. Абышканын аты кандай экен?

Бөлүм боюнча суроолор

1. Бөлүмдүн аты жактыбы?
2. Кайсы чыгарма сени көбүрөөк ойлонтту? Эмне үчүн?
3. Ушул бөлүмдү окугандан кийин сенде езгөрүү болду деп ойлойсуңбу?
4. Бул бөлүмдөгүлөрдүн көпчүлүгү кандай каармандар экен?
5. Бөлүмгө тиешелүү кандай өзгөчөлүктү байкадың?
6. Бөлүм башталгандагы сүрөт кайсы чыгармага туура келет экен?

www.bizdin.kg

ЭЛИБИЗДИН УЛУУ ИНСАНДАРЫ

Элибиздин улуу инсандары жөнүндө атайы 100 китеп жазсак да, алардын баарын ага батыра албас элек. Анткени эл үчүн ак кызматын аябаган, талыкпаган мээнеткеч уул-кыздар элибизде арбын. Анын үстүнө мезгил өткөн сайын алардын саны дагы өсө бермекчи.

«Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракеси өткөрүлгөн 1995-жылы борборубуз Бишкек шаарынын чок ортосунан - Филармониянын жанынан «Эл куту» монументалдык эстелиги орун алды.

Кандай гана улуу инсандар, ыйык адамдар! Ар бири не деген керемет дүйнө!

Мындан 9 кылым мурда жашашкан атактуу адамдар - улуу ойчул акын Жусуп Баласагын, улуу окумуштуу тилчи, тарыхчы, географ, этнограф - Махмуд Кашкары, эстеликтин күн чыгыш бетинин

так ортосунан орун алып, алардын жанында «кыргыз ханышасы» наамына татыктуу болгон Алайдан чыккан атактуу Курманжан датка, биз чыгармаларын окуган ак таңдай акын Токтогул, кыргыз театрынын жылдызы, элеси ар дайым жүрөгүбүздө калган киноактер - Муратбек Рыскулов жайгашкан эле.

Алардан түндүктү карай жазгыч акын, көптөгөн чыгармаларын биз сүйүп окуган - Тоголок Молдо, эки колун эки жакка жайып, эргип «Манас» айтып жаткан Саякбай, кол ойнотуп комуз черткен, не деген укмуш күүлөрдүн, обондордун авторлору - Ниязаалы, Атай, түштүк жагында - көзү азиз болсо да көкүрөгү зирек, комузу жок шыр төккөн, алдына адам салбаган ырчы - Барпы, элесин көргөндө кулагыңа күү угулган, колунан комузун түшүрбөгөн - Карамолдо, жаактууга жеңдирбеген, бир төксө



оңой менен токтобогон ырчы - Жеңижок, кыргыз улуттук профессионал сүрөт өнөрүнө негиз салуучуларыбыздын бири, кыргыздын туңгуч сүрөтчүсү - Гапар Айтиев, белгилүү балерина, кыргыз хореографиясын негиздөөчүлөрдүн бири, ажары Айды да суктандырган - Бүбүсара Бейшеналиева турар эле.

Ортодо чыгармаларынын көпчүлүгүн биз билген акын-жазуучуларыбыз - Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Чыңгыз Айтматов, алардын түндүк тарабында көрүнүктүү илимпоз, кыргыз геология-минералогия илимин өркүндөтүүгө бараандуу салым кошкон академик - Муса Адышев, элибизге аттын кашкасындай таанымал, белгилүү хирургдар - Иса Ахунбаев, Мамбет Мамакеев, композитор жана дирижер, эгемендүү Кыргыз Республикасынын Гимнинин музыкасынын авторлорунун бири - Калый Молдобасанов, атактуу кинорежиссер - Төлөмүш Океев, тарыхый романдарды жазуу боюнча алдына эч кимди чыгарбаган таланттуу жазуучу - Төлөгөн Касымбеков.

Эстеликтин күн батыш тарабынын түштүк жагын белгилүү акын - Темиркул Үмөталиев, эгемендүү Кыргыз Республикасынын биринчи президенти, академик - Аскар Акаев, мукам үнү кубулжуган опера ырчысы - Кайыргүл Сартбаева, кыргыз геологиясынын өнүгүшүндө зор салымы бар геолог - Дмитрий Щербаков, кыргыз илиминде өз орду бар академик - Үсөн Асанов, атактуу терапевт врач - Мирсаид Миррахимов ээлеген болчу.

Бул эстелик элибиздин улуу инсандарына арналган - элдин сыйы, урматы. Бекеринен ал «Эл куту» деп аталбаса керек.

www.bizdin.kg

Эстеликти карап туруп, ушундай залкар адамдардын элеси бир эстеликке кантип батты экен деген ой келер эле. Алардын ар бири эле түгөнгүс казына эмеспи!..

Экинчи жагынан, эстелик үчүн айрым гана адамдар символикалык түрдө алынгандыгына күбө болобуз. Андай болбогондо Алыкул, Мидин баштаган акын-жазуучулардын канчасы орун албай калган. Канчалаган таланттуу киноактерлор, кинорежиссерлор, окумуштуулар, эмгек баатырлары, атагы таш жарган чечендер, алгачкы тарыхчылар, болорун болгондой айтып бере алган сынчылар, Ата Мекенибизди жоодон эр жүрөктүүлүк менен коргогон баатырлар, далысы жерге тийип көрбөгөн балбандар ж.б. өнөрлөрдүн ээлери элибиздин куту эмеспи!..

Ал эми ушундай улуу эстеликтин автору - белгилүү скульптор Кыргыз Республикасынын Баатыры Тургунбай Садыковчу? Ал улуу адам эмеспи?! Анын ушундай эстеликке кирүүгө акысы жокпу? Албетте, бар. Буга толук татыктуу. Анын Бишкек, Ош шаарларын көркүнө чыгарып турган, биринен бири өткөн баалуу, кооз эстеликтеричи! Эмне деген эмгек, эмне деген мээнет! Башкасын айтпаганда да, «Эл куту» эстелиги - 25 жылдык эмгектин, талыкпаган мээнеттин үзүрү, жемиши.

Орустун улуу ойчулу Лев Толстойдун мындай сөзү бар: «Адамда эки жакшы сапат бар: бири - акыл, бири - эмгек. Адамда эки жаман сапат бар: бири - жалкоолук, экинчиси - ашыкча ырымчылдык». Ушул айтылгандарды эсиңе бекем түйүп, ошого жараша аракеттенсең, келечекте сенин да улуу инсан болоруңда шек жок. Демек, мезгил өткөн сайын элибиздин улуу инсандарынын саны улам өсө бермекчи!

www.bizdin.kg

Биз бул окуу китебинде айрым гана адамдар, алардын эмгектери менен таанышабыз. Улам жашыбыз өскөн сайын аларды тереңдетип окуй бермекчибиз.

? 1. Бул адамдар, алардын эмгектери жөнүндө мурда эмнелерди билчү элең?
2. Дагы кандай улуу инсандарыбызды билесиң?
3. Булардын катарын дагы кимдер менен толуктагың келет?
4. «Эл куту» дегенди кандай түшүндүң?

ЖУСУП БАЛАСАГЫН

Жусуп Хас Хажиб касиеттүү кыргыз жеринде, Сары Өзөн Чүйдүн көкүрөгүндөгү Баласагын шаарында (азыркы Токмок шаарынын жанындагы Бурана ченде) жарык дүйнөгө келген. Кийин атактуу адам болгондо Жусуп Баласагын аталган. Бул Баласагындык Жусуп же Баласагында жашаган, Баласагындан чыккан Жусуп дегенди билдирет. Жаш кезинен терең билим алып, өз доорунун ойчул акындарынын ири алдында болуп, чыгармасында калайык-калктын турмушун кеңири чагылдырган. Акындын «Кут билими» («Кут алчу билим») дастаны ошол кездеги түрк элдеринин биринин тилинде жазылган туңгуч китеп болгону менен да өтө баалуу.

Акын Жусуп Баласагын «Кут билими» дастанын акыл-ою жетилип, чыгармачылык күчү толуп-ташып турган курагында (1069-жылы) он сегиз айдын ичинде жазып бүтүргөн.

Бул китептин өзөгү айрым өзгөрбөс, түбөлүктүү түшүнүктөрдөн турат: биринчиси - адилет, экинчиси - дөөлөт, үчүнчүсү - акыл, төртүнчүсү - каниет делип, алардын ар бирине түркчө өз аттары берилген. Адилетти Күнчыкты Элик атаган, бул - өкүмдар. Дөөлөттүн аты - Айтолду, ал увазир, Акылга - Акдилмиш деген ат берилген, ал увазирдин уулу, а Каниет болсо - Өткүрмүш аталып, анын иниси делген. Мына ушулардын ортосундагы өз ара сүйлөшүүлөр, суроо-жооптор аркылуу санжыра чечмеленет.

Чин (Түндүк Кытай) акылмандарынын санат сөздөрү менен Мачин (Түштүк Кытай) даанышмандарынын ырларына сугарылып жаратылган бул китептин атагы алыска тарап, ага ар жерде ар кандай - «Такыбалык жыйнак», «Мамлекет түркүгү», «Өкүмдарлар зыйнаты», «Шах китеби», «Өкүмдарларга осуят китеп», «Кут алчу билим», «Кут билими» деген сыяктуу аттар берилген.

«КУТ БИЛИМИНЕН» АЙРЫМ ҮЗҮНДҮЛӨР

Ушул китеп - улуу күндөр жемиши,
Билимдүүгө - терең билим деңизи.

Жалаң акыл-насаат сөздөн түзүлгөн,
Шуру сымал жибек жипке тизилген.

Ким китепти окуй билсе түшүнө,
Эки дүйнө жарык берер ишине.

Мындан артык мурун китеп бар беле,
Жаралабы кийин буга тең, тете?

Эгер чыкса, андай белдүү азамат,
Даңктанганга мен даярмын кубаттап!

Китеп көп араб, тажик тилдеринде,
Бул китеп - эң биринчи биздин тилде.

Билимдүү бул китептин баркын билет,
Окуган - акыл-оюн эске түйөт.

Эки нерсе бардык тилде жатталар:
Бири - жакшы, бири - жаман ат калар.

Жакшы болсоң - барктуу атың даңкталар,
Жаман болсоң - жаман атың сакталар.

Акыл көркү - тил,
Тилдин көркү - сөз,
Адам көркү - жүз,
Жүздүн көркү - көз.

Сарандык күч алса, кубаныч азаяр.

Сарың бай шордуу кулдан да жаман.

Аракечтик адам жанын күйгүзөр,
Жардылыктын жаман тонун кийгизер.

Адепти акылдуудан үйрөнөсүң.

Сөз - көңүлдүн күзгүсү.

Акылсыз адам - мөмөсүз дарак сыяктуу ж.б.

? 1. Жогоруда айтылгандардын маанисин кандайча түшүндүң?
2. «Кут билими» дастаны эмнеси менен баалуу экен?
3. Анын автору жөнүндө эмнелерди билдиң?

! Бул китеп «Кыргызстан» басмасынан басылып чыккан. Анын ичиндеги кээ бир гана насаат сөздөр сунуш кылынды.

www.bizdin.kg

МАХМУД КАШКАРЫ

Махмуд ибн Хусейн - он биринчи кылымда жашап өткөн улуу окумуштуу. Анын өмүр баяны жөнүндө так маалымат жок, айрым гана божомолдор бар. Ал Ысык-Көл боюндагы байыркы шаар Барсхандын (азыркы Барскон кыштагы жайгашкан жер) эмири Хусейн ибн Мухаммеддин уулу. Кашкар шаарында жашап турганда Кашкары (Махмуд Кашкарлык) атка ээ болот.

Ал «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» («Девону лугатит түрк») аттуу залкар эмгектин автору. Алгачкы тилчи окумуштуу Махмуд Кашкары бул эмгекти илими жетилген чагында, жамы түрк элдеринин жерлерин кезип, алардын тилин, дилин, кеп-сөзүн дыкаттык менен кылдат изилдеп, кийинкилерге маданий мурас болсун деп тилеп, көп жылдык өмүрүн арнап, билимин, күчүн сарптап, 1072-1083-жылдары жазып бүтүргөн.

Ал дүйнөнүн картасын түзүп, аны ошол китепке киргизген. Анда Жер шарынын борбору Борбордук Азияга, тагыраак айтканда, Ысык-Көл менен Баласагын шаарларынын аралыгына туура келет. «Жер киндиги - Барскон» деген сөз Махмуд Кашкарыга тиешелүү эмеспи.

Махмуд Кашкарынын «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» менен Жусуп Баласагындын «Кут билими» бир мезгилде, мындан 10 кылым мурда жаралып, биринин ажарын бири ачып турган эмгектер. Мезгил өткөн сайын алардын баасы улам арта бермекчи.

? 1. Махмуд Кашкарынын улуулугу эмнеде?
2. Ага кандай асыл сапаттар тиешелүү деп ойлойсуң?
3. «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» аттуу эмгегин кандай максатта жаратыптыр?

www.bizdin.kg

КОЖОМКУЛ БАЛБАН

Кыргыз жергесине аттын кашкасындай таанымал атактуу балбан - Каба уулу Кожомкул айтылуу Суусамыр өрөөнүндө жашап өткөн.

Балбандын атасы Каба нечен жолу эр эңиш, күрөштөргө түшүп, эч кимден жеңилүү ызасын тарткан эмес. Энеси алмадай болгон кезинде «ургаачы жолборс» аталып, эр сайышка түшүп, атаандашын ат үстүнөн ыргыта сайыптыр.

Кожомкул да ата жолун жолдоп, жашынан балбан аталды. Ал өмүрү өткөнчө эл-жерине кызмат кылып жүрүп, 1955-жылы 69 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Ал айыл азыр Кожомкулдун ысмында.

МОКОТОЙ АЙТАТ

...Кожомкулдун күчкө толуп турган жигит курагы. Көр оокаттын айынан жайдыр-кыштыр жалданып иштеп, Чопкут байдын түрдүү жумуштарын аткарат.

Бир күнү атам Каба чөп чабык маалында өгүзгө сүзмө, айран артып, Чопкут байдын чөбүн чаап жүргөн Кожомкул байкеме жумшады. Минген өгүзүмдү илкитип отуруп, барчу жериме шашкеде араң жеттим. Келсем, Кожокем талдын көлөкөсүндө чалгы чыңап отурган экен. Чаначтарды түшүрүп алып, айрандан бир аз жутуп коюп, кайрадан ишине кириштим. Мен алдыма тердик салынып, көлөкөдө кыйшайып жатып, талыкшып уктап кетипмин. Бир маалда көзүмдү ачсам, Кожокем жеңилденип алып, мен минип келген өгүздү белинен төрт кабаттап таңып жатат. Кызыгып, эмне кылаар экен деп үн чыгарбай жата бердим. Таңып бол-

гон соң, оң ийнине чепкенин калыңдап бүктөп коюп, өгүздү таңгак куурайдай жерден алып типтик көтөрүп, нары-бери басып, кайра жерге коё койду.

Эртеси чабылган чөптү чөмөлөп бүтүп, үйгө кайттык. Мен болгон ишти атам менен апама айтсам, алар кубанышып:

- Балам, күч-кубатың жетилип, толуп турган экенсиң. Эми тартынбай балбанга түшө бер? - дешип баталарын беришти. Ошондон тартып Кожокем аштойлордо эр эңиш, күрөштөргө түшө баштады.

САЗГА БАТКАН ТӨӨ

Сормо сазга төрт аягы менен батып кеткен төөнү эртеден бери он бештей адам асылып жатышып, сыртка тартып чыгара албай коюшту.

Төөсүнө кейиген Баракан байдын чый-пыйы чыгып, жигиттерине карап:

— Кумурскадай жайнап жүрүп, эртеден бери бир төөнү саздан чыгара албай койдуңар. Күчүңөр ашка эле чыккан арам тамактар турбайсыңарбы! - деп нары-бери басып наалыйт. Ошол тапта ары жакта атчан өтүп бара жаткан Кожомкулду көрө коюп, сүйүнүп кетет да:

— Кана, балбан, мобул төөмдү баткактан чыгарып берчи, - деп калат.

Аттан түшүп басып келген балбан төөнү өркөчүнөн кармап, копшоп-копшоп койгондо, бир аз бошой түшкөнсүдү. Карап турган адамдар дароо кыл арканды алдынан кабаттап өткөрүшүп, чырмап байлап жиберишти. Аркандын учунан кармаган Кожомкул өзү кургак жерге чыгып, чирене түшүп тартканда, төө «бурк» этип, саздан сыртка чыга ке-

www.bizdin.kg

липтир. Жарданып тургандар төөнү карап көрүшсө, алты кабатталган кыл аркандын төрт кабаты күч келгендиктен быт-чыты чыгып үзүлүп кеткен экен.

Балбандын күчүнө ыраазы болгон көпчүлүк ага ак тилек каалашты. Баракан болсо сүйүнгөнүнөн Кожомкулдун үстүнө чепкен жааптыр.

КОЖОМКУЛДУН ТАШЫ

Эртең менен Айдаркан байдын үйүндө кымыз ичип отургандар Кожомкулду ортого алышып:

- Атагың Алайга, даңкың далайга кеткен балбан болдуң. Кийинки урпактар даңазалап айтып жүргөнгө жакшы. Таш көтөрүп, белги орнотуп кой, - деп кыстап калышты. Отургандардын арасынан дароо он азамат бөлүнүп чыгып, сай жактан туурасына кучак жеткис зоңкойгон ташты калтек салып тоголотуп жатышып, түзөң жерге алып келишти. Апыш уста эт бышымдай илээшип, ортосун чаап муунактады. Балбан чечинип, таштын жанына басып келди да, бир жак башынан жөлөп, тикесинен тургузуп, кучагына кыса жерден так көтөрүп, казылган чуңкурга «лак» эттире таштап, орнотуп коёт.

Зындандай оор таштын салмагынан балбандын бүткөн боюна күч келип, өтүктөрүнүн таманы ыдырап сөгүлүп, эки бетинин отунан шүүшүндөп кан чыга түшкөн дешет.

Ошондон бери адам боюнан бийик моло таш Арамза жайлоосундагы көк конушта «Кожомкулдун ташы» деп аталып, азыр да турат.

...Береги жол боюндагы боз үй түспөлүндө салынган күмбөзгө өйдөтөмөн өткөн жолоочулар токтошуп:

- Капырай, жарыктык Кожомкул өтө зор адам болгон экен го. Күмбөздөгү баскан беш манжасынын изине колумду койсом, араң эле алаканынын отуна сыйды! - деп таң калып калышат.

Бою 2 метр 20 сантиметрдей, салмагы 168 килограмм болгон кыргыз балбанынын кебете-кешпирин элестетип көрөлүчү!..

Шабданбек Кулуев

? 1. Кожомкул балбан жөнүндө мурда укkан белең? Ал жөнүндө эмнелерди билесиң?

2. Кожомкул кандай адам экен? Ага кандай сапаттар мүнөздүү деп ойлойсуң?

3. Ал эмне үчүн өгүздү көтөрүп күчүн сынап жатат? Бирөөлөрдү уруп сынап көрбөйбү? Ошончо күчтүү болсо, элдин баарын күч менен башкарып албайбы?

4. Кожомкул жөнүндө дагы билгиң келсе, улуулардан сураштырып көр. Ал жөнүндө кызыктуу окуялар эл арасына абдан кеңири тарап кеткен.

Бөлүм боюнча суроолор

1. Бул бөлүмдөн эмнелерди үйрөндүң?
2. Элибиздин улуу инсандарынын катарын кимдер менен толуктадың?
3. Улуу инсан дегенди кандай түшүндүң?
4. Жусуп Баласагындын жазгандары менен макалдардын ортосундагы кандай байланышты байкадың?
5. Кайсы улуу инсан жөнүндө аны даңазалап чыгарма жараткың келет? Эмне үчүн?

Биз буга чейин кандай гана кызыктуу чыгармалар менен таанышпадык! Бул бөлүмдөн залкар «Манас» эпосунан баштап, сакадай бою сары алтын болгон макал-лакаптарга чейин окуйбуз. Ал эми табышмак, жаңылмачтарчы, биринен бири кызык жомокторчу?!

Ошентсе да чети оюлайын дебейт. Биз анын бир үзүмү менен гана таанышабыз. Адам өмүр бою аларды окуп, өмүр бою аны менен азыктанып келет экен да.

Биз 2-класста «Манас» эпосунун негизинде жазылган «Жолой дөө менен Кошой дөө» аттуу сценканы, 3-класста «Манас» эпосунун Кубанычбек Маликов тарабынан иштелип чыккан кара сөз түрүндөгү кыскача вариантын окудук. Бүгүн биз андан ары улантып, «Семетей», «Сейтек» эпостору жөнүндө окуйбуз.

www.bizdin.kg

МАНАСТЫН УУЛУ СЕМЕТЕЙ

Ошентип, Каныкей Букар шаарында атасынын колунда жалгыз уулу Семетей чоңойгончо турат. Семетейди Каныкейдин агасы Ысмайыл асырап багат.

Бирок бала чоңойгончо Манастын уулу экендиги айтылбайт. Семетей өзү да атам Ысмайыл деп эле жүрө берет.

Семетейчилердин айтуусу боюнча Семетейдин атасы Манас экендиги эки түрдүү жол менен билдирилет.

Биринчиси, Семетей чоңоюп, ит агытып, куш салып токойдо жүргөндө көмүр өчүрүп жүргөн бир Сары таз деген киши, кыязы Манастын туугандарынан болсо керек, атайы Семетейдин намысын козгоо үчүн жолунан тосуп:

- Эй, жетим, сен бу жерде эмне Каракандын өз баласы окшоп жыргап-куунап жүрөсүң? Сенин атаң - Манас, жериң - Талас. Бирөөнүн эли эл болбойт. Эрте жолду тап! - деп баланын көөдөнүнө өрт коёт.

Семетей ыйлап олтуруп, Сары таздан жөн-жайын аябай угат. Анан атасын айтпай жашырып жүргөнү үчүн энесине таарынып, акыры чындыгына жеткенде, таятасы менен кош айтышып, андагы агайын-тууганы менен Таласка көчүп келет. Баягы Сары таз «Сары аба» атка конуп, Семетейдин эң кадырлаган аксакалынын бирөө болот.

Экинчиси, чоң манасчы, семетейчи Карала уулу Саякбайдын айтуусу боюнча, «Тайтору» окуясы аркылуу билдирилет.

Семетей чоңоюп калган кезде атасы Каракан Букарга көп эл чогултуп, ат чапмак болот. Буга алтымыш асый Тайторуну жетелетип, Каныкей да келет. Тайтору болсо

«Катагандын кан Кошой,
Асага берген мал эле».

Бул чоң ат чабышка Канықей: «Билбегенге Манастын ашы, билгенге Семетейдин тою»- деп атасынын каршылыгына карабай, Тайторуну кошуп жиберет. Тайтору чоң байгеден чыгып келет. Мына ошондон кийин Семетей атасы Манас экенин билип, Таласка көчүп келиптир.

Семетей эки гана чоро (Күлчоро, Канчоро) күтөт. Семетей чоңоюп келип, өз элин башкара баштаганын уккан эски душман Коңурбай аскер алып, Таласты көздөй аттанат. Семетей да кол-кошуну (аскери) менен чыгып, чоң согуш болуп, кыргыздар жеңип, Күлчоро менен Семетей Коңурбайды колго түшүрүп, аскерин талкалайт.

? 1. Эмне үчүн Семетейге анын атасы Манас экендигин айтышкан жок?
2. Сары таз кандай адам деп ойлойсуң? Эмне үчүн?
3. «Билбегенге Манастын ашы, билгенге Семетейдин тою» дегенди кандай түшүндүң?
4. Той менен аштын кандай айырмасы бар?
5. Семетей кандай баатыр? Атасы Манас баатырга кандай окшоштуктары жана айырмачылыктары бар экен?
6. Жомоктун бул кара сөз түрүндөгү кыскача вариантында Семетей жөнүндө толук, кеңири айтылган деп ойлойсуңбу? Эмне үчүн?
7. «Асага берген мал эле» дегенди кандай түшүндүң?

! *Асага* - тартууга, белекке деген мааниде.

СЕМЕТЕЙДИН УУЛУ СЕЙТЕК

Манас Манас болуп турган кезинде Үргөнчтөгү Акун хан деген менен достошуп, бел куда болот (илгери кыз төрөлө электе эле ата-энелер өз ара кудалаша беришчү, аны «бел куда» деп коюшчу).

www.bizdin.kg

Семетей төрөлгөндөн кийин Акун хандан Айчүрөк туулат. Акун хан антташып койгон анты-шертине туруп, кызын Семетейди күттүрө берет. Бирок бойго жеткен кезде кызды биз алабыз деп, Семетейдин душмандары Чынкожо, Толтой Акун хандын шаарын камап калат. Айласы кеткен Айчүрөк ак куу болуп учуп келип, Семетейдин ак шумкарын ала качып кетет. Ким алып кеткенин билген Семетей чоролору менен барып, душманын жеңип, Айчүрөктү алып кайтат.

Бул арада ички чатактар ырбайт. Семетейдин биринчи аялы Чачыкей Канчоронун арамза тилине кирип, күйөөсүнө душмандык издейт. Күлчоронун Семетейдин алдында өтө кадырлуу болуп кетишине ичи күйгөн Канчорого бул чагым жага бербей калат. Астыртан Толтойдун уулу Кыяс менен байланышып, чыккынчылык жолго түшөт. Күтпөгөн жерден Кыяс көп аскер менен келип, Семетейди камынтпай капысынан басып өлтүрөт. Боюнда бар Айчүрөк менен Күлчорону матап байлап алып келет.

Таласка Канчоро хан болуп калат. Семетейдин улуу аялы Чачыкей Канчорого күйөөгө чыгат. Канықей музоо кайтарып, картайган Бакай төө багып, эптеп күн өткөрүшөт...

Жеткайт деген жерде, Жедигер деген элде Айчүрөк Кыястын аялы болуп, Күлчоро Кыястын жылкычы кулу болуп эптеп күн көрүшөт. Айчүрөк Сейтегин төрөп, эптеп аман-эсен өстүрө баштайт. Ал Кыястын уулу деп чоңоё берет. Сейтек Боз бала деген жылкычы менен дос болуп, азап-шордо жүргөн Күлчоро менен таанышат.

Күлчоро сөз кезеги келгенде баланын көзүн ачуу үчүн хан Кыяс атасы эмес эле өз атасы Семетейди өлтүргөн душманы, энеси Айчүрөк Кыястын күңү,

Күлчоро Кыястын кулу экендигин ачык айтат. «Жериң - Талас, чоң атаң - Манас, өз атаң - Семетей, мен Семетейдин жанындай көргөн чоросу элем», - дейт Сейтекке. Айчүрөк да ошол Күлчоро айткан сөздү бекемдейт.

Эми Сейтек Таласка кетүүнүн камында болот. Ошол элдеги Кутубай деген акылдуу кишинин кепкеңеши, досу Боз баланын жардамы менен Сейтек алдыртан Күлчорону бошоттуруп, куралдандырып, күч жыйнап бүткөндө, хан Кыясты өлтүрүшөт. Анан Сейтек, Күлчоро, Айчүрөк жолдош-жоролору менен Таласка кетишет.

Алар келгенде аксакал Бакай, Канықей али тирүү, кордукта жүрүшкөн кези экен. Сейтек жупуну кийинип, билинбей келип Бакай менен Канықейге жолугат. Алардын сырын тартып, тиешелүү кишилерди колго алгандан кийин, хандыктагы Канчорону өлтүрүшүп, Талас элинин бийлигин Сейтек өз колуна алат. Сейтектин акылдаш, насаатташ кишиси Бакай менен Күлчоро болот. Ошентип, акыры адилеттик жеңет.

Манас, Семетей, Сейтек жөнүндөгү эл оозундагы көп окуялуу көркөм чыгарма ушуну менен аяктайт. Сейтектен кийин алардын тукумунан Кенен хан, андан Алымсарык, Кулансарык деген болгон экен. Бирок азырынча алар жөнүндө «Манас», «Семетей», «Сейтек» сыяктуу окуялуу болуп, эл оозунда айтылып жүргөн көркөм чыгарма толук жазылып алына элек.

«Манас» үчилтиги, кыскартып айтканда, азырынча ушуну менен аяктайт.

Кубанычбек Маликов

? 1. Сейтек кандай баатыр? Семетей менен Сейтектин ортосундагы кандай окшоштукту жана айырмачылыкты байкадың?

www.bizdin.kg

2. Эмне үчүн Семетей да, Сейтек да жакшы турмушта жашашса деле, чоңойгон жерлерин таштап, Таласка келе беришти? Ошол жакта эле жыргап жүрө беришсе болбойт беле?

3. Семетейдин душмандары кимдер? Ал эми Сейтектикичи?

4. Семетейдин аялдары, чоролору жөнүндө кандай пикирде болдуң? Эмнеликтен Күлчоро менен Канчоро, Чачыкей менен Айчүрөк бири-биринен кескин айырмаланып калды деп ойлойсуң?

5. Манас кырк чоро, Семетей эки чоро күтсө, Сейтек эмнеге чоро күткөн жок?

6. Кенен хан, Алымсарык, Кулансарык жөнүндө эмне билесиң?

7. Улам кийинки баатырлар жөнүндөгү маалыматтар эмне үчүн азайып кете берген деп ойлойсуң?

! «Семетей», «Сейтек» эпосу боюнча бул баян «Байчечекей» журналына жарыяланган.

Кыргыздар - руханий дүйнөсү абдан бай эл. Канчалаган «Манас» баштаган улуу жомокторго ээ. Анын баарын кылымдардан кылымдарга оозеки айтып келишкен. Жан дүйнөсү бай, сөзгө чебер, сөздү ыйык тутуп, аны терең кадырлаган эл экени ушундан көрүнүп турбайбы.

Улуу «Манастан» сырткары эпостордун саны канча! «Эр Төштүк», «Эр Табылды», «Сариңжи-Бөкөй», «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Жоодарбешим» ж.б. Алардын ар бири - чалкып жаткан океан.

Албетте, алар менен биз жогорку класстарда тереңирээк таанышабыз. Азыр болсо айрым үзүндүлөрдү гана окуйбуз. Анткени оозеки айтылып келгендигине карабастан, алар абдан көлөмдүү да, көлөмүнө жараша мазмун-маңыздуу да.

www.bizdin.kg

ЭР ТӨШТҮК

Чыр-чыр, чыр-чыр, чыр чыгат,
Чыркырап үн бек чыгат.
Чыркыраган ачуу үн
Кулак-мурун жеп чыгат.
Салып барып караса,
Адамча айтып тил сүйлөп,
Ошо жолборс турганы:
- Өчкөн бир отум тамызчы, Төштүк!
Өлгөн жаным тиргизчи, Төштүк!
Суусап кеттим, суу берчи, Төштүк!
Эңкейип барам, эт берчи, Төштүк!
Жакшылыгың көп берчи, Төштүк!
Бугу куудум, баш жедим, Төштүк!
Маралды куудум, төш жедим, Төштүк!
Томугум болду жарадар, Төштүк!
Жатамын боздоп, санаа бар, Төштүк!
Кароол карап кайрылдым, Төштүк!
Кайран буттан айрылдым, Төштүк!
Жолборс минтип турганда
Элемандын сырттаны
Көңүлү кетип бөлүндү,
Буту жара ак жолборс
Тууганындай көрүндү.
«Элимен азган - мен арстан,
Бутунан азган - бул арстан».
Барып Төштүк караса,
Ал Жолборстун бутуна
Чөңөр кирип кетиптир.
Бул чөңөрдүн киргени
Бир кыйлага жетиптир.
Жанында болот кестигин
Кындан сууруп алды эми.

Жонуп жатып Эр Төштүк
Чөңөрдү сууруп алды эми.
Чөңөрдү суурган жеринен
Ириң менен кан кетти.
Ал жаралуу жолборстун
Ооруган жери басылды,
Умачтай көзү ачылды.
- Жан досум, жоого кез болсоң,
Жолдош болуп беремин.
Башыңа мүшкүл иш түшсө,
Айтканыңа көнөмүн.
Элемандын Төштүгү
Дегениңе көнөйүн.
Катуу мүшкүл иш көрсөң,
Медер болуп берейин.
Мурутун булкуп алды эми,
- Түтөтсөң даяр болом! - деп
Төштүккө бере салды эми.
- Бул мурутту түтөтсөң,
Көрүнөм, Төштүк, көзүңө,
Жолдош болом өзүңө,
- Деп ошентип Ак жолборс
Көздөн кайым болду эле.

* * *

Дагы Төштүк жол жүрдү,
Аябастан мол жүрдү.
Түнөргөндөн кararган
Түз талаага кез болду.
Ал талаанын боюнда
Оргуп түтүн бөлүнөт.
Уюгу менен кумурска
Өрткө кеткен көрүнөт.

Күйгөн отту өчүрүп
Эрдикти эпсиз салды эле,
Кумурсканы ал өрттөн,
Аман алып калды эле.
Кумурсканын паашасы
Алкыш айтты мындай деп:
- Күйгүзбөй калдың жанымды,
Алып калдың баарымды.
Керекке берем бутумду,
Бereним Төштүк алыңыз.
Мээнеттүү башка иш түшсө,
Белекке берген бутумду
Бир түтөтө салыңыз.
Кумурскаларды ээрчитип,
Дал өзүңө жетемин,
- Деп ошентип кумурска
Берен Төштүк баатырдын
Берендигин көрдү эми.
Жулуп алып бир бутун
Сырттан Төштүк баатырга
Аманат кылып берди эми.

? 1. Эпостогу бул саптарды кандайча түшүндүң?
а) Элимен азган - мен арстан,
Бутунан азган - бул арстан.
б) Өчкөн бир отум тамызчы, Төштүк!
Өлгөн жаным тиргизчи, Төштүк!
2. Эмне үчүн Төштүккө Жолборс мурутун, кумурска бутун жулуп берди?
3. Төштүк кандай адам экен?

! Карачы, кандай кызык окуялар! Окуган сайын дагы эмне болор экен деп окугуң эле келет. Анын жер астына түшүп кеткени, Чоюн-Кулак алп менен кармашы, аюуну аңдан чыгарганы, анын мурутун жулуп бергени ж.б. окуялар.

www.bizdin.kg

АПЕНДИНИН ЖОРУКТАРЫНАН

Мугалим окуучуларды глобус менен таанышты-рып жатып, анын тешилип калган жерин көрүп:
- Бул эмне болгон?! - деп чочуп кетсе, Апенди:
- Ал Төштүк түшүп кеткен жер тура дептир.

БИЛЕ ЖҮР

- Бразилиядагы кээ бир үйлөрдөн, айрыкча өлкөнүн борбордук райондорундагы үйлөрдөн, колго үйрөтүлгөн бакма удавдарды (тропикалык ысык өлкөлөрдө жашоочу чоң жыландар) көрүүгө болот. Бул башкалар үчүн өтө коркунучтуу сезилет.

Бразилияда мындай чоң жыландар миңдеген түрдүү коркунучтардан жана кырсыктардан сактап калат. Чоң жылан бар короого бир да уулуу жылан жакын жолобойт.

Ал короону мыктап кайтарып, тамакты аз талап кылат. Жыл бою беш гана бакма коёнду жейт.

Балага өтө эле ынак болуп, үйүр алышып кетет. Кичинекей бала үйдөн сыртка чыкты дегенче, чоң жылан аны ээрчип алып, түрдүү коркунучтардан сактап, ар дайым коргоп жүрөт.

«Дүйнөдөгү кызыктардан»

ЖЫЛ БАШЫ БОЛУУНУ ТАЛАШУУ

Жылкы, уй, кой, төө, чычкан, ит, доңуз, улуу (ажыдаар), барс, коён, мечин, жылан - баары чогулуп, жыл башы болууну талашып калышат. Алардын ар бири:

- Жыл башы мен болушум керек, мен болом! - деп жүйөөлөрүн айтышат.

Чычкан байкуштун айта турган жүйөөсү болбогондуктан, көпкө ойлонуп турат да, мындай дейт:

- Минтип талаша берүүдөн эч нерсе чыкпайт. Андан көрө баарыбыз жылдын келишин карап туралык. Кимибиз жылды биринчи көрсөк, ошонубуз жыл башы бололу, - дептир.

Төөнүн бою бийик болгондуктан, чычкандын сөзүн кубаттаптыр. Ошентип, жылдын келишин баары жарданып карап турушат. Келе жаткан жылды баарынан мурда чычкан көрүптүр да, жыл башы болуп калыптыр.

Боюна ишенип туруп, төө жыл башы болуудан куру калыптыр.

Зыяш Бектенов

? 1. Жыл башы болууну эмнеге талашышат? Жыл башы болгон жакшыбы?

2. Чычкан кандай жаныбар экен? Ал эмне үчүн көпкө ойлонду?

3. Акылдуулук бойго, көлөмгө карайт бекен? Аны кантип далилдейсиң?

ЖЫЛДЫН АТТАРЫ

Чычкан,	Балык,	Маймыл,
Уй,	Жылан,	Тоок,
Жолборс,	Жылкы,	Ит,
Коён,	Кой,	Доңуз (чочко).

www.bizdin.kg

? Буларды сен мурда билчү белең?

?! Бир нерсени байкадыңбы. Мурдагы жомоктогу жыл болгон жаныбарлардын кээ бири бул тизмеде жок го. Ал жаныбар кайда кетип калды?

Кел, экөөбүз да ушуга байланыштуу өзүбүз ойлоп табалы! Ал жаныбар кайда кетти, эмнеге кетип калды экен? Аны жазуу биздин колубуздан келет эмеспи. Баштадык анда!

АЙДЫН АТТАРЫ

Жалган куран - март,	аяк оона - сентябрь,
чын куран - апрель,	тогуздун айы - октябрь,
бугу - май,	жетинин айы - ноябрь,
кулжа - июнь,	бештин айы - декабрь,
теке - июль,	үчтүн айы - январь,
баш оона - август,	бирдин айы - февраль.

! Ар бир айдын аталышы маанеге ээ. Анын түшүндүрмөсү бар эмеспи. Сен аларды билесиң да, Мекен тааануу сабагынан өткөнүң эсиңде барбы? Унутуп калган болсоң, улуулардан сурагын!

! «Бабалардан калган сөз» деген бөлүмдү окуганда, ар дайым эмнегедир балдар жөнүндө ойлонуп, аларга кам көрүп жаткан бабаларыбыздын, эне-аталарыбыздын элестери көз алдыга келе берет. Кайсыл гана чыгармаларды окубайлы, аларда балдарга болгон камкордук бар.

«Манастан» биз окуган үзүндүдө балдарыбыз элжерин сүйгөн эр азамат болуп өссө деген аракет, «Эр Төштүктөн» алынган үзүндүдө балдарыбыз жанжаныбарларга боорукер болуп, алар менен достошсо деген тилек, «Жыл башы болууну талашуу» дегенде балдарыбыз акыл-эстүү болуп өссө деген ой жатпайбы.

www.bizdin.kg

БАЛАМ, БАЛАМ, ЖАН БАЛАМ!

Жылкы сүйөт баласын -
Кулунум деп,
Минсе, түшсө билбеген -
Дулдулум деп.
Уй сүйөт баласын -
Торпогум деп,
Караңгыда баспаган -
Коркогум деп.
Төө сүйөт баласын -
Тайлагым деп,
Талдын башын сындырган
Ардагым деп.
Кой сүйөт баласын -
Коңурум деп,
Сойсо, сатса билбеген -
Момунум деп.

Эчки сүйөт баласын -
Улагым деп,
Таштан ташка секирген
Чунагым деп.
Ит сүйөт баласын -
Күчүгүм деп,
Жерден мурдун албаган
Бучугум деп.
Карга сүйөт баласын -
Аппагым деп,
Ача жыгач башынан -
Тапканым деп.
Тоок сүйөт баласын -
Кукунум деп,
Жөн тура албай чуркаган
Тукунум деп...

? 1. Жаныбарлар кандай сүйөт экен балдарын?
2. А адамдар кантип сүйөт балдарын?

Кел эмесе, уланталы дагы биз,
Мындай ырды жаза алабыз өзүбүз!

ЭЛЧИ БАЛА

I

Жаныбек хан урушууга жоо таппай, урунууга тоо таппай, акыры өзүнө жакын жердеги Султанмаамыттын элин чаап алууну ойлоп, ага тийиштик кылды.

Султанмаамыт Жаныбектен коркуп, күндө жыйын кылды. Бирок абалдан кантип чыгуунун жолун таба алышпады, бир кеңешке келе алышпады.

Бир күнү кула тай минген, куур тон кийген жаш бала жыйындын четине келип, тайынын оозун тартып тура калды. Султанмаамыт ачууланып:

- Сага окшогон жаш баланын жыйында эмнеси бар? Кеңеш берчү немече сөз аңдыганыңды коюп, жогол мындан! - деди.

Анда бала:

- Көчсө конорун билбеген, консо көчөрүн билбеген киши да эл башкарат имиш! - деп бастырып кетти.

Султанмаамыт ого бетер ачууланып, баланы алдырып келди да:

- Куу бала, сен эгер мыкты болсоң, тигинде учуп бара жаткан камгактан кеп сурап берчи? - деди.

Бала камгактын артынан кубалап бир топ жерге барып, кайра кайтты:

- Жел келсе - желем, кокту келсе - коном. Султанмаамыт мунун эмнесин сурайт, бекер суратып сени неге кыйнайт деп жооп айтты, - деди бала.

Султанмаамыт эми анык каарданып, баланын башын кесмек болду.

- Ханым, ачуу - душман, акыл - дос. Бир жолу баланын өмүрүн бизге бер. Элдин ишине жарай турган азамат көрүнөт! - дешти карыялар.

Султанмаамыт араң жоошуп, кылычын кынына салды.

Бала элдин ортосуна бастырып келип:

- Үч күндөн бери жыйын курасыңар... Чечилбей жаткан кандай ишиңер бар? - деп сурады.

Эл балага Жаныбек хандын кысымын айтышты.

- Эмесе, мени элчи кылып жибергиле. Мага бир буура менен картаң теке гана керек, - деди бала.

Эл буга макул болуп, айтканын камдап, баланы Жаныбек ханга жөнөтүштү.

www.bizdin.kg

? 1. Эл жалпы чогулуп келсе да, эмне үчүн Жаныбек хандын кысымына кандай жооп кылууну таба алышкан жок?
2. Балага кандай сапаттар мүнөздүү экен? Аны эмнеден көрүүгө болот?
3. Ал Султанмаамыт менен эмнеге келише алган жок? Эмне үчүн Султанмаамыт аны өлтүрүп коё жаздады?
4. Окуя андан ары кандайча уланат деп ойлойсуң?

«Асыл - таштан,
акыл - баштан,
акыл - жаштан».

II

Элчи бала төөнү минип, текесин жетелеп, Жаныбек хандын ордосуна барды. Жаныбек жактырбай:

-Кайдан келе жаткан баласың? - деди.

-Султанмаамыттын айлынан Жаныбек ханга элчи болуп бара жатам, - деди бала токтолбой.

-Оо, куруган бала, айлыңарда чоңураагыңар жок беле? - деп Жаныбек хан баланы шылдыңдап күлдү.

-Таксыр ханым, мени кичине көрүп, чоң керек десеңиз, анда бул буура менен сүйлөшүңүз! - деп, бала буурадан түшө калды.

-Э, куураган бала, сакалдууң жокпу деп жатам?! - деди Жаныбек хан.

-Куп болот, ханым, сакалдуу десеңиз мында теке турат, теке менен сүйлөшүңүз! - деп элчи бала текени агыта берди. - Жок, кепке түшүнөөр киши менен сүйлөшөм десеңиз, мына мен да кишимин, мени менен сүйлөшүңүз.

-Оңбогон бала, деги эмнеси болсо да кечтим! - деди Жаныбек хан.

Ошентип, жаш бала өзүнүн өткүрлүгү, сөз тапкычтыгы, акылы менен айылын жоодон сактап калган экен.

? 1. Сен кандай уланат деп ойлодуң эле?
2. Бала бул акылды кайдан алды?
3. Жаныбек хан эмнеге баланын башын алдырып салган жок? Анын ордуна эмне сураса, ошону аткарды.
4. Бул жомокту бабаларыбыз кандай максатта жараткан деп ойлойсуң?

! Башка элдердин жомокторун да окуп көрөлүчү. Алар да балдары үчүн ушундай кам көрөт бекен?

ЭКИ ДОС

(Хакас эл жомогу)

I

Эки бала жакшы дос болуп жүрүшкөн экен. Бирөөнүн аты - Адычак, экинчисиники - Кечок. Алар бири-бирин ар дайым жакшы көрүп, бири-бирине берилип мамиле кылууну антташып да коюшат.

Адычак атасы баатыр экендигин, өзү да ошондой болгусу келе тургандыгын, аны менен токойдо жүргөндө Кечок эч качан коркпой койсо боло турганын көп айтуучу.

Кечок досунун сөзүн унчукпай отуруп угуп, көңүлүнө түйүп жүрөт.

Күндөрдүн биринде алар токойдун арасындагы жол менен кетип баратышкан болот. Аңгыча алардын алдынан аюу чыгып калат. Ал арткы буту менен тике тура калып басып, күрүлдөй баштайт.

Адычак аюуну биринчи көрөт да, жакын жердеги жыгачтын башына чыга качат. Аюу Кечокко кол салмакчы болот. Бирок бала өлгөн немедей жерде

www.bizdin.kg

сулк жатып калат. Аюу Кечокту жыттагылап көрүп, басып кетет. Ал жыгачтын башындагы Адычакты көрбөй калат.

Аюу кеткенден кийин Адычак даректын башынан түшүп келет да, досунан сурайт.

-Аюу сени менен сүйлөштү окшойт, ээ?

-Ооба, сүйлөштү.

-Ал сага эмне деди?

? Сен Кечоктун эмне деп жооп айтышын каалайт элең?

II

Ал мага:

- Кечок, сен тайгада тыйын чычканга окшоп даракка чыга качып кете турган коркок досторуң менен эч качан чогуу жүрбөгүн деди, - дейт.

Адычак уялганынан үйүнө кетип калат. Ал эми Кечок болсо токойдогу жол менен илгерилеп жүрүп отурат.

? 1. Эмнеге Кечок жолун уланта берди дагы, Адычак үйүнө кетип калды?
2. Баатыр болуш үчүн кандай сапаттар керек?
3. Демек, хакас эли да балдарыбыз кандай болсо деп тилешет экен?
4. Айтмакчы, эгерде сен Адычактын ордунда болсоң, кандай кылат элең?

БУЛБУЛ

(Украин эл жомогу)

Бир күнү пан (бай) бир булбулду кармап алды да, аны капаска камап койгусу келди. Анда булбул:

- Мени коё бер, мен сага бир жакшы кеңеш айтам. Балким, анын сага бир кезде кереги тиер,-деди.

Пан булбулду коё берүүгө убада берди.

- Пан, биринчиден, кайрылып келбей турган ишке эч качан өкүнбөгүн!

Экинчиден, дайны жок айта берген сөзгө ишенбегин!

Пан бул кеңешти угуп, булбулду коё берди. Булбул жогору учуп чыгып:

- Ой, сен мени коё берип, өзүңө жаман кылдың. Менде кандай байлык-кенч бар экенин билбей калдың! Менин денемде баалуу жана көп берметтер бар. Сен ошону алган болсоң, укмуштай бай болот элең! - деди.

Муну угуп пан өкүндү да, кармап алам дегенсип, булбулду көздөй жогору секирди.

Анда булбул:

- Пан, сага айтылган кайран кеңеш! Сенин бир чети сараң, экинчи жагынан акмак экениңди мен түшүндүм. Биринчиден, кайрылып келбей турган ишке өкүндүң. Экинчиден, менин айткан калп сөзүмө ишендиң. Карачы, мен кандай кичинекеймин. Көп бермет менин кайсы жериме батмак эле?

Ушуну айтып, булбул учуп кетиптир.

? 1. Булбулдун кеңештерин пан эмне үчүн кабыл алган жок?
2. Анын кеңештерин сен кандай түшүндүң?
3. Бул жомоктун кандай пайдасы бар деп ойлойсуң?

БАПАК ТИККИЧ ЖАНА БИР КИШИ

(Армян эл жомогу)

Бир күнү бапак тиккич устага бир киши койдун терисин алып келип:

- Ушул териден мага бапак тигип бер, - деди.

www.bizdin.kg

- Жакшы болот, тигип берейин, - деп жооп кайтарды берки.

Киши устадан чыгып баратып: «Менин терим эң эле чоң, балким, мындан эки бапак тиксе болор?» - деп ойлоду.

Ошол ой менен устага кайра кирди:

-Мага муну айтчы, устаке. Ушул териден эки бапак тигип бере албас бекенсиң?

-Неге тикпейм? Тигем.

- Эмесе, экини тиккин - деп, киши кетип калды. Бир аз бара түшүп, дагы ойлонуп, устага дагы келди:

-Э, уста, сен ушундан үчтү тиге албас бекенсиң?

-Неге тикпейм? Үчтү да тигем. Киши кубана түшүп дагы сурады:

-Төрттү тиге аласыңбы?

-Төрттү да тигем.

-А бештичи?

-Бешти да тигем.

-Эмесе, беш бапак тигип бер!

Киши ошону менен кетип калып, жарым жолдон кайра келди:

-Э, устаке, алтыны тиксең кантет?

-Алтыны да тигем.

-А жетиничи? Балким, сегиз бапак тигип берээрсиң?

-Неге тикпейин? Сегизди тигип берсем да болот.

-Эмесе мага сегиз бапак тик!

- Жакшы болот, сегизди тигейин. Бир жумада даяр болот.

Бир жумадан кийин киши устага келди:

-Менин бапактарым даярбы?

-Даяр, - деп уста өзүнүн шакиртин чакырды.

- Барып мына бул кишинин бапактарын алып келчи.

Шакирт барып, кичине бапактан сегизди алып келди. Алар кишинин башына эмес, алмага араң бата турган.

Киши бапактарды көргөндө аңтаң болуп:

-Бул эмне? - деп сурады.

-Бул сен өзүң тиктирген бапактар.

-Эмне үчүн мынчалык кичине?

-А сен өзүң ойлон, - деди уста.

Киши кичинекей сегиз бапакты көтөрүп жолго түштү да, терең ойго чөмүлдү: «Бул бапактар неге мынчалык кичине болуп калды? Неге, ыя?..»

С! *Бапак* - териден тигилген улуттук баш кийим.

?
1. Бапак тиктирген киши кандай экен?
2. Чын эле бапактар эмне үчүн кичине болуп калды?
3. Кыргыз, хакас, украин, армян жомокторун окуп көрүп, жалпы жомоктордун ортосундагы кандай окшоштуктарды байкадың? Эмне үчүн андай деп ойлойсуң?

?! Жомоктор аркылуу бабаларыбыз бизди акылдуу, айлакер, сөз тапкыч, боорукер, чыныгы дос болсо деп ойлошот турбайбы. Анда ушул жомокторду окугандан кийин биз чын эле ушундай болуп калдыкпы? Сен өзүңдөгү кандайдыр бир өзгөрүүнү байкай алдыңбы?

МАКАЛ - ЛАКАПТАР

Өнөр алды - кызыл тил.

Тил - кылычтан өткүр.

Баш кесмек бар, тил кесмек жок.

Жылуу-жылуу сүйлөсө,
Жылан ийнине кириптир.

Бутунан жыгылган турат,
Тилинен жаңылган турбайт.

Уят - өлүмдөн катуу.

Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө.

Билеги күчтүү бирди жыгат,
Билими күчтүү миңди жыгат.

Билим алуу - ийне менен кудук казгандай.

Күч - билимде.

Казына казына эмес, эл - казына.

Эл - мазар, элден кеткен азар.

Калк айтса, калп айтпайт.

Уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат.

Эне сыйлаган элге жагат,
Ата сыйлаган абийир табат.

?! Мындан ары өзүң уланта аласыңбы? Аракет кылып көр!

! Макалдарды уланта берсек, албетте, алар абдан эле көп, ар кандай темада. Алар нечен кылымдар элдин сынынан өтүп, кыска, бирок нуска болуп эл арасында жашап калган. Эл арасында кандай гана макалдар жаралбаган! Алардын баары эле сакталып калган жок да. Элдин көңүлүнө туура келип, өзүн актаган макалдар эч качан өлбөйт.

А лакаптар жөнүндө эмне билебиз? Анын макалдардан кандай айырмасы бар?

www.bizdin.kg

Менин оюмча, макалдар нечен жылдар айтылып келе жаткан, андагы ойлорду танууга болбогон, жыйынтыктуу ойлор. Ал эми лакап болсо, белгилүү бир окуядан кийин айтылып калган сөз.

Шодоконду бүркүтүндөй жутунган.

Ала байтал акылың болсо, көлгө тарт.

Ачка отурганча, айранга талкан чалып жеген жакшы тура.

Калыбайдын тайганындай калтырап.

Карынбай битирге окшоп ж.б.

Шодокон дегендин бүркүтү бир түлкүнү сол колуна, бир түлкүнү оң колуна чапчып, дагы үчүнчү түлкүгө тап койгон экен. Ошондон кийин бул лакап ашыкча сугалактарга карата айтылып калган тура.

Илгери бирөө отун артып, көл бойлоп келе жатса, отуну өрттөнө баштайт. Ала байтал үркүп, алып качып жөнөйт. Ошондо үстүндөгү киши:

- Ала байтал, акылың болсо, көлгө тарт! - деген тура.

Карачы, ар бир лакаптын белгилүү тарыхы бар. Мындай лакаптар эл арасында толтура.

Эл арасындагы лакаптардан өз алдынча чогултканга аракет кыл.

ТАБЫШМАКТАР

Канаты бар - учпайт,
Куйругу бар - конбойт.
Буту жок - сойлойт,
Буттуудан бетер ойнойт.
(Б. . . .)

Башы менен бутунан
Билбейм качан айрылган,
Турат болгон мүчөсү -
Кулак менен карындан.
(К. . . .)

Чычкан айтат:
- Ок түштү!
Мен айтамын:
- Топ түштү!
Экөөбүз тең карасак,
Кол, бут, башы жок түштү.
(М. . . . .)

Чиркелген толгон үйлөрдү
Алып учат така-так.
Темирге буту ашташып,
Чимирилет шака-шак.
Кыйкырыгы жер жарат,
Муну ойлоп, ким табат?
(П. . . . . .)

Теңдешсиз бул заманда
Бул бир балбан,
Төө моюн, болот дене,
Өрдөк таман.

Алтымыш төрт чакмакта
Эки тарап маташат.
Он алтысы капкара,
Он алтысы апаппак.
(Ш. . . . .)

Сугунат таш болсо да
Саман өңдүү,
Ойлонуп тапкылачы,
Ал кандай жан?
(Э. . . . . .)

Төөнү оозуна тиштеген,
Итти таманына баскан,
Эчкини куйругуна
жашырган,
Эшекти башына көтөргөн.
(К. . .)

? Сен табышмактар акыл-ойду өстүрүп, тапкычтыкка тарбиялай тургандыгын мурда эле билет эмессиңби, көптөгөн табышмактардын жандырмагын да таптың. Бирок өзүң табышмак жаратып көрдүңбү? А сенин досторуң аракеттенип жүрүшөт. Окуп көрөлүбү?

Колуңда койкондойт,
Кагазда жорголойт.
Ал болбосо
Жазуу сабагы токтолот.
(Р. . . .)

Ылдыйда өзү жүрөт,
Ал тургай жүгүрөт.
Балдарды сүйүндүрөт,
Бирок кар болбосо
Баарыбызды күйүндүрөт.
(Ч. . .)

www.bizdin.kg

БУЛ КАНДАЙ КИШИ

Эртелеп туруп,
Татыратып
Айылдын тынчын бузат,
Дайыма жер иштетип,
Карала-торала болуп жүрөт.
(Т.....)

Сасып-ирип,
Үйүндө жатат.
Балдары ачка ыйлап,
Шору катат.
(А.....)

Кел, экөөбүз да айланабызга карап, буюмдарды, жан-жаныбарларды байкап, сүрөттөрдү көрүп, табышмак ойлоп табалы! Жакшы болгондорун газета-журналдарга жарыялайлы, мүмкүн элдик оозеки чыгармачылыктын алтын казынасына кошулуп калаар. Баштадык анда!

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Атаң баккан уйлардын
Көпчүлүгү - сары ала.
Азыраагы - кара ала.
Атам баккан уйлардын
Көпчүлүгү - кара ала,
Азыраагы - сары ала.
Ишенбесең экөөнүн
Бүт уйларын арала.

Тойсун балапан.
Көк чөп көп,
Көпкөк чөп.
Көк чөптөн көп,
Көпкөк чөп.

Кара балапан
Карап алакан,
Кайра акыят
Карап алакан.
Карды кампайсын,
Кана балапан?
Таруу, күрүчкө,
Толсун алакан.
Топтоп чокулап

Өйүзгү арал,
Бүйүзгү арал.
Өйүзгү аралды мал
аралаар.
Бүйүзгү аралды
Марал аралаар.

Кырк кыл куйрук,
Кырк кыл куйрук ичинде
Кыргый кызыл кыл куйрук,
Кыргый кызыл кыл куйрук.

Жаңыл айтты жаңылмач,
Жаңылмачты жаңылтпас.
Жамал айтты жаңылмач
Жаңылмачын жан укпас.

1. Жаңылмачтар эмне максатта колдонулат эле?
2. Жаңылмач жаратып көрдүң беле?
3. Төртүнчү класстын окуучуларынын, досторуңдун жаңылмачтарынан окуп көрөлүчү!

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Алмаз кагазга
Каз деп жазды.
Апаз жазууну
Жаз деп жазды.
Казда тамга азбы,
Жазда тамга азбы
Деп да алар жазды.

Анар алма алды,
Алмаш анар алды.
Алмаш алма алам деп,
Анар анар алам деп,
Алмашып адашып калды.

? Кана, сен да бирөөлөрдү жаңылтып көрчү!

! Эсинде барбы, үчүнчү класста калптар-апыртмалар эмне максатта колдонулушу мүмкүн экендигин талкуулабадык беле? Унутуп калган болсоң, ойлонуп көрчү!

Ооба, ооба. Кыял-чабытыбыз, фантазиябыз өсөт деген элек. Ал тургай, калп жарыштыруу боюнча мелдештер

www.bizdin.kg

өткөрүлчү тура деп айтпадык беле. Эми эстедиңби? Бул тапкычтыкты талап кылат дегенбиз. Үчүнчүдөн, калп айткан адамдарды шылдыңдоо максатын көздөсө керек дедик эле. Же башка дагы максаттары барбы? Ойлонуп көрөлү!

КАЛПТАР

Кумурсканы кой кылып койчо жайдым,
Чегирткени ат кылып жоого миндим.
Көпөлөктү куш кылып көл кыдырдым,
Бир торгойдон бир табак сөөк алдым,
Сөөгүнөн деңизге көпүрө салдым.
Өңгөсү калп болсо да
Ушунум чын.

Олтуруптур дегенде олтуруптур,
Карагандан башында
Кайнап-кайнап көл туруптур.
Бир кумурска менен
Бир карышкыр күрөшүп туруптур.
Карышкырды кумурска өлтүрүптүр.
Дагы бир бөлтүрүктүр,
Бөлтүрүктү бир коён өлтүрүптүр.
Бир үч арык туруптур,
Экөө кургак, бирөөнүн суусу жок.
Үч арыкта үч балык бар экен,
Экөө өлүк, бирөөнүн жаны жок.
Анан дагы үч киши туруптур,
Экөө жылаңач, бирөөнүн кийими жок.
А жылаңачтын этегине
Жаны жок балыкты салып бердим.

? 1. Бул апыртмаларды жогоруда айтылгандардын кайсыларына кошсок болот? Калп-апыртмаларды бир нече топко бөлбөдүк беле, эсиңдеби? Фантазиябыз өсмөк, тапкычтыгыбыз артмак, шылдыңдап күлмөкпүз.

2. Башкалардан сурап, калп-апыртмалардан дагы топтогун. Өзүң да улантып көр.

! Мына бул ырды сен кайсы топко кошоор элең?

ТОП

Күчтү топтоп, күү менен
Көкөлөттүм тобумду.
Кайра жерге түшөт деп,
Күттүм сунуп колумду.
Тобум бийик көкөлөп,
Булуттарга жетиптир.
Ала дарбыз экен деп,
Бүркүт илип кетиптир.

Орозбек Бердигулов

? Ыр жактыбы? Эмне үчүн?

! Бабаларыбыздын руханий дүйнөсү абдан бай экен го. «Манас» баштаган улуу эпостор, андан кийинки биз ар дайым бири-бирибизге айтып берип жүргөн жомокторчу (жөө жомоктор), макал-лакап, табышмак, жаңылмач, апыртмалар. Ушул эле дейсиңби, алардагы ырларчы?! Бешик ырлары, санат, насыят, терме, эмгек, оюн ырлары, жан-жаныбарлар, өсүмдүктөр жөнүндөгү ырлар ж.б.

Алардын көпчүлүгү менен биз таанышпыз да. Мисалы, оюн ырларын ойноп жатканда көп эле колдонобуз. «Ак терек, көк терек», «Селкинчек», «Уюм тууду», «Жыдымай», «Кур таштамай», «Талкан куур, буудай куур», «Хан-вазир» («Ханым, даат») «Чабалекей» («Чикит», «Чикилдек») ж.б.

www.bizdin.kg

Баш бармак,
Бадал иймек,
Ортон оймок,
Оюу-чиймек,
Чыйп-чыпалак,
Чычайган арам тамак.

Ак бай, ток бай,
Кара, менде кашка тай.
Кулдуу, кулдуу, кулдуу бай
-Куруп калган Санды бай.
Абалекей, чабалекей,
Чыш.., - м.., - м..

? 1. Дагы кандай оюн ырларын билесиң? Башкалардан сурап, дагы толуктагын.

2. Айбанаттар жөнүндөгү ырлардан окугуң келеби?

БАКА

- Бака, бака, балчак,
Башың неге жалпак?
Бутуң неге ийри?
Көзүң неге тосток?
- Казанды көп көтөрүп,
Башым жалпак болуптур.
Жайдак атка көп минип,
Бутум ийри болуптур.
Кароолду көп карап,
Көзүм тосток болуптур.

? 1. Чын элеби? Сен кандай дейсиң?

2. Ыр жактыбы?

3. Бул ырларды бабаларыбыз кандай максатта чыгарышкан деп ойлойсуң?

Экинчи вариантын окуп көрөлүбү?

БАКА

- Бак, бак, курбака,
Башың неге мындака?
- Шайы топу көп кийип,
Башым болгон шундака.

- Бак, бак, курбака,
Богогуң неге мындака?
- Өрүк, мейиз көп жейм деп,
Мойнум болгон шундака.

www.bizdin.kg

С! *Богок* - тамагынын шишикке окшоп томпойгону.

? Эки ырдагы кандай өзгөчөлүктү байкай алдың?

Уланталы өзүбүз.

! Биздин ата-бабаларыбыз абдан акылдуу адамдар болгон тура. Эмне үчүн дейсиңби? Аны сен эмгек ырларын окуп көрсөң табасың.

ЭМГЕК ЫРЛАРЫ

Эмгек ырларынан «Бекбекей» түнкүсүн короо кайтарганда, «Оп майда» эгин бастырганда, «Шырылдаң» жылкычылар жылкы кайтарып келе жатканда ырдалат.

БЕКБЕКЕЙ

Бекбекей качты, бел ашты,
Белине белбоо жарашты.
Саксакай кууп адашты,
Санына саадак жарашты.

Энекем короо кайтарат,
Ууру менен бөрүнүн
Абдан мизин майтарат.
Каракчылар, уурулар
Атакемден жалтанат.

Биздин койлор төлдөдү,
Айран, жуурат көлдөдү.
Козумду жүрөм кайтарып,
Ит-куштун мизин майтарып,

? Дагы билесиңби? Толуктаганга аракет кыл.

ОП МАЙДА

Оройорой, оп майда,
Ороо толсун оп майда.
Кырча-кырча басканың
Кырман толсун оп майда.

Майда, майда, мапмайда,
Майдалансын атты айда.
Талкандары бизге пайда,
Топондору сизге пайда.

Кызыл толгон кырманды,
Сузалы биз, кап кайда?
Бекер жүрсөң жан багып,
Таба албайсың эч пайда.

? 1. Ырдын маанисин кандайча түшүндүң? Анда кандай максат көздөлүптүр?
2. Кырман бастырганды көрдүң беле?
3. Улуулардан, билгендерден ал жөнүндө кененирээк сурагын.

ШЫРЫЛДАҢ

Шыпшырылдаң шыр экен-эй,
Жылкычынын ыры экен-эй.
Кырман толсо кызылга-эй,
Баба дыйкан сыры экен-эй.
Аппак сакал карым-эй,
Быйыл сенде молчулук-эй.

Сабаа ташып шаркырайт-эй,
Ачыганбы бал кымыз-эй?
Ашкана жак бурчунан-эй,
Акырын чыгат бир добуш-эй.
Май томоруп жатабы-эй,
Же курут алып жатабы-эй?

www.bizdin.kg

АР НЕРСЕНИН ПИРИ БАР, КОЛДООЧУСУН БИЛИП АЛ

Дыйкандыи пири - Баба дыйкан, бакыттын пири - Кыдыр Иляс, акындыкы - Асан шайыр, секелек сары кыз, Куштуку - Буудайык, иттики - Кумайык, суунун пири - Сулайман, койдун пири - Чолпон ата, уйдуку - Зеңги баба, жылкыныкы - Камбар ата, төөнүн пири - Ойсул ата, эчкиники - Шыйпаң ата, баланын пири - Умай эне, жигиттин пири - Шаймерден (кырк чилтен), устаныкы - Дөөтү, табыптыкы - Улукман, кийиктин пири - Кайберен ж.б.

? 1. Булар жөнүндө мурда эмне билчү элең?
2. Пири дегенди кандай түшүндүң?

?! Эмгек ырларын окуп көрүп, ата-бабаларыбыздын акылдуулугуна күбө болобуз деген элек. Ал кандай акылдуулук экен? Таба элек болсоң, дагы ойлонуп көр!

! Мага мындай ой келди. Алар ар кандай ишти ыр менен коштоп, көп жагынан утушкан го. Биринчиден, убакыттын кандай өткөндүгү билинбей калат. Экинчиден, чарчап-чаалыкканың да билинбейт. Ырдын ыргагы менен иштей бересиң. Анын үстүнө ыр күч, дем берет. Үчүнчүдөн, көңүлүң жайдары, маанайың жогору. Мындай учурда иш да сапаттуу бүтөт. Төртүнчүдөн, даяр текстти гана жаттап ырдабастан, ар ким өз мүмкүнчүлүгүнө жараша кошуп ырдай бергендиктен, алардын чыгармачылыгы да өсөт эмеспи.

? А сен буга кандай дейсиң?

САНАТ, НАСЫЯТ, ҮЛГҮ ЫРЛАРЫ

Биз буга чейин эле мындай ырлар менен таанышпыз. Токтогул Сатылганов жөнүндө 3-класста сөз кылганда анын санат, насыят ырларын окуганбыз.

Акындар, сөзмөр адамдар түрдүү насаат айтып, санат, үлгү, терме ырларын ырдашат экен да, алардын элге абдан жагып калгандары биринен бирине айтылып, эл арасына таркап кетет тура.

Акындарыбыздын ошондой ырларынан окуп көрөлүчү!

САНАТ, НАСЫЯТ ЫРЛАРЫНАН

Жаман ишке киришпе,
Акылы бар боз бала.
Адал ишти козголо,
Акылдууга дос бала.

Акылсызга жолобо,
Жолугасың тайгакка.
Жамандардан алыс жүр,
Жолукпагын нааданга.

Жаман иштен качып өт,
Жакшылыкка жетесиң.
Жаман менен бир жүрсөң,
Арманда болуп кетесиң,
Аманат жандан кечесиң.

Жакшы жакка шашпастан,
Сабыр менен барасың.
Акыр түбү ошондон
Жакшылыкты табасың.

Калыгул Бай уулу

www.bizdin.kg

? 1. Санат, насыят дегенди кандай түшүндүң?
2. Ушул ырда айтылгандарды ырды окугандардын баары аткарабы? Эмне үчүн?

«Жакшы болуу - аста-аста,
Жаман болуу - бир паста».

ҮЛГҮ ЫРЛАР

Алтынга сары жез окшош,
Асылдык жайы бирдейби?
Жыйылып келсе бардыгы
Жылдыздын нуру айдайбы?

Күнүгө барктап баксаң да,
Булбулуң гүлсүз сайрайбы?
Көөрүктүн күчү болбосо,
Көмүргө темир кайнайбы?

Аяздуу суук болбосо,
Арыкта суулар тоңорбу?
Жибектен каттап кийсең да,
Жылуулук баркы тондойбу?

Эки сөздү калп айтыш,
Эр жигитке ар болот.
Кызгалдактар гүл ачкан,
Кызык мезгил жай болот.
Алтын жаак, жез таңдай,
Акындар сөзгө бай болот.

Жеңижок (Өтө Көкөев)

? 1. Алгачкы үч куплет менен төртүнчү куплеттин айырмасы бар бекен?
2. Жеңижоктун суроолоруна кандай жооп таптың?
3. Үлгү ырлары дегенди кандай түшүнөсүң?

ЫНТЫМАК

Ынтымагы бар элдин
Таалай, багы ачылат.
Ынтымагы жок элдин
Тапканы бекер чачылат.

Ынтымактуу эл болсо,
Душманга тиет ок болуп.
Ынтымаксыз эл болсо,
Дыркырап качат жок болуп.

Ынтымактуу биригет,
Ынтымаксыз бөлүнөт.
Ынтымак элдин бакты бар,
Бир-бирине баркы бар.

Барпы Алыкулов

? 1. Ынтымагы бар эл менен ынтымагы жок элдин айырмасы эмнеде?
2. Ынтымагы бар же жок экендигин кантип билсек болот?

«Ырыс алды - ынтымак».

www.bizdin.kg

АПЕНДИ МЕНЕН ХАН УУГА ЧЫККАНДА



? Бул сүрөттөр сага жактыбы? Эмнеликтен?

Бир чыгарманы же жомокту, же болбосо Апендинин жоруктарынан алып, аны кандай сүрөттөр аркылуу түшүндүрсөк боло тургандыгын жазалы. Мүмкүн, сүрөтүн да тартабыз!

ЖЫЛ ИРЭЭТИ

Менден башка ким жыл башы болмок эле деп, өзүнүн боюна ишенип, беймарал турган төө жылдын келе жаткандыгын чычкан биринчи көргөндө ызасына чыдабай ыйлап жиберди да, таарынып качып жөнөдү. Ошол боюнча ал келбей койду. Дагы да болсо бирөө келип, таарынчымды жазаар бекен деп, ал тез-тез эле эки жагын карана берчү болуптур.

Төө эле эмес, амалдуу чычканды элес албай турган жаныбарлардын бардыгы аңтаң болуп, бир тобу ызаланып, ар кайсы жакка басышат.

Экинчи болуп эч нерседен беймарал турган уй көрөт. Андан кийин мойнун созуп жаткан жолборс,

www.bizdin.kg

анан барып коён көрүптүр. Мен артында калсам керек го деп коркуп турган коён төртүнчү болгонуна жетине албай, сүйүнгөнүнөн ошондон бери серенделп чуркап калыптыр.

Баары ызаланып, ар кайсы жакка басып таркап кеткендиктен, андан кийин эч ким жок калат.

Бир маалда балык сүзүп келет да, оозун ачып-ачып алат. Эмне деп жатканын эч ким түшүнбөйт. Үнү чыкпайт. Болду-болбоду жыл болгу-су келип жатат го дешип, кийинки жылды балыкка беришет. Балыктын кезектеги жыл болуп калганын көрүп, жылан келип тилин соймоңдотот. Кийинки жылды ошентип, жылан ээлейт.

Ачуусуна чыдабай ары-бери чуркаган жылкы баятан бери бир бел ашып, кайра келип калат. Кезектеги жылды ага беришет. Алгысы келбей, ачууланып жатып араң алат.

Эл дарбыса эле түшүнбөй кошо дарбып алган кой да:

- Болору болду эми, андан көрө жыл бөлүштүрөсүңөрбү? - деп келет. Берген - жылын алып кете берет.

Эмдигисин кимге берели десе, эч ким жок. Айлалары кетип, ызасына чыдабай чуркап жөнөп, бирок ошол боюнча эмнеге жүгүрүп кеткенин билбей, ар кайсыны карап, дагы эле жүгүрүп жүргөн маймылды чакырышат. Ошол учурда бир орунга тура албаган тоок кукулуктап жүгүрүп өтүп калат. Ага беришет.

Караса, он жыл болуптур. Дагы эки жылды кимге берүү керек?

Ит менен доңуз катуу ызаланышканбы же катуу таарынышканбы, канчалык чакырышса да келишпейт. Көпкө убара кылышат. Ошондон улам айты-

лып калса керек го, «Мунун кыялы иттей, доңуздай» деген сөз. Бирок иттин кыялы бара-бара оңолуп, ит-жылы жакшы эле жылдардан болуп калыптыр.

Ар бир жаныбардын мүнөзүнө жараша жыл ошондой болуп өтөт тура.

Алмазбек Токтомаметов

? Сен буга кандай дейсиң?

Мүмкүн, өзүндүн вариантыңды жазып көрөөрсүң?!

Бөлүм боюнча суроолор

1. Бул бөлүмдү окугандан кийин өзүңдө өзгөрүү болду деп ойлойсуңбу? Кандайча?

2. Бабалардан калган сөз, элдик оозеки чыгармачылык дегенди кандай түшүндүң?

3. Өз алдыңча жаңы макалдарды жараттыңбы? Жаратпаган болсоң, дагы да аракет кылып көр.

4. Лакаптардан чогулттуңбу?

5. Бөлүмдүн баш жагында бир тапшырма болду эле, аткардыңбы? Кайсы дейсиңби? Эстеп көрчү! Ооба, жыл башы болууну талашып жаткан төө жылдардын ичинде жок го. Анан дагы калган жылдар кандайча ушул ирээтти сактап калышты экен? Жазбаган болсоң, дагы ойлонуп аракет кылып көр!

www.bizdin.kg

КЫРГЫЗ БАЛДАР АКЫН-ЖАЗУУЧУЛАРЫ

Улам жашыбыз, классыбыз жогорулаган сайын кыргыз акын-жазуучуларынын, алардын кызыктуу чыгармаларынын саны да өсүүдө. Экинчи класстан баштап, көптөгөн акын-жазуучулардын сүрөттөрү, чыккан китептери, кызыктуу чыгармалары менен таанышып келе жатабыз.

Биз билген кыргыз акын-жазуучуларынын катары ушул окуу жылынын башынан бери эле Түгөлбай Сыдыкбеков, Чыңгыз Айтматов, Аалы Токомбаев, Сооронбай Жусуев, Кеңеш Бейшебаев ж.б. менен толукталды. Калыгул Бай уулунун, Жеңижоктун, Барпынын чыгармаларын окудук.

Экинчи класстан бери буларга атайын токтолуп айтпасак да, бир топ акын-жазуучулардын кызыктуу чыгармалары менен таанышууга үлгүрдүк. Алсак, Мидин Алыбаев, Райкан Шүкүрбеков, Жумакан Тынымсеитова, Нурпаис Жаркынбаев, Акбар Рыскулов, Сулайман Рысбаев, «Манас» эпосун балдарга ылайыктап, кара сөз менен жазып чыккан - Кубанычбек Маликов, «Жазгүл» аттуу сценканын автору Кадырбай Мамбетакунов ж.б. Алардын чыгармалары биринен бири өткөн кызыктуу чыгармалар!

Ал эми биз атайын токтолуп, чыккан китептери, сүрөттөрү, кызыктуу-кызыктуу чыгармалары менен таанышкан башка акын-жазуучуларчы...

Албетте, окуу жылынын аягына чейин дагы бир тобунун чыгармалары, китептери менен таанышабыз.

? 1. Акын-жазуучулардын ар бирине тиешелүү жеке өзгөчөлүктөрдү байкай алдыңбы?

2. Кайсы акындын же жазуучунун чыгармалары сага өзгөчө жакты? Эмне үчүн?

! Көпчүлүгүбүз текстин билген, ал тургай ырдап эле жүргөн бир ыр бар. Ошону окуп көрөлү! Анын авторун билесиңби?

КАРАГАТ

Кара мончок карагат,
Кандай болуп жаралат?
Жегиңди эле келтирет,
Жеген сайын аралап.

Тоого балдар барышат,
Тойгончо жеп алышат.
Кечке чарчап келишип,
Тоголонуп калышат.

Биздин тоонун карагат,
Бышып турат салаалап,
Жей бер, бирок сындырба,
Ыйлатканың жарабайт.

? 1. Ыр жактыбы? Эмнеликтен?
2. Кандай экен карагат?
3. Карагаттан башка да ырда кимдер жөнүндө сөз болуп жатат?
4. Ырдын авторун таптыңбы?

! Ырдын автору - биз буга чейин эле бир топ чыгармалары менен таанышболгон Жайлообек Бекниязов. Жайлообек агайыбыздын бизге арналган бир топ китептери чыккан. «Мектеп» басмасынан «Ала-Тоо»

www.bizdin.kg

аңгемелер жыйнагы, «Жанузак мерген» жомоктор китеби, «Жар боорундагы уялар» ырлар, уламыштар жыйнагы, «Жылуу таш» ырлар, табышмактар, жаңылмачтар жыйнагы, «Майпаң мамалак» сценкасы жарык көргөн. Аларда, албетте, абдан кызыктуу чыгармалары бар.

МӨНДҮР

Күн күркүрөп, чарт этип,
Чагылганын жандырат.
Мөндүр көктөн төгүлүп,
Даракты урат, тамды урат.
Чылапчынга тил кирди,
Бир калыпта калдырап.

? 1. Кандай элестүү, чылапчынга кантип тил кирди?
2. Көзүңдү бир азга жумуп, элестетип көрчү! Улантып окуйбуз.

Аздан кийин басылып,
Айыл күлөт, көк күлөт.
Алтыдагы бөбөгүм
Конфет жаады деп жүрөт.
Кой дегенге болобу,
Кочуш-кочуш жеп жүрөт.

Жайлообек Бекниязов

? 1. Мурдагы куплет менен бул куплеттин айырмасы эмнеде экен?
2. «Айыл күлөт, көк күлөт» дегенди кандай түшүндүң?

ТАБЫШМАКТАР

Баш жагында «О»су бар,
Ортосунда тоосу бар.
Тапкылачы, ойлонуп,
Татынакай кайсы шаар?

(. .)

Аты менен отун жарасың,
Анда-санда өзүң барасың.
Тапкандар күтө турсун,
Таппагандар картаны карасын.

(К... .....)

Токуйт өзү,
Эринбей жибин ийрип.
Торун жайып,
Үйүнө кетет кирип.
Кыңылдаган ырчылар колго түшөт,
Ар нерсени кызыгып карап жүрүп.

(Ж.....)

Кечикпей ишке чыгат,
Дүйнөнү жарык кылат. *(...)*

Жайлообек Бекниязов

АКРО ЫРЛАР

Катуулугу таштай,
Актыгы кардай,
Нандай жей албайсың,
Таттуу болсо да балдай.

Бакылдайсың, ойнойсуң,
Айлананда көк камыш.
Көлмө сенин мекениң,
Алтын тоого алмашкыс.

Сүйлө деп аны суранба,
Үндө деп аны суранба.
Раазы болгон белгиси
Өңүндө дайым өзгөрбөй
Турганы турган дубалда.

Жайлообек Бекниязов

? Акроыр деген эмне? Андан кандай сырды байкадың?

! Жазга байланыштуу дагы бир чыгарма менен таанышып көрөлүчү. Тим эле көз алдыңа элестей түшөт. Анын автору да буга чейин эле бизге тааныш.

ӨРҮК ГҮЛҮ

Биздин өрүк гүл ачты,
Балдар келип карашты.
Бадырактай көрүнгөн
Бүчүрлөрүн санашты.

Кароо кыйын таң калбай,
Саноо кыйын, бул кандай?
Кандай укмуш агарган,
Кар чүмкөнүп алгандай?

Темиркул Үмөталиев

? 1. Кандай экен өрүк гүлү?
2. Эмне үчүн кароо кыйын таң калбай?

Темиркул Үмөталиев (1908-1991)

Темиркул Үмөталиевдин балдар үчүн «Алпкаракуш» аттуу жомок китеби «Балтыркан» ырлар жыйнагы «Жолборс жүрөк жигит» аңгемеси «Күч - бирдикте» жомогу «Мектеп» басмасынан жарык көрген. Албетте, алар балдардын сүйүктүү китептеринен. Бул анын акыркы жылдарда балдарга арнап чыгарган чыгармасы. Ал - кыргыз элинин таланттуу акындарынын бири.

www.bizdin.kg

! Биз акын-жазуучуларыбыздын бардык эң кызык чыгармалары менен бул окуу китептен толук тааныша албайбыз. Айрым гана чыгармалары менен чектелүүгө аргасыз болобуз. Окуу китебинде аттары керсөтүлгөн китептерди таап, сени кызыктырган чыгармалар болсо, класстан тышкаркы окууда, үйдө өз алдыңча окусаң болот.

ШИРЕ

Мемиреген тынчтыкта аарылардын ызылдаган ыры кулакка музыкадай угулат. Мындай сонун учурда бир да кыбыраган жандык уюгунда калбай, шашыла сыртка чыккан шекилдүү. Ар кимиси өз түйшүгү менен алек.

Жыпар жыт көңүл көтөрөт. Албетте, бул гүлдөрдүн, ар кандай өсүмдүктөрдүн жыттары. Теребелге көрк берген да, жан-жаныбарга ырахат тартуулаган да ушул гүлдөр! Карап турсаң кандай гана кооз гүлдөрдү кезиктирбейсиң! Бири-бирин жеribей, алар аралаш өскөн. Алар ошонусу менен кооз, ошонусу менен көзгө сүйкүмдүү!

Жаратылышта ар нерсенин өз ынагы, өз шериги бар. Көпөлөк менен аарылардын ынак досу - гүлдөр. Гүлсүз алардын күнү да, жашоосу да жоктой.

Улам бир гүлгө конуп, улам бир гүлдүн ширесин соруп, бул кезде алар чексиз ырахатта. Аңгыча мемиреген бейкуттукту капысынан чыккан үн бузду:

- Көпөлөктөр, аарылар! Мен силерге таарындым! - деди ал үн.

Аарылар да, көпөлөктөр да, атүгүл гүлдөр да үн чыккан жакка селейишти. - Билсеңер мен силерге аябай таарындым... - Үн өтө аянычтуу угулду.

Эмне үчүн силер эртеден бери бизге көңүл бөлбөйсүңөр? Биз деле гүлдөр менен аралаш өсүп турабыз го! Ары учуп деле, бери учуп деле бизге конбойсуңар! Бул үн кадимки эле кокотикендин үнү болучу.

-Тикениңден коркобуз, - дешти көпөлөктөр.

-А биз соргудай сенин таттуу ширең жок да, - дешти аарылар.

-Силер жаңылышасыңар! - деди кокотикен. - Ширебизди соруп көрүп, анан айтсаңар боло! Сыртыбыз тикендүү болгону менен ширин ширебиз бар. Анын үстүнө, зыянсыз жандыктарга биз да тийбейбиз. Ал эми бизди сындырып жок кылабыз деген тентектердин сазайын беребиз.

Бул сөздү угуп, көпөлөктөр да, аарылар да ойлонуп калышты.

Бир саамдан кийин көк көпөлөк үн катты:

- Ырас айтасыңбы?

Анын сөзүн бал аары коштоду:

- Алдаган жоксуңбу?

- Чыпчын! Биз калп айтууну билбейбиз! Кокотикенди колдоп, коңшу гүлдөр да жапырт ыргалышты:

- Буларга ишенгиле! Биз булар менен аралаш өсүп, бизди да коргошот.

Гүлдөрдүн эч качан калп сүйлөбөсүн билген аары дароо учуп барып, кокотикендин көгүш түстүү таажысына конду. Андай ширени мурун эч кезиктирген эмес. Даамы бир башкача сонун экен. Буга чейин байкабай жүргөнүнө өкүндү.

Улам бирине конуп, ырахатка баткан аарыларды көргөн көпөлөктөр да карап турушпады...

Байтемир Асаналиев

www.bizdin.kg

? 1. Чыгармадан кандай жакшы нерсени байкай алдың?
2. Өсүмдүктөр, жан-жаныбарлар бири-бири менен кандай мамиледе жашашат экен?
3. Кокотикенге, гүлдөргө, аарыларга, көпөлөктөргө мүнөздүү кандай сапаттарды байкай алдың?
4. Аңгемеде жаратылыштын көрүнүшү кандай сүрөттөлүптүр?
5. Чыгарманы бөлүктөргө ажыратып көрөлү!

! Сен кандай бөлүктөргө ажыраттың? Мен мындайча бөлгүм келип турат:
1) Жыпар жыт аңкыган мемиреген айлана.
2) Кокотикендин таарынычы.
3) Бир башкача даам!
А сен кандайча бөлүштүрдүң?

Ушундай кызыктуу чыгарманын автору жөнүндө эмне билесиң?

Биздин эң кызык журналыбыз кайсы эле? Ооба, ооба, «Байчечекей». Ошол журналды ушундай кызыктуу кылып чыгаргандардын бири - Байтемир агай. Биз буга чейин эле анын ырлары, табышмактары, жаңылмачтары менен таанышкан элек. «Байчечекейдин» беттеринен да үзбөй окуп жүрөбүз.

Байьемир Асаналиев 1940-ж.

«Мектеп» басмасынан «Жаз боегу», «Булак күүсү» аттуу китептери, «Табышмактары» «Байчечекей» журналынын редакциясы аркылуу жарык көрдү.

Көптөгөн чыгармалары башка тилдерге которулган. Өзү да чет элдердин балдар адабиятынын абдан кызык чыгармаларын кыргызча которуп, бизге тартуулаган. Байтемир агайыбыз балдар үчүн талыкпастан эмгектенип келүүдө.

www.bizdin.kg

СҮЗӨНӨӨК ДОНДОШ

I

Күндөрдүн биринде Азиз сүзөнөөгүн жамаатташ коктудагы койчунукуна ээрчитип барды. Өзүнөн улуу Султан деген балага жолугуп:

- Мүйүздүү козуң барбы? Сүзүштүрөсүңбү? - деди козусун мүйүзүнөн кармап мактана.

Султан аны жактырбагандай, үнсүз башын чайкады. Азиз тигинин тоготпогонсуганына ызаланып кетти:

-Анда өзүңдү сүздүрөйүнбү? - деди эдиреңдеп. Султан күпүйүп тончон, өтүкчөн эле. Ага ишенбей:

-Эр болсоң эле сүздүрүп көр! - деди.

-Анан ыйлабагын! - деп Азиз согуш жарыялаган немече кыйкырып, мүйүздүү козусун жүткүнтө Султанга тап берди:

-Качыр! Качыр!

Мүйүздүү Дондош текчейип кетенчиктей түшүп, кериле секирип бир сүзгөндө эле Султан кар таянды.

- Карма! - деп бакырды ал чындап коркконунан. Азиз Дондошун адатынча мүйүзүнөн тутамдай карга матыган Султанга жанагыдан мактанычтуу эдирейди:

-Көрдүңбү? Ишендиңби?

-Кыйын экенсиң, - деди Султан сары тонунун жеңиндеги карын күбүй. - Эртең сүзөнөөгүңдү алып кел. Менде да мүйүздүү бирөө бар. Атам жайытка айдап кетти. Эртең короого алып калайын. Сүзүштүрүп көрөлү. Мунуң кудай ургандай күчтүү экен.

Жеңиштүү Азиз Султандан сөгүү эмес, мактоо укkан соң, макул болду. Сүзөнөөгүн аябай жемге

тойгузду. Эртеси атасы короодон жандыктарды айдап чыгар замат Азиз сүзөнөөгүн ээрчитип, Султандын короосун беттеп жөнөдү. Султан аны жарым жолдон тосуп алды. Короого киришип, илгичин илди да, наркы бастырманын түбүнөн чыгырык мүйүз ак кочкорун айдап чыкты. Азиз аны көрүп, дароо мүйүзүнө илип кетчүдөй кетенчиктеди:

- Алпар нары! Чоң кочкор тура. А мени ки чине да, козу кочкор да.

Султан чуркап келип, Азизди колдон кысты:

- Коркпо, бул сүзбөйт. Карыган неме.

Чын эле ак кочкор басып кетти. Сүзүшүүнү каалабады.

Чын эле, сүзөнөөгүмө баары тең багынып келатпайбы. Бул карыган немени деле качыраар, - деп ойлоду Азиз. Мүйүздүү боз Дондошун бошотуп, адатынча ак кочкорду карай тап койду.

- Сүз! Качыр! Багынт!

Азиздин Дондошу кочкорду боорго, жонго күрс-күрс чолуду. Кочкор адегенде этибар албады. Анан өтө ооруксунганда чыдабай кетти окшойт, ачуулуу көздөрүн кызартып, жонун дүгдүйтүп, чыгырык мүйүзүн тосо бурулду.

- Ии, эми сүз, багынт!

Азиз кошулуп, Султан да мүйүздүү Дондошту кетенчиктетип туруп, көкүтүп тап бериштн. Дондош ыраактан түйүлүп барып, түпкүчтөй ийилген карт мүйүзгө тикчигий мүйүзүн сайылта карс сүздү. Негедир карт кочкор менен жаш кочкорчо бөлүнүшө албай, тутакташа түшүштү.

? Эми эмне болот деп ойлойсуң? Окуянын кандайча уланышын каалайт элең?

www.bizdin.kg

II

Шиштигий жаш мүйүз ийрилген куу мүйүзгө илинип калыптыр. Карт кочкордун ачуусу анык келген экен. Балдар чырылдап жеткенче кочкор сүзөнөөк Дондошту мүйүзүнөн илген боюнча бутун жерге тийгизбей бултактата түпкүчтөй башын тыякбыякка булкуп, нары карай арыштай

чуркады. Мына бир маалда боз козу «күп» этип ыргып барып жатып калды. Азиз чырылдап жетип барса, сүзөнөөк Дондоштун башы кызыл жаян кан, эки мүйүзү тең түбүнөн омкорулуп түшүптүр...

Шүкүрбек Бейшеналиев

? 1. Байкуш Дондош, эми эмне болоор экен?
2. Бул окуяга ким күнөөлүү? Эмне үчүн?
3. Карт кочкор ушунчалык эле ташбоор беле?
4. Ушундай козум болсо деп самайсыңбы? Эгерде ушундай козуң болсо, кандай кылып багат элең?

Биз Шүкүрбек агайыбыздын «Мүйүзүнөн айрылган сүзөнөөк» деген аңгемесинен кыскача үзүндү окудук. Ал чыгарма бир нече аңгемелерден турат. Шүкүрбек Бейшеналиевдин мындан башка чыгармалары да арбын. «Мектеп» басмасынан «Тандалмалар» деген ат менен повесттер жыйнагы, «Мүйүздүү козу», «Мүйүзүнөн айрылган сүзөнөөк» аңгемелер жыйнагы, «Досума белек» китеби, «Табышмакчы Чынара» аңгемеси жарыкка чыккан. Белгилүү «Кычан» аттуу чыгарма да Шүкүрбек агайыбыздын калемине таандык. Анын чыгармалары чет элдик көп тилдерге которулуп, китеп болуп чыккан.

Шүкүрбек Бейшеналиев 1928-ж.

ГҮЛ ТУРАТ

Күүгүм талаш гүл турат,
Күзгү булак четинде.
Ай жарыгы нур сунат,
Жакшы өссө деп ниетинде.

Желип-жортуп жел келет,
Эркелетип гүлүмдү.
Гүлүм бийлеп термелет,
Эргитип сезим, дилимди.

Жымыңдаган жылдыздар,
Булакка көз кадашты.

www.bizdin.kg

Үркөр таркап акырын,
Жадыраган таң атты.

Күн чыкканда гүл турат,
Тунук булак четинде.
Күн балбылдап нур сунат,
Кубат берип сезимге.

Муса Жангазиев

? 1. Гүлдөн башка да эмнелер жөнүндө сөз болуптур?
2. Гүлдү эмнелер жакшы көрөт экен? Ал жерлерди ырдан табалы!
3. Эмне сезимди эргитип, эмне сезимге кубат бериптир?

Муса Жангазиев (1921-1997)

Муса Жангазиевдин «Тандалган ырлар», «Бала менин өмүрүм», «Улуу тоонун балдары» аттуу ырлар жыйнактары «Мектеп» басмасынан жарык көргөн.

ЖЫЛКЫЧЫ ЧЫМЧЫК

Жылкычы чымчык кичине,
Киришиптир ишине.
Кадимкидей күн ысып,
Бирде конуп, бирде учуп,
Үйүр болуп кишиге.
Чымчыктардын сулуусу,
Койкоюп кооз турушу.
Бирин бири аяшып,
Жардамдашып карашып,
Иштесе көп жумушу.

Элеңдеген каранып,
Тумшугу менен таранып.
Кир жугузбай денеге,
Тыбыт жүнү агарып.
Кармай албай койсок да,
Дос болууну самадык.

Муса Жангазиев

? 1. Кандай экен жылкычы чымчык?
2. Эмне үчүн чымчыктардын сулуусу дейт?
3. Сулуу эле бекен же дагы башка касиеттерге ээ бекен?
4. Эмнеге дос болууну самадык?

Жылкычы чымчыкка карата табышмак жаратсак болобу? Аракет кылып көрөлү.

КЫЗЫКТАР КУТУЧАСЫНАН

- Мына кызык! - дешет ар кимдер. Австриялык окумуштуу Ф. Молюне сүттөн ар кандай азык-түлүк жасагандан кийинки өндүрүш калдыктарынан бензин чыгаруунун технологиясын сунуш кылат. Адегенде сүттүн сыгындыларын метанга айландырып, андан кийин аны синтездеп, күйүүчү май алат. Сүттүн калдыгынан алынган бензин анча кымбат эмес.

* * *

Кировскидеги политехникалык институттун окумуштуу адистери жумшак болотту алуунун ыгын табышкан.

Жаңы технологиянын жардамы менен укмуштуу сапаттарга ээ - эң жогорку температурага туруштук берген, беш эсе узарып чоюла турган болотту алууга

www.bizdin.kg

болот. Ийилгичтиги жана серпилгичтиги жагынан резинанын мыкты сортторунан ашып түшөт.

«Дилгир» журналынан

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Үч кышты
Бет ташка төшө.
Үч ташты
Беш кышка төшө.

Тамдан кулап,
Тамым урап.
Чунак кулак улак
Чуркап турат.

Алыкул Осмонов

Оюнсаак Омор
Ойлонсо оңоор.
Обу жок ойнун
Ойнобой коёр.

Ак таш, көк таш,
Алды Бекташ.
Ал деп боз таш,
Калды көп таш.

Абзий Кыдыров

! Балдар үчүн кам көрүп, аларга түрдүү кызыктуу чыгармаларды тартуулап кеткен жазуучуларыбыздын бири - Шатман Садыбакасов. Анын «Мектеп» басмасынан 1981-жылы балдар үчүн «Күзгү» аңгемелер жыйнагы, «Бир үзүм жалын» повесть жана аңгемелер жыйнагы жарык көргөн.

КОРОЗ

Чупа деген кичинекей балапан чоң үзүм нан таап алды. Даамдуу нан экен. Көтөрүп алып, бир тууган-дарын карай чуркады:

- Таптым, таптым, таттуу нан!

Топуракты үстүнө чачып, оонап жаткан короз дардаңдап чуркап, Чупанын алдын тосту:

-Ой, токто! Сен нанды кимге алып барасың?

-Бөбөгүм бар, ошого. Апабыз жумушта. Короз Чупанын мойнунан тиштеп ыргытып жиберип, нанын сугунуп алды. Тооктун баары чуркап келишип, корозду тегеректешти, аны чокулап, канаттарын жулушту.

- Силер, тооктор, жамансыңар! Мен силер менен жашабайм!

Ошентип, короз кетип калды, Сууну бойлоп жүрүп отурду. Чегирткелерди, кумурскаларды терип жеди. Бир убакта жардын башына жетти. Жардын алдында кашка суу агып жатат. Анда өрдөктөр сүзүп жүрөт.

- Ой, өрдөктөр! - деди ал жардын башынан кыйкырып. - Силер сүзгөндү билбейт экенсиңер. Мындай сүзгүлө. Чумкугула. Бутуңарды чойгула. Мына мени карап тургула!

Короз сууну кече баштады. Кечкен эле жерден кашка суу аны агызып жөнөдү.

- Өрдөктөр, байкебайлар! - деди ал жанталашып. - Өлдүү-үм!

Короз агып кетмек болду. Ала канат таргыл өрдөк корозду желбирөөгүнөн тиштеп, жээкке сүйрөп чыкты.

Шатман Садыбакасов

? 1. Короз кандай экен? Эмне үчүн ал тоокторго таарынып кетип калды?
2. Тооктор эмнеге корозду талашты?
3. Өрдөктөр эмне үчүн корозго таарынышпады?
4. Бечара Чупа кандай балапан экен?

www.bizdin.kg

Бөлүм боюнча суроолор

1. Кандай кыргыз акын-жазуучуларын билдиң?
2. Бул окуу китептерине кирбеген дагы кандай акын-жазуучуларды билесиң?
3. Сен да акын-жазуучу болгуң келеби? Ал үчүн кандай сапаттар керек деп ойлойсуң? Канткенде акын-жазуучу болсо болот?

Кел эмесе, бизге ушундай эң кызык чыгармаларды тартуулаган, талыкпай эмгектенген агай-эжейлерибизге биз да ыраазычылыгыбызды билдирели! Сочинение жазалыбы? Же ыр жазалы дейсиңби? Ким каалаганын жазсын анда. Баштадык.



«А1» САМОЛЁТУН УЧУРУУДАГЫ МЕНИН ЖАҢЫЛЫШТЫГЫМ

(Фантастикалык аңгеме)

...Асманда куш учат. Илгери бир замандарда адам килем менен учканын уккамын. Самолётту көргөнүмдө «эки канаты, анан дөңгөлөгү бар, ушуларды жасай албаймынбы?» деп ойлочу болдум. Аларды жасаш үчүн аспап керек экенин уста абамын сөзүнөн улам баамдап, бардыгын камдай баштадым. Керки, балта, араа гана эмес, жыгачтарды жабыштыра турган желимден өйдө даярдадым. Жука ак калай, майда бөрктүү мыктар ж. б.

Сыртынан караганда самолётту жасоо оңой көрүнгөнү менен иштей келгенде убарасы көп экен. Эртең менен эрте туруп ишке киришем. Жонумдан тер кетет, ага да карабайм. Самолёттун сөлөкөтү

куду кушка окшош эмеспи. Мен дагы канаттууларга салыштыруу менен куйругунан бери жасадым. Кайсы бир жерин желимдесем, кайсы бир күч келчү жерине мык кактым. Эки кичинекей дөңгөлөктү алды жагына орноттум. Качан бүткөндө карасам, кадимки эле самолёттой көрүндү. Эки капталына «А1» деп жазып койдум. Ал Акылбектин биринчи самолёту дегенди билдирет. Эми учуруум керек. Жүрөгүм дикилдеп, сүйүнгөнүмдү айтпа!

Үйүбүздүн түштүк жагында дөң бар. Ошол жерге өгүз менен сүйрөп жеткирип, анан төмөн карай коё берсем, абага учуп чыгаар... Канчалык ылдам кетсе, шамалдын каршылыгына ошончолук учурап, анан абага көтөрүлөрүн билүүчүмүн. Самолёттордун учканын көрүп жүрбөймүнбү.

Самолёттун баш жагын төмөн каратып туруп, парасын тегереттим да, артынан түртүп жөнөдүм. Мотор дүрүлдөп иштеп кетти. Бирок мен ойлогондой бат эле көтөрүлө койгон жок. Бир топ жерге канатын калдаңдаткан бойдон чуркап барды да, дөбөнүн этегине жакын калганда көтөрүлдү. Аны көргөндө аябай сүйүнүп, тебетейимди асмандата ыргыттым.

Менин самолётум бирдемеге урунгандай болуп, канатын калдаңдатып, эңиштеп учту. Бир кезде түлкү алган бүркүттөн бетер үйдүн соройгон морун илип кеткенсиди, чаң бур дей түштү.

Мен төмөн карай чуркаган бойдон барсам, үйдөгүлөрдүн баары сыртта жүрүшөт. Үйдүн эшигин ачып койгон экен, коюу түтүн чыгып жатат...

Ары ойлоп, бери ойлосом, самолётту жасоодо бир топ кемчилик кетириптирмин.

? Ал кандай кемчиликтер болушу мүмкүн?

www.bizdin.kg

II

Эки канатын калыңыраак тактайдан жасагандыктан, оор болуп калыптыр. Дагы бир катам–канаттууларды туурап, алдына эки бут жасап, ошону менен чектелипмин. Төмөн карай катуу чуркап баратканда куйругу жерге тийип, учууга аябай тоскоолдук кылды. Эгер алдына же артына дагы бир дөңгөлөк орнотконду эч тоскоолдукка учурабай, тез жүрүп, абанын каршылыгына ошончолук учурап, анан жогору көтөрүлбөйт беле!

Анан дагы үйдү карай эмес, дөңдүн ары жагын карай учурсам, минтип морду кулатпай, сарайларды талкалабай, самолётум да сынмак эмес. Жеме да укпайт элем.

Жаки Таштемиров

? 1. Самолётту кандайча жасады?
2. Аны кантип учурду?
3. Кандай катачылыктарды кетириптир?
4. Аңгеме жактыбы? Фантастикалык аңгеме дегенди кандай түшүндүң?

! Ал эми «А2» самолётун кантип жасагандыгын окуп көрөлүчү!

САМОЛЁТУМ КАЙДА?

(Фантастикалык аңгеме)

Экинчи самолётума бир жаңылык киргиздим. Эгер мурун май менен уча турган болсо, бул машина энергияны Күндөн алуу керек. Мындагы артыкчылык «күйүүчү май үчүн баланча жерге коном» деген ой болбойт. Канча учса, кайда барса боло берет. Күндүз алган энергия түндөсү түгөнбөй, эртеңкиге толук жетүүгө тийиш. Ушул акылды тапканым үчүн өзүнчө сүйүндүм. Эми кеп ойлогонум оңтойлуу

www.bizdin.kg

чыкканында турат. Ал жагын ойлоп, кээде кооп санап коёмун. Акыры тобокелге келдим. Жасадымбы, учурушум керек.

Самолёттор асфальтталган жол болсо эле түз жерден учканын көрүп жүрөмүн. Дөңдүн үстү тегиз. Узундугу элүү метрдей келет. «Ушул түздөн учурсам болбойбу» деп ойлодум.

Тетиктерин дагы бир сыйра текшерип чыгып, баары жайында экенине көзүм жетти. Самолёттун моторун иштетип, артынан алга карай сүйөмөлөп түрттүм эле, жеңил гана тездик менен жөнөй берди. Бара-бара катуу күүлөнүп, асфальт жолдо бара жаткандан бетер ылдамдыкта жүрө баштады. Мен аңтаң болгон немедей ордумда туруп калыптырмын. Самолётум болсо сызып барат. «Эми учкай эле... Кантээр экен?» деген ой менен чымырканган абалда карап турамын. Дөңдүн кырына жеткендей болду. «Мурункудай төмөн кетпей, түз учкай эле» деген тилекте турган ордумда катып калдым. Бир кезде карасам, куду аскадан учкан бүркүткө окшоп самолётум кайкыган калыбында бара жатат. Аябай сүйүнүп кеттим. Тебетейимди көкөлөтө ыргытып: «Ураа! Ураа!..» - деп үч-төрт жолу кыйкырып жибердим.

Ал болсо улам жогору көтөрүлгөндөн көтөрүлүп өтө бийик учууда. Тээ тетиги башынан ак кар кетпеген чоң тоонун бийик чокусуна жакындап барат. «Акылсыз, бийик тоонун чокусундагы аскага тийип, ала салар бекен» деп дүрбү менен карай кеттим. Жок. Ага жакындаган сайын дагы бийик көтөрүлүүдө. Азыркы турпаты аска-тоодон кайып учкан ак шумкардай көрүндү. Так ушул учурда жүрөгүм дагы тыз этти. Андан ашып, арылай

түшкөндө, ак булуттун арасына кирип кеткендей көздөн кайым болду.

-Кайран гана самолётум ай, ак булуттун арасына житип жок болдуң, кайда барып токтоор экенсиң? Эмне үчүн өзүм ичине отурбадым же эмне үчүн радио менен башкаргыдай кылбадым?-деп, ичимден өзүмдү өзүм жемелеп, куш качырган немече асманды караган бойдон кала бердим.

Белгисиз жакка багыт алып кеткен самолётумдун кабары угулар бекен? Көргөн киши болду бекен? Ушул өңдүү суроолор жүрөгүмдү өйүй берди. Жарым жылга чейин кулагымды түрүп жүрдүм. Бирок эч кимден кабар келген жок. Илгери үмүт менен газетага кулактандыруу жазып көрдүм. Мындан да кабар ала албадым. Ошондон улам мен түркүн ой менен алышып жүрөмүн: «Күндүн кубаты менен учту эле. Күнгө карай кетип калдыбы? Же спутник сыяктуу Жер шарын айланып, салмаксыз мейкиндикте учуп жүрөт болду бекен? Эгер самолёт аскалардын бирине урунуп, кокту-колотко кулап түшсө, ойноп жүргөн балдар же мергенчилер көрөт эле го? Эч кабар угулбагандыктан, жердин же тиги алыскы Күндүн спутнигине айланып кетти бекен» деген ойдомун. Деги самолётум кайда болду экен?

Жаки Таштемиров

?

1. «А2» самолётуна киргизген жаңылык сага жактыбы?
2. Самолёттун учкан кезин тексттен табалы!
3. Акылбектин жүрөгү эмне үчүн тыз дептир? Ошол жерди тексттен тапчы!
4. «А2» самолёту кайда кетти деп ойлойсуң?
5. «Жарым жылга чейин кулагымды түрүп жүрдүм» дегенди кандай түшүндүң?

www.bizdin.kg

Жаки Таштемировдун «Мектеп» басмасынан «Менин башымдан өткөн окуялар» деген китеби чыккан. Анда ар кандай кызыктуу аңгемелер менен бирге фантастикалык ангемелери да орун алган. Таап окусаң, аябай кызыкка батасың!

Айтмакчы, фантастика дегенди сен кандай түшүндүң? Менимче, ал азырынча турмушта ишке аша элек, бирок келечекте ишке ашууга тийиш болгон ойдон чыгарылган кыялдар го. Каалагандай эле ойдон чыгара бербестен, ал абдан негизделген болушу керек. Чындыкка жакын болуусу зарыл.

ҮЧҮНЧҮ ШАР

Мен бир күнү асманда калкып жүргөн жаандын бууларын, абада сызып жүргөн канаттуу куштардын учушун байкап, алардын асманга көтөрүлүп, учуп жүргөндүгүнүн себептерин таба албай көпкө ойлонуп жүрдүм.

Жер шарын курчап турган абадан жеңил бир буюм табуу үчүн аракет кыла баштадым. Аны мен сураштырып жүрүп, көп китептерди окуп жана тажрыйба кылып гана таба алдым. Ал табылган буюм асманда калкып жүргөн калың абанын бир түрү болучу, водород газы эле. Ал газ суу составынын үчтөн эки бөлүгүн ээлеп, жалпы абадан 14,5 эсе жеңил экендиги белгилүү.

Мен ал водород газын бир шарга толтуруп, оозун бууп, көккө коё бердим. Ал шарым жогорулагандан жогорулап, алыстай берди.

Мен экинчи шар жасап, ага белгилүү оордукту көтөртүүнү ойлодум. Бир күнү экинчи шарымды жасап бүтүп, өзүмдүн багып жүргөн итиме жакшылап үй жасап, терезе салып, тамак камдап, абанын суюк

катмарында кислороддун жетишсиздигин эске алып, иттин дем алууга керектүү абасын даярдап, газга толгон шар менен чиркештирип, асманды көздөй коё бердим.

Анан үчүнчү шар жасап, өзүм учууну туура таптым. Өзүм түшүүчү үчүнчү шарды абдан мыктап жасадым да, ага үй жасап, жолго алып жүрүүчү шаймандарымды жана азык-түлүктөрдү алып, белгисиз калың аба бөштугуна жол тартууну ойлондум. Акырында ал да орундалды. Абага көтөрүлүп уча баштадым. Шар көтөрүлгөндөн көтөрүлүп, жерден алыстагандан алыстай берди. Жердеги кыбыраган жан-жаныбарлар кичирейгенден кичирейди. Алар барган сайын бопбоз болгон мейкин талаадай гана көзгө үлпүлдөп көрүндү. Бир аздан кийин эч нерсе көрүнбөй, белгисиз бир караңгы түнгө кезиге баштадым. Кайда жылып бара жатканын сезе албадым, аны токтото да албадым. Себеби ал шарды белгилүү жакка башкаруучу менде тетик болбоду. Шардагы газды чыгарайын дейм, бирок корком. Себеби газды чыгаргандан кийин токтоосуз барып жерге тиеримди билемин. Кармоого эчтеке жок. Жалгыз гана кармалбаган абанын ичинде шар менен учуп бара жаткансыйм. Жер шарын тегерете курчаган абанын арасында кетип бара жаткан жандын бири мен гана болсом керек.

Күн нурун тосо албаган суюк аба менин дем алышыма да суюктук кылгансып, башым каңгырай баштады. Бирок мен жолго чыкканымда абанын сейрек болушун эске алып, өзүм менен бирге белгилүү дем алдыруучу коюу абадан запас кылып алган элем. Мен ошол запас аба менен дем алып келе жатам. Кыбыраган жан, шырп эткен дабыш жок.

Эч жылчыксыз караңгылыктын арасында гана келе жатамын. Келген жолум ушу го дегенсип, үйүмдүн терезесинен башымды чыгарып, ылдый ка-

www.bizdin.kg

райм. Бирок канча карасам да караңгылыктан башка эч нерсе көрүнбөйт. Күндүн ачык-бүркөгү да белгисиз. Жерден кабар алгым келди. Кат жаздым да, нандын ичине салып, ыргытып жибердим.

? 1. Чыгарма жактыбы?
2. Ал эмне үчүн асманга учкусу келди?
3. Чыгарма эмнеге «Үчүнчү шар» деп аталат экен?
4. Шар менен учууда кандай окуяларга, жаңылыктарга туш болду? Аны элестете алдыңбы?

! Чыгарманы андан ары улантып окуйлу! Жогоруда жерге ыргытылган каттын мааниси мындайча эле.

АСМАНДАН АЛЫСКА КАТ

«Мен бир шар жасап, ал аркылуу көтөрүлүп, жогорулап учтум эле. Бирок менин шарымда кемчиликтер болгондуктан, өзүмдүн болжогон жериме бара албай, белгисиз жолго түшүп, суюк абанын арасында гана жогорулап бара жатам. Жарык шооласы да жок. Караңгылык. Менден башка эч бир жан сезилбейт.

Мен 25-майда асманга учтум эле. Ошондон бери нече сутка болгондугун да билбейм. Себеби мага күндүн чыкканы жана батканы билинбейт», - деп жазып, кол койдум.

Аңгыча калың караңгылыктын арасынан кулагыма бир дабыш угулду. Бул дабыш санааны эчен түргө бөлдү.

Калың караңгылыкты жаңырткан үн жакындай берди. Бул эмненин үнү экен дегенсип, ага мен кулагымды тосуп тыңшадым. Ал үн кез-кезде арсылдап үргөнсүп кетет.

... Менин итим го деген үмүт менен аны атынан чакыра баштадым. Ит ого бетер дабышын күчөттү.

Аңгыча жогорулап бара жаткан шарым бир буюмга урунган сыяктанды. Итимдин дабышы жогору жактан чыккандыгы ачык айкындалды. Иттин шары үйүмдөн чыккан чырактын жарыгы менен көрүнө түшүп, ылдыйлап бара жаткан сыяктанып, шардын газы азайып, куушурулуп бара жатат.

Терезеден колумду чыгарып, ылдыйлап кетип бара жаткан шарды кармай калдым. Кармаган шарымды өөдө тарттым да, андагы итти өз үйүмө чыгарып алып, шарды коё бердим. Ал жарылып калган экен. Шуулдаган бойдон жерди көздөй түшүп кетти. Итим мага эркелеп, кыңшылап жанды койбойт. Итке тамак бердим.

Шар кылкылдап, жогорулаганы токтолгон сыяктуу болуп сезилди. Анын ылдыйлашы мени дагы кубандырды. Бирок бул шардын жарылгандыгынанбы же ит экөөбүздүн салмагыбызданбы? Көрсө, салмактын басышынан болуп чыкты. Жаш жүрөк кабына батпай алып учкандай болду. Итти ким билет. Ал айбан го, билеби, билбейби? Бирок ал да кубанычта экендиги сезилет.

Бир маалда калың караңгылык суюлгансып, ылдыйлаган сайын жарыктын шооласы көзгө көрүнө баштады. Анан күндүн көзүн көрдүк. Биз менен амандашкансып, жарык нурун бизге чачырата тийгендей болду.

Бир кезде мунарланып тоо чокулары көрүнүп, мурда көрбөгөн, чокусун ак кар каптаган бийик тоого жакындап кирип келе жатабыз. Бир аздан кийин шар эки жагы жалама кызыл чополуу жардын бооруна жакындай баштады. Анан көк чөптүү тектирчеге барып конуп калды.

www.bizdin.kg

* * *

Алды зоо, үстү аска, жолсуз туюк капчыгайдын арасында бир кичине тектирчеде корккон коён өңдөнүп, итим экөөбүз алдыбызда ташта урунуп, көбүрүп агып жаткан сууну карап коёбуз да, үнсүз отурабыз. Жан сактап жашай турган жер боорундагы тектирчебиздин чоңдугу чейрек гектардай гана жер. Биз турган белгисиз жер жана агып жаткан суу карта боюнча кайсы жерде экендиги да белгисиз. Маңдай жагыбыз - жалама капчыгай. Туура жагыбыз болсо - бодурлуу аска таштар, үңүрөйгөн үңкүрлөр.

Мынча асман тиреген бийик зоодон жана алды жакта көбүгүн чачып агып жаткан чоң суудан, көзгө чоочун жерден кантип жол тапмак элем. Жол жасап ылдый түшүүгө же жогору чыгууга колдонгудай курал жок...

Кусейин Эсенкожоев

? 1. Шар менен учкан бала кандай укмуштарга туш болуптур?
2. Ит неге сүйүндү?
3. Алар кантип жерге конушту?
4. Конгон жерин сен кандай элестеттиң?
5. Чыгарма жактыбы? Ушундай эң кызык чыгарманын автору жөнүндө билгиң келеби?

! Кусейин агайыбыздын 17 жашында «Саякатчы бала» деген китеби жарыкка чыккан. Анда алты аңгеме орун алган. 1938-жылы 18 жашында биз жогоруда үзүндү окуган «Үчүнчү шар» аттуу китеби окурмандардын колуна тийген.

Ооба, ооба, анын кандайча улангандыгын билгин келип турганын сезип жатам. Андан ары итти кантип кетиргендиги, аюу менен болгон жолугушуу, иттин кайтып келиши, анын жардамы менен кат алышуу, шумдуктуу айбандардын кол салышы, белгисиз зор куш менен болгон окуя, нөшөрлөгөн жаан, биздин карманы быз жашап жаткан жердин жарылып кетиши, иттин кели-ши, азаттыкка кантип чыккан-дыгы жөнүндө окусаң болот.

Кусейин Эсенкожоев (1920-1941)

Анын чыгармаларынан дагы окугуң келсе «Мектеп» басмасынан кайрадан басылып чыккан «Саякатчы бала», «Биздин жердин куштары» аттуу китептеринен да табасың. Анда анын фантастикалык чыгарма-лары менен бирге кызыктуу аңгемелери, канаттуулар жөнүн-дөгү бир топ ырлары орун алган.

Фантастикалык чыгарма жөнүндө айтылган ой эсиңе түштүбү? Ал азырынча ишке аша элек, бирок келечекте ишке ашууга тийиш болгон чыгармалар деп окуган элек. Бирок шар менен учуу фантастикабы азыр? «Манас» эпосунун 1000 жылдык тоюнда деле шар менен адамдар учуп жүрбөдүбү.

Көрсө, чыгарма 1937-1938-жылдары жазылган турбайбы.

Кусейин агайыбыз 1941-жылы согушка кетип, 21 жашында баатырларча курман болгон. Болбосо дагы канча укмуштуу чыгармалары менен таанышмакпыз.

«ЦЕРЕБРОСКОП-2»
(Фантастикалык ангеме)

Эшик үн чыгарбай ачылып, кабинетке сымбаттуу жаш жигит кирип келди.

- Саламатсыздарбы?
- Саламатчылык. Келиңиз, отуруңуз.

- Ден соолугум начар деп даттанууга эч кандай негиз жок. Бирок мени кыйнаган нерсе мээмдеги таң каларлык өзгөрүүлөр. Жакындан бери менде бир бөтөнчө касиет пайда болду. Адегенде ага бир чети таң калсам, бир чети тымызын сыймыктанып жүрдүм. Бирок турмуштагы көп нерселер өздөрүнүн белгисиздиктери менен кызыктуу турбайбы. Белгилүү болуп калгандан кийин ага болгон кызыкчылык азайып каларын түшүнгөн соң, бул өзгөчөлүгүм мен үчүн тозокко айланды. Кааласам, каалабасам дагы жанымдагы киши ооз ача электе эле анын ою мага белгилүү болуп турат.

Ошондуктан жанымдагы адамдын мага карата сүйлөгөнүн же ойлонуп гана койгонун ажырата албай калып жатам.

Адамдар менен аңгемелешүү, пикир алышуу мен үчүн кызыксыз боло баштады. Эмне жөнүндө сүйлөөрүн билип турам. Тескерисинче, жалгыз жүргүм келет.

- Таң каларлык, - деди врач, - менин билишимче мындай окуя медицинанын тарыхында биринчи жолу болуп жатса керек.

Ал ийин куушуруп, унчукпай ойлонуп калды да, анан суроолуу түр менен жигитке бурулду.

- Жок. Кийинки кездерде эч кандай травмага дуушар болгон эмесмин, - деп жигит врачтын оюн айттырбай илип кетти. Мен бул бөтөнчөлүккө өткөн бейшембиден баштап ээ болдум. Ошол күнү сабактан тарагандан кийин, башым чымырап ооруй баштады. Мурда да бир жолу ооруган,

Режимди сактабай, акыл эмгеги менен көп иштегендиктен, - деп түшүндүрүшкөн врачтар. - Көңүлүм чөгүп, эс алайын деп бөлмөмө келдим. Почта аркылуу жиберилген аяш атамдын белеги

www.bizdin.kg

туруптур бөлмөмдө. Жигит чыканагына чейин түрүлгөн тарамыштуу жоон билегиндеги кооз саатка карап койду. - Бирок бул белек деле көнүлүмдү анча көтөрө алган жок.

Уктап кеткен экемин. Бир мезгилде жолдош балам ойготту:

- Тур, Жанчар, сүйүнчү!

Башымдын ооруганы басылып калыптыр. Көзүмдү ачсам эле, анын оюндагысын биле койдум.

-Нурила келиптирби? Сыртта күтүп турабы?

-Аны сага ким айтты?-деди Нурлан таң калып.

-Өзүң айтпадыңбы, сүйүнчүңдү анан берем. Нурила экөөбүз көчөдө көпкө чейин сүйлөшүп басып жүрдүк. Бирок анын эмне айтаарын, эмне жөнүндө ойлогондугун мен андан мурда эле билип жаттым.

- Чындыкка окшобогон нерсе экен, - деди врач айласы кеткендей колдорун ушалап, - Мария Ивановна, цереброскопту алып келиңизчи.

Медсестра чемодан түспөлдөнгөн, бир нече көрсөткүч шкалалары бар аппаратты көтөрүп келди.

-Башыңызды бери кылыңыз, - врач Жанчардын башына тегерек алкакты кийгизип, өзү аппараттын шкалаларына үңүлдү.

-Демек, менин мээмде эч кандай өзгөрүүлөр жок экен да,- деди Жанчар врач карап бүткөндөн кийин аны айттырбай эле.

-Ооба, азыркы замандагы эң эле так деп эсептелген аппарат менен текшерсем да, сиздин мээңизден эч бир өзгөрүүнүн белгисин таба албадым. Мен сизди Москвага, ушул аппаратты түзгөн дүйнөдөгү эң көрүнүктүү психолог...

- Академик Айбашев жөнүндө мага айтып отуруунун кажети жок, анткени атамдан кем көрбөгөн аяш атам ошол киши.

Жолдомо жазууга камданган врач ручкасын таштап, көзайнегин ала койду:

- Ошондой деңиз!?

Ал көзайнегин кайра кийип, көзүнө чалдыга түшкөн Жанчардын саатын тирмийе тиктеп, ошол калыбында колун созду:

- Саатыңызды бериңизчи?

Эмнегедир ичинде толкунданып, чебеленгенин жашыра албай жаткан врачты таң кала карап, Жанчар колундагы саатын көңүлсүнбөй чечип берди. Сааттын циферблатында «Цереброскоп - 2» деген сөз жаркырап күйүп турган эле.

- Сиз цереброскоп деген сөздүн маанисин түшүнөсүзбү?

- Жок. Анын маанисине көңүл бурган эмесмин. Ошол замат Жанчар кайра каткырып жиберди:

-Доктор, мен сиздин оюңузду биле албай калдым!

-Саат менин колумда, - деди врач салтанаттуу күлүмсүрөп.- Эми сиздин оюңузду мен билип турам.

-Ах, демек, кептин баары саатта экен да!

-Так ошондой, эгерде цереброскоп мээдеги электрдик импульстарды байкоочу прибор экендигин мурдараак билгениңизде, курулай азап чекмек эмессиз. Бир адамдын оюн экинчи адамга өткөзүп туруучу прибор аяш атаңыздын эң кийинки эмгектеринин бири болсо керек.

Кеңеш Бейшебаев

? 1. Чыгарма жактыбы? Эмне үчүн?
2. Жанчарда кандай өзгөрүү болду?
3. Эмне үчүн жашоо кызыксыз болуп калыптыр Жанчар үчүн?
4. Ошондой саат сенде болсо, анда кандай кылат элен?

www.bizdin.kg

Бөлүм боюнча суроолор

1. Фантастикалык чыгарма дегенди кандай түшүндүң?
2. Ойдон чыгарылгандын баары эле фантастика боло алабы? Эмне үчүн?
3. Фантастикалык чыгармалардын кандай пайдасы бар деп ойлойсуң?
4. Фантастикалык чыгарма жараткың келеби? Эмне жөнүндө жазгың келет?

www.bizdin.kg

ДҮЙНӨ ЭЛДЕРИНИН БАЛДАР ЧЫГАРМАЛАРЫ

Башка элдердин балдар чыгармаларын биз буга чейин эле көп жолу окудук. Экинчи класста да, үчүнчү класста да алар байма-бай орун алган. Айрыкча, алардын эң кызык жомоктору. Ал тургай, аларды кыргыз жомоктору менен салыштырып да көрбөдүкпү. Алардын ортосундагы окшоштук, жакындык жөнүндө да сөз кылбадыкпы.

Окуу китебиндеги материалдардан сырткары өз алдынча окуган чыгармаларыбызчы.

БИЗ - ӨМҮРДҮН ГҮЛҮБҮЗ

Бийик көктөн,
Нурун төккөн,
Орток биздин күнүбүз.
Жайнап өскөн,
Жайдары өскөн,
Биз - өмүрдүн гүлүбүз.

Көрүп сыйын,
Достук ырын
Түркүн тилде ырдайбыз.
Окшоп гүлгө,
Тынчтык күндө
Окуп, ойноп жыргайбыз!

Ануарбек Дүйсенбиев (Казакстан)

? 1. «Биз-өмүрдүн гүлүбүз» деп кимдерди айтып жатат?
2. «Түркүн тилде ырдайбыз» дегенди кандай түшүндүң?
3. Кандай экен алар? Биз кандайбыз дептир?
4. Ырда алардан башка да эмне жөнүндө сөз болуп жатат?

КАНДАЙ КЕЗ?

Шашкеде сансыз күкүк ыр ырдаган,
Кандай кез дүйнө балкып, күү тыңдаган!

Эркелеп мөлтүр булак ала салып,
Сүйкүм жаш үнү менен шыңкылдаган?
Алыска тентек өзөн күркүрөгөн,
Жер жатат жалт-жулт этип бир түлөгөн.
Асмандын өрмөгүндөй жерге төккөн
Бир назик көктөн жамгыр нөшөрлөгөн.

Абай Кунанбаев (Казакстан)

? 1. Кандай, кайсы мезгил экен?
2. Бул мезгилдин өзгөчөлүктөрү эмнеде? Ал жерлерди тексттен табалы!
3. «Жер жатат жалт-жулт этип бир түлөгөн» дегенди кандай түшүндүң?

БАЙЧЕЧЕКЕЙ

Күн жылый баштады. Кар тоону карай улам өйдөлөп бара жатты. Мына ушинтип кар алдында жаткан Байчечекей баш көтөрдү. Өзүнүн көпкөк көздөрүн ачты.

- Эх, кандай суук! - деди ал бүрүшүп. Назик жалбыректары да калтырай түштү. Жаңы жүргөн жел аны эркелеткендей сылап өттү. Байчечекей ылдый жакка - көк-жашыл тукабадай кулпурган майсаңга көз чаптырды. Эмне деген кооздук! Даректар төрсөйүп, бүчүр байлап алыптыр. Мына эми жалбыректарын жазып жиберчүдөй көрүнөт. А тээтигинде бадал түбүндөгү Фиалка гүлү жашырынып калган жылдыздай жылт-жулт этет.

Чөптөр да чыгып калыптыр. Фиалка чымчыктардын тиктегенинен уялгансып, башын бир жагына кыйшайтып алыптыр.

www.bizdin.kg

- Фиалка!-деп кыйкырды Байчечекей, - сен уялбай эле кой, сен баарынан сулуусуң. Биз баарыбыз сени жакшы көрөбүз.

Фиалка башын көтөргүсү келди эле, бирок ошол замат кайра түшүрдү. Анын адаты дал ушундай.

Арадан бир-эки күн өттү. Байчечекей кубанычтуу кыйкырды:

- Карасаңар, карасаңар, бизге Нарцисс келиптир. Ал кандай назик, кандай жыттуу!

Баары Нарциссти карап калышты. Чын эле өсүп, гүлдөп калыптыр. Көп узабай бажырайып ак гүлдөрү да пайда болду, дал эле чөптөрдүн арасында турган Күндөй жаркырады.

Ушинтип күндөр өтө берди, шалбаада улам жаңы гүлдөр пайда болду. Мына кызыл жибек кийинген Кызгалдак гүлүн ачып, алгачкы аптап менен кошо айланага жыпар жытын чачты. Берешен Күнгө жүзүн тоскон гүлдөр кубанычка батышты. Алар Байчечекейдин өңү өчүп, соолуй баштаганын сезбей да калышты. Алар сезишкен учурда кеч болуп калган эле. Байчечекей өзүнүн кыска өмүрүн жашап бүтүп, жерге суналып жатып калган. Нарцисс оор үшкүрдү:

- Ал биз гүл ачканда кандай гана кубанды эле! А биз болсок өзүбүз менен убараланып жатып, анын гүлдөп турган учурун көрбөй калыптырбыз. Эми ал биздин жаныбызда жок. Аптап башталып, ал мындан ары жашай албай калбадыбы.

Гүлдөрдүн баары аябай кайгырышты. Алар Байчечекейдин биринчи болуп гүл ачып, жаздын келишин биринчи болуп билдиргенин айтышып гана өздөрүн сооротушту.

Азиза Ахмедова (Азербайжан)

С! *Нарцисс* - гүлдүн аты.
Аптап - ысык, күндүн ысый башташы.

?
1. Байчечекей кантип жаралыптыр?
2. Байчечекей жаралганда айлана кандай экен? Ал жерлерди тексттен табалы!
3. Байчечекейдин башкалардан өзгөчөлүгү эмнеде?
4. Ал эмне үчүн башкалардан мурда соолуп калды?
5. Башка гүлдөр эмне үчүн Байчечекейди жакшы көрүшөт экен жана ал соолуп калганда өздөрүн кантип сооротушту?

БАЙЧЕЧЕКЕЙ

Күн күркүрөйт кайрадан,
Көктүн бети бүркөлүп.
Балдар үйгө чуркашат,
Байчечекей гүл терип.

Татынакай көгүш гүл,
Тамылжытат ажарын.
Байчечекей аркылуу
Кучактайсың жаз айын!

Обос-Апер (Армения)

?
1. Кантип гүл аркылуу жазды кучактоого болот?
2. Ырда табигат кандай сүрөттөлүптүр?
3. Көздү жумуп, ырда айтылгандарды бир саамга элестетип көрөлүчү!

АПАМДЫН МАЙРАМЫ

Байчечекей таап алдым,
Ойноп жүрүп талаада.
Ачпаса да гүлдөрүн
Алпардым аны апама.

Кубангандан апам мени
Кучагына батырды.
Мээримине бир заматта
Байчечекей ачылды.

Григоре Виеру (Молдова)

?
1. Байчечекейди, апасын, баласын, майрамды эмне бириктирип турат экен?
2. Жогорудагы чыгармалардын ортосунда кандай жакындык, окшоштук бар? Алардын авторлору башка элдердин өкүлдөрү эмеспи.

www.bizdin.kg

КЕМИНЕ КОНОККО КЕЛГЕНДЕ

(Түркмен эл жомогу)

I

Кемине кечке жуук бир айылга келип, конуп өтүш үчүн уруксат сурап, айылдагы байдын үйүнө кириптир. Бай мунун үстүндөгү кийими начар экенин көргөндө эле босогодон өткөрбөй, кайра куулт:

- Менин кайырчы-тилемчиге бере турган эч нерсем жок! - деп ачууланат бай.

Ошондуктан Кемине андан чыгып, эң эле кедейдин үйүнө кирет.

-Конуп өтүшкө болор бекен?

-Кир, бери кир... Коноккo берээр даамдуу тамагыбыз жок болсо да, кондурар ордубуз бар.

Кемине жайланып отуруп, казанда бир нерсе кайнап жатканын көрүп, «кечки тамак ушул эмеспи» деп ойлоду.

Убакыт көпкө созулуп, казан тынымсыз кайнап, буу буркурап чыгып, бирок үйдөгү аял казандын капкагын ачпастан, балдарына төшөк салып, аларды жаткыра баштады.

- Балдар эмне үчүн тамак ичпей эле жатып калды? Казанда бир нерсе кайнап жатпайбы?- деди Кемине.

Аял балдары уктадыбы же жокпу деп, аларды карап көргөндөн кийин, минтип айтты:

- Мейман, сен биздеги оор илдетти ого бетер күчөтүп салдың. Бизде оозго салар эч нерсе жок, балдар ачкалыкка чыдабай ыйлап, бизди эң кыйын азапка салат. Балдарды эптеп алдаш үчүн казандагы сууга ташты салып, жөн эле кайната беребиз. Козунун эти бышкан жок али, силер уктай бергиле,

качан бышкан кезде ойготуп алабыз деп жаткырып койсок, ошого алданып уктап калышат.

Кемине муну укканда жаны кейип, катуу кайгыга батты. Үйдөгүлөр бүт уктаган соң, акырын гана сыртка чыгып, байдын коюнан бирди кармап, кедейдикине жетелеп келди.

- Мына бул койду союп, этине балдарды мыктап тойгузгула, - деди Кемине үйдүн ээлерин ойготуп.

Эт бышкан кезде кумганга толтура суу жана бир элек алып, алачыктын үстүнө чыгып кетти.

Балдарды ойготуп, алар колдоруна тийгендерин шашып-бушуп жеп жаткан кезде, үйдүн чамгарагында отурган Кемине балдардын башына электен суу сээп турду.

? 1. Эмне үчүн эт жеп жаткан балдардын үстүнө электен суу сээп турду? Анын эмне кереги бар эле?
2. Кедейлер кандай адамдар экен?
3. Бай эмне үчүн Кеминени үйүнө киргизбей койду?
4. Кедейлер союп жеген кой кимдики эле? Анын ээси билип алса эмне болот?
5. Эмне үчүн суу сээп турганын таптыңбы?

II

Эртең менен бай бир кою кемип калганын көрүп, коном деп келген кайырчыны түндө кондурбай койгонун, ал анан кедейдикине киргенин эстеп, «менин коюм так ушул кедейдикинде союлду» деп ойлоду.

Бай кедейдикине жакын басып келип, колун жаңсап, балдарды чакырды:

-Койдун этин жединерби силер?

-Жедик, жедик! - дешти булар.

www.bizdin.kg

-Качан жединер?

-Өткөн эле түнү... Күн жаап турганда, ошондо көйнөгүбүз бүт суу болду...

Быйыл эң акыркы жаан мындан бир нече күн мурда болуп, ошондон бери таптакыр тамчы тама электигин ойлоп:

- Булар жазында жеген этин айтып жатат, - деди да, бай өз үйүнө куру кол кайтты.

? 1. Демек, эмнеге чамгарактан суу сээптир?
2. Кемине кандай адам экен?

! Мен Кемине жөнүндө окуп жатканда Апендини эстей берем. А сенчи?

КАЙДА КЕТКЕН БАШТАРЫ

Өрдөктөрдү издеп ылдый,
Көлмөчөгө мен барып...
Далдырап бул көрүнүшкө
Туруп калдым таң калып.
Сууда сүзгөн өрдөктөргө,
Алдыртадан көз тигип.
-Башы жок деп биринин да,-
Кайттым үйгө энтигип.

-Мына сага табышмак! - деп
Койду энем санын чаап.
-Баштуу бала болсоң эми,
Бергин мунун жообун таап.
Неге башсыз өрдөктөр деп,
Ойго баттым чатышкан.
Мойнун созуп өздөрү эле
Келип калды капыстан.

Энем айтат:
- Балким, булар
Бир нерсени билгендир»
Суу астынан табышмактын
Жообун издеп жүргөндүр?..

Шаукат Галиев (Татарстан)

? 1. Чын элеби? Сен кандай дейсиң?
2. Эмнеге таң калыптыр бала?
3. Эмне үчүн энеси ага «Мына сага табышмак!» деп койду?

«Алтындын кадырын зергер билет, аспаптын кадырын чебер билет».

«Каңча кыйын болсоң да, ойлонуп туруп иш кылгын».

«Адамды сөзүнөн, малды жибинен кармайт».

«Кедейлик уят эмес, жалкоолук уят».

Түрк макалдарынан

www.bizdin.kg

БОБ

(Болгон окуя)

Кээде шаарда өрт чыгат. Ошондо балдар үйдө калып калса, аларды алып чыгуу кыйын болот. Анткени алар коркконунан үн чыгарбай жашынып калышат. Түтүндөн аларды табуу кыйын. Мындай ишке Англиянын борбору - Лондондо атайын үйрөтүлгөн иттер бар. Аларды өрт өчүргүчтөр багышат. Эгерде үй өрттөнсө, иттерди балдарды алып чыгууга жумшашат.

Ошондой иттердин бири он эки баланы өлүмдөн аман сактап калган. Анын аты Боб эле.

Бир күнү үй өрттөндү. Ал жерге өрт өчүргүчтөр келгенде, аларга бир аял чуркап жетти да, ыйлап жатып үйдө эки жашар кызы калгандыгын айтты. Бобду жиберишти. Ал тепкич менен чуркап жөнөдү. Тез эле түтүндөн көрүнбөй калды. Беш мүнөт өткөндөн кийин ал үйдөн чуркап чыкты, кызды көйнөгүнөн тиштеп көтөрүп алыптыр. Энеси кызына чуркап жетти да, анын тирүү экендигин көрүп, сүйүнгөнүнөн ыйлап жиберди. Өрт өчүргүчтөр итти эркелетип, анын бир жери күйүп калбады бекен дешип, денесин карап жатышты. Бирок Боб кайрадан үйдү көздөй жулунду. Өрт өчүргүчтөр дагы бир жандык бар экен деп ойлошту да, аны коё беришти. Ит үйгө чуркап кирди да, бат эле бир нерсени тиштеп алып кайра чыкты. Эл анын эмне алып келгендигин көргөндө, жапырт күлүп жиберишти...

Лев Толстой

? 1. Өрт болуп жатса, элдер эмнеге күлүп калышты?
2. Боб сага жактыбы? Ал кандай ит экен?
3. Өрт өчүргүч адамдар тургандыгына карабастан, эмне үчүн иттерди да үйрөтүшөт экен?

ПИЛ МЕНЕН КАНДЕК

Пилди бирөө жетелеп,
Көчө менен баратты.
Бекер элдер таңыркап,
Тегеректеп карашты.

Пилди көрүп бир кандек,
Үрүп чыкты жулунуп.
Жаны калбай безилдеп,
Алды-артына урунуп.

Балтек көрүп кандекти:
- Үнүң бүттү кыркырап,
Пил баратат кенебей,
Сен кантесиң чыркырап?

Анда кандек муну айтат:
- Үрсөм көөнүм ачылат,
Кармашпастан коркутсам деп,
От көзүмдөн чачырайт.

Көргөн иттин баарысы,
Кылганымды жактасын.
Пилге үрүп, кол салган,
Эр кандек деп мактасын!

Иван Крылов (Россия)

? 1. Кандай экен бул кандек?
2. Бул тамсилди кандай түшүндүң? Турмушта ушундай адамдар барбы?

КАНЫША

Бардык бакалар көнөкбаштардан чыккан сыяктуу эле Бака да жарык дүйнөгө келди. Көнөкбаш териси менен куйругун таштады эле, анын ордуна сулуулугу көз тайгылткан Бакажан пайда болду.

Ата-энесинин сүйүнгөнүн айтпа. Бакажан аларды тосток көк көздөрү менен карап турат. Ал эми анын үстүндөгү териси жумшак, жылмакай.

Бакалардын хоруна биринчи жолу кошулуп ырдаганда эле, Бакажандын бийик үнү ата-энесин кубанычка бөлөдү.

- Садагасы Бакажан, - деп чырылдашты алар,- сенин жөнөкөй бака эмес экениңди сыйкырчы Брекеден уктук. Байбача келип, сени кайрадан канышага айлантып, операга чакыра турган күн да келет...

Ошол күндөн баштап, Бакажан жалгыздап ырдай баштады. Күн чыккандан күн батканга чейин көк жалбыракка отуруп алып, белгилүү ариялар менен обондорду кайталап ырдай берет. Жолдоштору аны тегеректеп алып угуп, билдирбей көрө албастык да кылышат.

Ага сонун да, ал сыйкырланган каныша...

Күндөрдүн биринде Бакажан баягы жалбырагына отуруп алып ырдап жатканда, Каракунас учуп келип жанына конду. Бакажандын курбулары бет алды качып, сууга секирип түшүштү. Бакажан болсо ордунан козголгон жок.

Каракунастан коркчу мен белем! - деп ойлоду ал, - өзүм сыйкырланган болсом. Мүмкүн, мунун өзү Байбача болуп жүрбөсүн...

Узун бут Каракунас бутун бир-эки шилтеп, Бакажандын жанына келди. Саздагы бакачалар бир жагынан коркуп, бир жагынан ага кызыга карап жатышты. Бакажан болсо эчтеке болбогондой ырын уланта берди.

Каракунас анын бакылдаганын кайдыгер гана бир азга угуп турду да, анан оозун ачып, ырчыны ыр-пыры менен жутуп алды.

Саздан дым чыкпай калды.

Байкуш Бакажан! Ал өзүнүн сыйкырланбагандыгын билгенде го...

Аурелиу Бусуйок (Молдова)

С! *Брекеке* (сыйкырчы) - молдован эл жомокторундагы сыйкырчы каарман.
Байбача - байдын баласы.

www.bizdin.kg

Ария - операда ырдалган ыр.
Каракунас - турнага окшогон жаныбар.

? 1. Бакажан кантип каныша аталды?
2. Ал чыгармада кандай сүрөттөлүптүр?
3. Каракунас келгенде баары качып кетсе да, Бакажан эмне үчүн качпады?
4. Эмнеге анын ырын Каракунас суктанып укkан жок?
5. Ал өзүнүн сыйкырланбаганын билгенде эмне болмок?

! «Мектеп» басмасынан «Күн чубак» деген ат менен беш китеп чыккан. Анын биринчиси жарык көрүп, анда казак, өзбек, тажик, түрмөн жана кыргыз балдар акын-жазуучуларынын чыгармалары орун алган. Ал эми экинчи китеп грузин, азербайжан, армян балдар адабиятынан арналса, үчүнчү китеп жарыкка чыгып, андан Орусия балдар адабиятынын мыкты үлгүлөрүн окуй аласың. Украина, Белорус, Молдова акын-жазуучуларынын чыгармаларын төртүнчү китептен, литва, латыш, эстон балдар адабиятын чыккан бешинчи китептен табасың.

Аларда эң кызык чыгармалар арбын орун алган.

ДҮЙНӨДӨГҮ КЫЗЫКТАРДАН

«Тарзан» аттуу кинодо башкы каармандын ролун ойногон Жонни Вейсмюллер бала кезинде арык, анын үстүнө оорукчал болгон. Тынымсыз көнүгүүлөрдүн натыйжасында ал актёр гана эмес, атактуу спортсмендик даражага да жеткен. Тарзан - Жонни Вейсмюллер 67 жолу дүйнөлүк рекорд жаңыртып, 5 олимпиадалык медалга татыктуу болгон.

* * *

Өзүбүздүн агаларыбыз - Сүймөнкул Чокморов, Алым Ажыматов да кичинекейинде абдан оорукчал

www.bizdin.kg

болуп, төшөктө көпкө турбай жатышкан эмеспи. Тынымсыз аракеттин аркасында экөө тең спорттун чебери болду. Сүймөнкул - белгилүү актер, сүрөтчү болсо, Алым - көргөндү таң калтырган балбан. Анын кулагы менен бир чака ташты көтөргөнүн көрдүң беле?

* * *

Африкадагы суулардын жээгинде кадимки таштарды терип жутуп жүргөн крокодилди көрсөң, «бечара ачка болгон го» деп ойлойсуң. Жок, алар аны тамак ордуна эмес, өзүнүн салмагын оордотуу үчүн жутушат экен. Агымы катуу сууларда жүргөн крокодилдер терең чумкуганда агып кетпес үчүн ошентишет тура.

ЭСКИ ДУШМАН

I

Бул жолу Домино ийинине олжолуу келди. Аны тосуп ийинден 5 капкара тумшукча баш багып, шурудай болуп жылтыраган 5 жуп көз ага тигилип калды.

Ошол учурда капысынан эле жакын жерден иттин катуу үргөн үнү угулду. Селт эткен Домино жакшылап угуу үчүн дүмүргө секирип чыкты. Бул баягы эски душманынын тааныш үнү экенин жаземдебей тааныды.

Актөш бачикилерин шашылыш ийинге алып кирип кетти. Домино болсо итти карай жүгүрүп жөнөдү.

? Кызык, түлкү эмне үчүн итти карай жүгүрөт?

www.bizdin.kg

II

Гекла Доминонун артынан бүткүл күчү менен атырылып жөнөп, андан калгысы келбеди. Бирок ит көз ирмемге токтоло калды. Анткени Актөштүн жытын сезген эле. Бирок Домино бадалдан өтүмдүү баш багып, кызыктыра кыңшылап алып, Гекланы азгырып жөнөдү. Түлкү да, ит да жаш жана күчтүү эле. Алар бир саат бою чарчабастан кубалашып жүрүп отурушту. Акыры Домино жүгүргөндөн жадады да, мурдагыдай эле иттен бөлүнүп кетүүгө аракет кылды. Бирок бул жолу ал оңой-олтоң кутула албады. Гекла да бул мезгилде тажрыйбалуу куугунчу болуп калган эле. Доминонун биринчи да, экинчи да айла-амалы натыйжа бербеди. Домино ошондо Шобан дарыясынын тоодон агып чыккан жериндеги асканын жаракасындагы тайгак тар жолду эстеди.

Бул мурдатан ойлонулган беле же кокусунан болуп калдыбы белгисиз, айтор, экөө тең асканын жаракасын карай кетип баратышты, уламдан-улам ага жакындай бериштн. Түлкүнүн коюу кара териси дарыянын жээгиндеги бийик аскадан көрүнүп калды.

Домино жүгүргөнүн жайлата баштады. Гекла оор дем ала бардык күчүн топтоп, түлкүнү кууп баратты. Алар кененирээк келген чыйыр жолго жетишти. Домино улам акырындай берди, ал эми кара ит өзүнүн олжосуна жакын калгандыктан, эки эсе күч менен аракеттене баштады. Дагы бир аз бол со, түлкү колго түшө тургандай сезилди.

Чыйыр жол уламдан-улам ичкере баштады. Ит жеңишке жетишкендигинен күнөм санаган жок, дагы бир секирик-чарчаган түлкү анын тиштеринде болот...

? Эми эмне болот деп ойлойсуң?

III

Бирок митаам түлкү асканын боорундагы тар жол менен алга жыла берди. А кең көкүрөк, бакжайган Гекла анын артынан бара берип, капталы менен аскага тийип, тайгаланып учуп жөнөп, тоңкочук атып тоголонуп, таштан-ташка урунуп, төмөн зуулдап баратты. Жанчылган, канга боёлгон Гекла дарыянын муз аралашкан суусуна барып түштү.

А бийикте бул көрүнүштү беймарал байкап кара түлкү турду.

Бул тар өзөндө жайында эле коркунучтуу тездик менен аккан Шобан жазында күргүштөп шуулдаган шумдукка айланат. Эң күчтүү ит да ага түшүүгө даабас эле. Ырайымсыз жанчылган байкуш Гекла жанталашып суудан чыгууга аракет кылып жатып, алсырап калды. Алкынган суунун агымы аны бирде ыргытып, бирде ала салдырып, бирде учтуу таштарга уруп, айлампалар менен тегеретип отуруп өтө эле узак агызып барды да, жанчылып бүткөн бечара жандыкты кумдуу жээкке тээп салды.

Кийинки күнү гана Гекла эптеп-септеп аранан зорго үйүнө жете алды. Ал ушул жазда турсун, бул жылдын жайында да ууга чыга алган жок...

Эрнест Сетон-Томпсон (Канада)

? 1. Доминонун ийинге келгенин кандай элестеттиң?
2. Ал эмне үчүн итти карай чуркап жөнөптүр?
3. Домино бачикилерин, Актөштү кантип сактап калды?
4. Ал Гекладан эмнеге оңой эле ажырай албады?
5. Домино Гекладан кантип кутулду?
6. Бечара Гекла кандай абалга туш болду?
7. Гекланын абалы аскадан учуп кеткенге чейин

жана андан кийин кандай сүрөттөлүптүр? Тексттен ал жерлерди табалы!

8. Сен бул чыгарманы кандай бөлүктөргө бөлүп, аларга кандай ат коёр элең?

Канадалык жазуучу Эрнест Сетон-Томпсондун «Жаныбарлар жөнүндөгү аңгемелер» деген китеби бар. «Эски душман» аңгемеси ошол китептен алынды. Ага чейинки Доминого байланыштуу окуялар кандай кызык! Ал андан кийин дагы уланат эмеспи. Китепти бир баштан алсаң, окугуң эле келе берет. «Бактысыздык» аттуу аңгемечи! Андагы түлкүлөр менен балдардын карама-каршылыгын, күрөшүн кантип окубай коё аласың!

Бирок бир жаман жери бул китеп кыргыз тилине которула элек. Жогорку аңгеме Минск шаарынан чыккан орусчасынан которулду.

БАДЫРАҢ МЕНЕН КАПУСТА

(Немис эл жомогу)

Илгери-илгери бадыраң менен капуста ажыраш-кыс дос болушуптур. Бир күнү эки дос сууга түшкөнү өзөнгө барышат. Барар замат бадыраң ары-бери чечине салып, сууга чулп этет. А капуста болсо токсон кабат «көйнөгүнүн» улам бирин чечингиче каш карайып, күн батат. Досун сууда күтө берип, бадыраң калчылдап үшүп чыгат. Муздак суудан денеси бүт бүдүрөйүп кетет. Бадыраңдын кабыгындагы бүдүрлөр ошондон калган экен...

? 1. Кызык бекен? Жомок сага жактыбы?
2. Чын эле ошондой болгонбу?

А мүмкүн бадырандын кабыгындагы бүдүрлөр дагы башка жолдор менен пайда болгондур. Кел, экөөбүз да өзүбүздүн вариантыбызды жараталы! Ал үчүн жакшылап ойлонолу.

www.bizdin.kg

СОТ БОЛГОН КОЁН

(Тибет элинин тамсили)

Айласыз ай талаада ач карышкыр,
Жортсо да, жолу болбой ач калыптыр.
Тамтаңдап, тамак издеп ачкалыктан
Токойго үмүт менен ал барыптыр.

? Бечара ач карышкыр! Эми эмне кылса болот?

Убара, уруна албай бир да жанга,
Жер шимшип, токтой калат анда-санда.
Бир кезде «күп» деп байкуш түшүп кетти,
Атайлап мергенчилер казган аңга.
Темселеп ары кетти, бери кетти,
Тырмышты, түйшүк тартты, азап чекти.
Карышкыр кара жанын карч урса да,
Бул аңдан чыкпасына көзү жетти.

? Ага бооруң оорудубу же ырас болду деп табаладыңбы? Эми ал ачкадан өлүп калат го.

Демейде деми бийик эр кашабам,
Азыр ал аша кечти намыс-ардан.
Тиштенип, чымырканып, көздү жумуп:
- Келгиле, эл-журт барбы берчү жардам!

? Аңга түшпөсө карышкыр башкалардан жардам сурайт беле? Ал жардам сураганды уят көрсө керек ээ?

Токойдо жалгыз кулжа бара жаткан,
Үндү угуп, эмне экен деп келди чапчаң.
Ошондо карышкырдын айткан сөзү:
- Унутпайм эмгегиңди алып чыксаң!

? Ал чын айтып жатабы?

Турду да, берки-аркыны ойлоп мурда,
Жакшылык кылсамбы деп бул кургурга.
Эңкейип карышкырга карады да:
-Чыгарсам жебейсиңби? - деди кулжа.
Карышкыр жанын сабап көп карганды:
-Сени жесем бетимде кызыл барбы?!
Дегенде бою жибип кулжа досу
Кол сунуп, аны аңдан тартып алды.

? Чын эле, кулжа менен карышкыр доспу?

Жай алып, жаны тынчып эркиндикте,
Кубанып, ой кыдыртып турду биртке.
Кулжанын таттуу этин эстей калып,
Мындай деп сөз баштады карай тике:
- Качандыр кайрылышат жакын жолдош,
Сага мен ыраазымын ээ, кулжа дос?!
Сен токсуң, мен ачкамын ээн жерде,
Мындайда түшүнбөсөң жакшы болбос.

? Аны кантип түшүнүү керек? Түшүнгөндө эмне кылуу зарыл?

Кумсарып, анда кулжа мындай деди:
-Өлүмдөн эптеп алып чыктым сени.
Антыңды анда жатып айттың эле,
Эсиңде, досум, аның барбы деги?
Карышкыр анда минтип баштады кеп:
-Ант бердим, жебеймин деп айтканым эп.
Бирок да кантип эми сага тийбейм?
Оокатым, өмүр бою жегеним - эт!

? 1. Карышкырдын кылганы туурабы? Бечаранын курсагы ач эмеспи, анын үстүнө эттен башканы жей албайт эмеспи!
2. А байкуш кулжа кантмек?
3. Карышкырдын ордунда сен кандай кылат элең? Кулжанын ордунда болсоңчу?

www.bizdin.kg

Ошондо бир сур коён узун кулак,
Туурадан бара жаткан чуркап-чуркап.
Токтотту тигил экөө тең кыйкырып,
Чатакка калыс бол деп акыл сурап.

? Байкуш коён эми кандай кылат?

Арызын угуп көрүп экөөнүн тең,
Сот коён калыс болду мындай деген:
-Силердин айтканыңар баары туура,
Бирок да жалаң сөзгө аз ишенем.
Башынан болгонундай иштегиле,
Көрөйүн анык өзүн көзүм менен.
Уккан соң соттун сөзүн кантип турат,
Карышкыр аңга карай түштү кулап.
-Кана эми, адатыңча тартып ал, - деп
Кулжага куу тырмактуу колун сунат.

? Кулжанын ордунда сен кандай кылат элең?

Турду да, мындай деди адилет сот:
-Карышкыр, карыш эми, алкың токтот!
Териңди келип мерген сыйрып алсын,
Сендейге мындан башка айтарым жок.

? Кандай сот экен делдең кулак?

Азамат, адилет сот, делдең кулак,
Жүргүздү кан ичерге катуу сурак.
Ээрчитип кулжа досун алып кетти,
Эркинде ыр ырдашып, жыргап куунап.

? Тамсил сага жактыбы? Эмнеликтен?

! Тибет элинин тамсилин угуп, аны ырга салып, иштеп чыккан - Мидин Алыбаев.

www.bizdin.kg

Сен экөөбүз маанилүү бир нерсе жөнүндө сүйлөшөлүчү.

Биз өз укугубузду толук билебизби? Деги укук деген эмне? Анда мына буга көңүл бөлөлү!

БИЗДИН УКУГУБУЗ

Бир чоң шаарда кичинекей Киши жашады. Ал абдан кичинекей эле. Биздин Чыпалак баладай болсо керек го. Аныгын билген эч ким жок. Анын үйү дагы, багы дагы абдан кичине болучу.

Күндүзү ал ишке бараар эле да, кечинде короосунда ар түркүн гүлдөрдү өстүрүү менен алек болучу.

Кичинекей Кишини чоң адамдар байкачу да эмес. Көчөдө аны түртүп, тээп өтүп кете беришет. Ал эми кечирим суроо ойлоруна да келбечү. Өздөрүнүн чоң буттары менен анын жакшылап каралган багын, короосун тепсеп өтүп кете беришер эле.

- Эмне кылып жатасыңар?-деп кыйкырчу кичинекей Киши.-Этият болгулачы!..

Бирок чоң кишилер ага эч бир көңүл бурбастан, өз иштери менен кете беришчү.

Айласы кеткен кичинекей Киши ит сатып алды. Ит абдан кичинекей болгону менен үнү абдан бийик эле. Эми баары анын үйүн айланып өтүп калышты.

- Кызык!-деди кичинекей Киши, - чоң адамдар аларга үрсө гана коркушат. Жөнөкөйдө эч кимди урматтап, сыйлашпайт.

Бир жолу кичинекей Киши өзүнүн китепканасынан кичинекей китепчени таап алды. Ал «Адам укуктарынын жалпыга бирдей декларациясы» эле. Китепче кичинекей Кишиге абдан жагып калды. Анткени ал адам укуктарын билүү жана бири-бирине урмат-сый менен мамиле кылуу жөнүндөгү китеп болучу. Бирок кичинекей Киши шаардагы адамдардын кимисинен гана сурабасын,



алардын эч кимиси ал китеп жөнүндө билишпейт экен. Ал тургай Адам укуктары жөнүндө угушпаптыр.

«Чоң адамдар таң каларлыктай сабатсыз турбайбы. Муну оңдоо керек», - деп ойлоду кичинекей Киши.

Бир күнү ал шаардын борбордук аянтына колуна чоң плакат көтөрүп чыкты.

Плакаттын айланасына адамдар чогулуп калышты да, аны кичинекей Киши абдан чоң кылып жазгандыгына карабастан:

-Анда эмне деп жазылыптыр? - деп бири-биринен сурап жатышты.

-Бул сөздөр «Адам укуктарынын жалпыга бирдей декларациясынан»,-деп түшүндүрдү ал.

-Келжиректик!-деди бир семиз киши.-Адамдар кантип бирдей төрөлмөк эле? Маселен, мен төрт жа-

рым кило төрөлгөм, коңшум болсо 3 кило 100 грамм, а сенчи?..

- Уккулачы!-деди кичинекей Киши.-Бирдей төрөлөт деген сөзсүз эле бирдей өлчөмдө, бирдей салмак менен деген сөз эмес да. Же баары бирдей күчтүү же бирдей сулуу дегендик эмес. Бирдей төрөлөт дегендик, демек, АДАМ БОЛУП ТӨРӨЛҮҮ. Кичинекей жана жылаңач төрөлүү. Эч ким жарык дүйнөгө портфелин колуна кармаган министр болуп же погонун тагынган генерал болуп жаралбайт эмеспи!

- Аныңа да мейли дейли, -деди семиз киши.- Эмне үчүн мен баарына бир туугандардай мамиле кылышым керек? Мен бир үй-бүлөдөгү жалгыз бала болучумун. Менин бир туугандарым болгон эмес.

- Мен да бир үй-бүлөдөгү жалгыз бала болучумун. Бирок биз баарыбыз адамдарбыз да. Демек, акылыбыз, жаралышыбыз боюнча бир тууганбыз да. Анын үстүнө бири-бирибиз менен онунчу, мүмкүн жүзүнчү атадан кошулабыз да.

Тургандардын баары чурулдашып, бири-бирине кандай туугандык жайлары бар экендигин аныктай башташты.

Көпчүлүк шаардыктар өз ара таанышышып, бири-бирин туугандык байланышы боюнча конокко чакырып жатышты.

А кичинекей Киши плакатын жыйнап, көңүлү жайдары үйүн карай жөнөдү...

? 1. Адам укугу дегенди кандай түшүндүң?
2. Кичинекей Киши кандай адам экен?
3. «Адам адамга бир тууган» дегенди кандай түшүнсөк болот?
4. «Бардык адамдар бирдей» дегенди кандай түшүндүң?

www.bizdin.kg

Бул китеп өзүң күбө болгондой, абдан кызык жазылган. Декларациянын ар бир жобосу кызыктуу окуялар менен коштолот. Маселен, биз окугандан кийинки окуя «БАШКА АДАМДЫ ТААРЫНТУУГА, ШЫЛДЫҢДООГО ЖАНА ЫРАЙЫМСЫЗДЫК МЕНЕН ЖАЗАЛООГО ЭЧ КИМДИН АКЫСЫ ЖОК» деген жобого арналган. Баарынан кызыгы - мында кичинекей Кишиге анын кичинекей итинин жардамга келгени.

Китепте жоболор улам кызыктуу окуялар аркылуу улана берет. Бул жоболор дүйнөдөгү бардык адамдарга бирдей

Ошондуктан ал - «АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫГА БИРДЕЙ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ» деп аталат.

Декларациядагы жоболорго байланыштуу түркүн окуяларды ойлоп таап, кызыктуу китеп катары жазып чыккан - Андрей Усачев, анын сүрөтүн тарткан - Вадим Меджибовский. Бирок бул китеп орус тилинде, али кыргызчага которула элек. Ал Москва шаарындагы «Ангстрем» басмасынан 1992-жылы жарык көргөн.

Бөлүм боюнча суроолор

1. Дүйнө элдеринин балдар чыгармалары кандай экен? Алар сага жактыбы?
2. Түрдүү элдердин балдар чыгармаларынын ортосунда кандай окшоштук, жакындык жагы бар экен? Кандай айырмачылыктарды байкадың?
3. Бөлүмдөгү кайсы чыгарма сага абдан жакты?
4. «Биз - өмүрдүн гүлүбүз» деген кайсы чыгармада эле? Ал чыгармада биз деп кимдерди айтып жатат?
5. Бул бөлүмгө кирбей калган башка элдердин дагы кандай чыгармаларын билесиң?
6. Дүйнө элдери дегенди кандай түшүндүң?

www.bizdin.kg

ТАБЫШМАКТАРДЫН ЖООПТОРУ

11-б. Короз, карта, үкү, тотукуш, жарганат.
25-б. Арча.
26-б. Боз үй, камчы.
41-42-б. Жылдыз, ай, уй, кой, жылкы, чегиртке.
48-б. Китеп, телевизор, радио, телефон.
89-б. Көгүчкөн, торгой, булбул.
123-б. Чабалекей.
159-б. Балык, казан.
160-б. Мөндүр, коён, паровоз, шахмат, экскаватор, ручка, чана.
161-б. Тракторист, аракеч.
179-б. Ош, Кара-Балта, жөргөмүш, күн.

МАЗМУНУ

Даңктана бер, Мекеним! 3
Жеribиздин, элибиздин, тилибиздин байлыгы 31
Күлкү бар жерде - өмүр бар 65
Менин дүйнөм 80
Ойлонолу, издейли! 111
Элибиздин улуу инсандары 126
Бабалардан калган сөз 138
Кыргыз балдар акын-жазуучулары 176
Ой, фантастика! 193
Дүйнө элдеринин балдар чыгармалары 208

ОКУУ КИТЕБИ

Токтомаметов Алмазбек Даткабекович
АДАБИЙ ОКУУ
4класс үчүн окуу китеби
Кайрадан иштелип, 4-басылышы

Редактору *Б.Субанова.*
Корректору *Б.Субанова.*
Сүрөт редактору *К. Коёналиев.*
Тех. редактору *К.Төрөкулов.*
Мукабасын иштеп чыккан *М.Султанов.*
Компьютердик калыпка салган *С.Урмукеев.*

Терүүгө 01.06.14 берилди. Басууга 01. 07. 14-кол коюлду.
Кагаздын форматы 70x90 1/16. Офсет кагазы.
Көлөмү 15 б.т. Заказ № 175
Нускасы 2000.

«Полиграфбумресурсы» ЖЧК басмаканасында басынды.
Бишкек шаары. 720011, Сүйүнбаев көчөсү 144/23
Тел.: +996 312 43-20-75, +996 312 43-19-51

www.bizdin.kg